63.3(2=Ки)кыр
Т 30



"ТАРЫХ ЖАНА МУРАС"
ТҮРМӨГҮ

Текке кетпес өмүр бар

Тарыхчы, профессор Бектемир Жумабаевдин
(1960 - 2014)
жаркын элесине



Бишкек – 2014

УДК 94(47)
ББК 63.3 (2Ки)
Т 30

Редколлегия: Т. К.Чоротегин (төрага), А. Эркебаев, М. А. Карыбаева, Н. Кадырбеков, А. Аширалиев, В. Я. Бутанаев, Ю. С. Худяков, А. Беделбаев, Т. А. Абдрахманов, К. С. Молдокасымов, А. Акунов, А. А. Асанканов, Ш. Ж. Батырбаева, А. Р. Бикбулатова, Ж. А. Бокоев, Т. Кененсариев, М. Ч. Кожобеков, О. К. Каратаев, А. К. Кылычев, Э. Ж. Маанаев, М. Мамбетакун, Т. Н. Өмүрбеков, С. Раев, К. Ш. Табалдиев, А. Т. Кушубеков, А. Маматкаимов, Ж. Абдиев, М. Миталипова, Л. Жумабаева, А. Орунбаев, М. С. Төрөев, Т. Б. Шейшеканов, Э. Б. Шаннанова.

Текке кетпес өмүр бар: тарыхчы, профессор Бектемир Жумабаевдин (1960-2014) жаркын элесине: макалалар жыйнагы / Редколлегия: Т. К. Чоротегин (төрага), А. Эркебаев, ж. б. – Бишкек: "Maxprint" басмасы, 2014. – 188 + viii б., сүрөт. - "Мурас" фонду. - ["Тарых жана мурас" түрмөгү].

ISBN 978-9967-12-455-4

Китепте кыргыз элинин заманбап тарыхчысы, тарых илимдеринин доктору, профессор Бектемир Миталип уулу Жумабаевдин (14.06.1960 - 16.01.2014) жаркын элесине арналган эскерүүлөр, сүрөттөр жана маркумдун айрым макалалары камтылды. Ал Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин деканы (2008-2014), тарых илимдеринин доктору, "Кыргыз Тарых Коому" эл аралык коомдук бирикмесинин вице-президенти (2012-2014), Чоң Алай районунун ардактуу атуулу болгон.

Китеп кыргыз таануучуларга, тарыхчыларга, чыгыш таануучуларга, ошондой эле кыргыз элинин илимпоз инсандарынын өмүрүн изилдөөгө кызыккан бардык окурмандарга арналат.

Т 0503020911-14

ISBN 978-9967-12-455-4

УДК 94(47)
ББК 63.3 (2Ки)

© "Мурас" фонду, 2014

Бектемир Миталип уулу Жумабаев



(14.06.1960 - 16.01.2014)







АЛГЫ СӨЗ

Чоротегин Т. К.,
Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратына
караштуу "Мурас" фондунун Башкармалыгынын
төрагасы,
"Кыргыз Тарых Коому" эл аралык коомдук
бирикмесинин президенти,
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун профессору,
тарых илимдеринин доктору

БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВ (1960 – 2014): ШООЛАСЫН ЧАЧКАН ЗАМАНБАП ТАРЫХЧЫНЫ ЭСКЕРҮҮ

Ыраматылык досубуз Бектемир Миталип (Абдумиталип) уулу Жумабаев (14.06.1960 - 16.01.2014) - заманбап кыргыз тарыхчыларынын бири болгон (ушул өткөн чакты туюнткан "болгон" сөзүн кошуу канчалык оор болсо да, жазмышка баш ийип, аргасыздан бул алты ариптен турган сөздү сүйлөмгө байлоого аргасызбыз).

Жылдыз өлбөйт...

Жарык дүйнө деген ушул тура. Таң да атат, күндүзгү тирилик аракеттер да өтөт. Күүгүм да кирет... Келээрки таңды көрүү үчүн кайрадан түнгө камынмай...

Ошол 2014-жылдын Үчтүн айынын (январынын) башындагы күндөр да демейдегидей уланып жатты. Ар ким өзүнүн пенделик түйшүгү менен алек. Ара-чолодо убакыт таап, улуттук ооруканага келип, бештин айынын (декабрдын) этегинде тайгаланып жыгылып, ооруканага жеткирилген Бекебиздин акыбалын сурап кайтып жаттык. Бектемирдин жары Эркингүл Бекмамат кызы Шаннанова өмүрлүк

жолдошунун акыбалын сурап келгендерге ыраазы болуп, өзүнүн көөдөнүн эзген уйгу-туйгу ойлорду кубалоого аракет кылып жатты.

Кыяс, Алымбек, Жээнбек, Абалкан жана башка достору, тели-теңтуштары, классташтары, курсташтары, жердештери, тээ Казакстандан бери келген аспиранттары жана башка шакирттери, урматын билдирип келген жашы улуу кесиптештери, Эгемберди Маанаев сыяктуу устаттары, айтор, Бектемирди эч бир жамандыкка ыраа көрбөй турган замандаштары улам ооруканага кирип акыбалын сурап жатышты.

Нейрохирург, академик Миталип Мамытов менен Кыяс сүйлөшүп турду. Эл аксакалы болгон дарыгердин ар бир сөзүнө үмүт артып, Бектемир да, башкаларыбыз да жамандыкты оюбузга жолоткон жокпуз. Бектемир өмүрү үчүн өзүнчө күрөшүп жатты. Күнү-түнү жанынан чыкпаган жубайы Эркингүл андан бетер салгылашып жатты.

Бектемирдин ошол күндөрдөгү жайдарылыгын, турмушка мамилесин көргөн далай замандаштары аны тек гана сокур ичегисин алдырганы келген, мына эртең эле ооруканадан кайра жумушуна чыгып кете турган кишидей кабыл алган болушу мүмкүн эле. Себеби өзүнүн жайын сурап келгендерден кайра алардын акыбалын сурап, тамаша сөзүн айтып, күлүп же жылмайып, башынан өткөргөн айрым азил кептерден таштап, айтор, келгендердин өздөрүнүн кайратын бүлө таштай курчутуп жатты.

Олуттуу операция артта калган соң, аны өзгөчө тынч бөлмөгө (палата) калтырып, бир нече күн бою тышкаркы дүйнө менен байланышты кырка туруу керек эле. Бирок Улуттук оорукананын нейрохирургия бөлүмүндө андай мүмкүнчүлүктөр таптакыр жок экендиги мени абдан кейитти. Бектемирге ал-жайын сурап келгендердин айрымдарын Эркингүлдүн өтүнүчү менен тез эле учурашып чыгып кетүүгө чакырганым эсимде. Атаганат, Европада болгондо олуттуу

операцияны жаңыдан баштан кечирген бейтаптар тим эле аскердик тартиптегидей ичинен бекитилген, жымжырт, тынч бөлмөдө тыңып кеткиче апталап жатпайт беле...

Канааттанганыбыз – "операция ийгиликтүү өттү" деген ой болду. Бирок дагы бир шашылыш операция керектигине айрым дарыгер адистер ишаара кылышты...

Бекебиз өзүнүн саламаттыгынын акыбалын тактап сурап келген ар кыл дарыгерлер менен кантип баарлашканын кийин бизге айтып күлдүргөн. Анын сол колу өтө жай кыймылдап жатканынан чочулап, аны текшерүү үчүн бир дарыгер Бекебизден сураган экен:

- *Эки жерде эки канча болот, айтыңызчы? – деди. Мен:* "Беш болот", - деп мыйыгымдан жылмайып койдум, - деди Беке.

- А тигил дарыгер айым ал жообуна эмне деди?

- Мындай юмор менен жооп бердиңиз, акыл-эсиңиз жайында эле экен! – деп Бекебиз күлдүргөн эле.

"Эми Бекебиз акырындап сакайып кетет ко", - деген ишенимден эч айрылгыбыз келген жок. Бир дарыгер айым Кыясты ары чакырып алып, Эркингүлгө угузбай, томсортчудай кепти айтты. Анда да жамандыкка кыйгыбыз келбеди. Хирург агай болсо бир аз күтө туруу керектигин айтты.

Үчтүн айынын 16сына оогон түндүн сааттары... Алдырарда жаздырчу учур да келди... Бектемирдин жан достору мага да түн бир оокумда чалышып, суук кабар угузушту. Капысынан дагы бир инсульттук сокку болуп, Бекебиз түбөлүк барчу тарапка кете берген экен...

Бектемирдин кыздары Асел менен Айдайга, көкүрөк күчүк уулу – Жебеге кыргыздын "атаң өлсө өлсүн, атаңды көргөн өлбөсүн" деген накыл сөзүн дагы бир жолу кайталап айткым келет.

Достору Кыяс, Алымбек, Жээнбек, Абалкан, ини досторунан Акматбек, Олжобай, чогуу иштеген

археологиялык маалыматтарды иликтемек. Балким, СССР ИАсынын Сибирь бөлүмүнө (Новосибирск шаарына) аспирантурага бармак (өзүнө багыныңкы болбогон себептерден улам ыраматылык Бектемир баса албай калган дал ушул чыйыр жолду кийинчерээк археолог, профессор, 1989-жылдан берки үзөңгүлөшүбүз Кубатбек Шакий уулу Табалдыев басып, Юлий Сергеевичтин туңгуч кыргыз аспиранты болуп калды).

Бирок Мидил Жамгырчинов агай кафедра жетекчиси кызматынан кетип, жагдай өзгөрдү да, Бекебиз бул кафедрадан сыртта калды. Башка кызматтарда иштеп жүрдү.

Мен ал убакта, 1983-88-жылдары, Ташкенде Өзбекстан ИАсынын Чыгыш таануу институтунда стажировкада жана аспиантурада окуп жаткан элем.

Акыры Бектемир илимий темасын өзгөртүүгө мажбур болуп, XIX кылымдын ичи - XX кылымдын башындагы Кыргызстандагы жана жалпы Борбордук Азиядагы тарыхый доор жана анын тарыхнаамасы менен байланыштуу илимий иликтөө жүргүзө баштады.

1986-жылы жазында Бектемир Жумабаев менен Эркингүл Бекмамат кызы Шаннанова баш кошушкан. Эркингүлдүн атасы – жоош уругунан. Анын чоң атасы Шаннандын бир тууган агасы – Моно ажы. Дал ушул кишинин уулу – айтылуу кытайлык кыргыз генералы Ысакбек Монуев.

1988-1996-жж. Бектемир Жусуп Баласагын атындагы КУУнун тарых факультетинде окутуучу, ага окутуучу жана доцент болуп иштеди.

Бектемир 1988-жылдан тартып Кыргызстанга байма-бай каттай баштаган хакас элинин чыгаан этнографы, профессор Астайбек (Виктор Яковлевич) Бутанаев менен да тыгыз байланышта болду.

1994-жылы Бектемир Жумабаев Кыргыз Республикасынын УИАсынын тарых институтунда кандидаттык диссертациясын коргоду. Анын илимий

жетекчиси – маркум профессор Кушбек Үсөнбаев болчу. 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүш тарыхы боюнча чыгаан адис, калыс жана терең билимдүү Кушбек агайдын илимий жетекчилиги Бектемир үчүн бүткүл өмүрүнө шоола чачкан айдындык жарык сыяктуу эле болгон.

1996-2001-жж. Бектемир Жумабаев Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде депутаттын жардамчысы, консультант, эксперт, бөлүм башчысы сыяктуу кызматтарды аркалады. Ошол эле кезеңде XIX кылымдын ичи - XX кылымдын башындагы падышалык Орусия жана Улуу Британия сыяктуу бири бири менен тынымсыз атаандашкан улуу дөөлөттөрдүн жалпы Борбордук Азия аймагындагы өз таасирин орнотуу үчүн күрөшүн иликтеп жатты. Бул изилдөөсүн 2001-2008-жж. Эшенаалы Арабаев атындагы Кыргыз педагогикалык университетинде Чыгыш тилдери жана маданияты институтунун директору болуп иштеп турган чагында да улантты.

2008-жылдын соңунан тартып Бектемир Жумабаев Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин деканы болуп иштеп, өмүрү өткөнчө ушул кызматты аркалады. 2010-жылы доктордук диссертациясын ийгиликтүү коргоду (анын авторефератына илимий пикиримди Прага шаарынан 2010-жылы тогуздун айында – октябрда Гүлайым Ашакеева аркылуу жөнөткөн элем).

Бектемирдин профессордук наамы 2013-жылдын бештин айында ЖАК тарабынан тастыкталды, 2014-жылы үчтүн айында (январда) колуна тиймек болчу...

Илимий мурасы.

Профессор, тарых илимдеринин доктору Бектемир Жумабаев Кыргызстандын жана Борбордук Азиянын, анын ичинде Памир менен Чыгыш Теңир-Тоонун тарыхы боюнча 7 китеп, 100дөн ашуун илимий, илимий-жамаагаттык жана башка макалаларды жарыялады. Мезгилдүү басма сөздө жана

эл аралык жана жумурияттык маалымат каражаттарында анын ондогон маеги обого чыкты жана интернетте жарыяланды.

Анын китептеринин арасында тарыхый даректерге таянып жазган оригиналдуу монографиялары (маселен: Жумабаев Б. М. Южный Кыргызстан глазами российских путешественников (вторая половина XIX - нач. XX вв.) / Отв. ред. член-корр НАН КР, проф. К. У. Усенбаев; ред. В. Я. Галицкий. – Бишкек: Гос. дирекция «Ош-3000» при Правительстве КР, 1999. – 133 с. – (Посвящается 3000-летию города Ош). - ISBN 9967-20-078-2; (орус тилиндеги эмгек; кыргызча аталышы – "Түштүк Кыргызстан орусиялык саякатчылардын көзү менен: (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы)"; Жумабаев Б. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш / Жооптуу ред. Э. Ж. Маанаев. – Бишкек: Учкун, 2009. – 192 бет. – ISBN 978-9967-02-583-7.) пост-советтик Кыргызстандын тарых илиминде жаңы нук ачкан илимий чыгармалардын тизмесинен орун алды.

Тарыхчы Бектемир Жумабаевдин айрым олуттуу макалалары "Кыргыздар" көп томдугу сыяктуу жыйнактарда (маселен: Жумабаев Б. Батыштан Азиянын жүрөгүнө чейин // Кыргыздар / Түзгөн Кеңеш Жусупов. – Бишкек, 2003. – Т. 5. – 289-298-бб.), журналдарда, альманахтарда, илимий жыйындардын материалдарынын топтомдорунда кыргыз, орус жана башка тилдерде жарык көрдү.

Бектемир Жумабаев кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхына арналган жети томдук илимий-жамаагаттык тарых китебин жазуу боюнча биз жетектеген коомдук чыгармачыл долбоордун негизги авторлорунун жана анын 5-томунун редакторлорунун бири болчу.

Бектемир Жумабаев Кыргызстандан гана эмес, Казакстан жана Тажикстандан келген жаш окумуштуулардын диссертациялык эмгектерине да илимий жетекчилик кылды.

Педагогдук жана коомдук ишмердиги.

Бектемир Жумабаев пост-советтик Кыргызстанда жаңы кез караштуу туткан тарыхчылар менен чыгыш таануучулардын муунун калыптандырууга жекече салымын кошту.

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин деканы (2008-2014) кызматынан тышкары, ал "Кыргыз Тарых Коому" (КТК) эл аралык коомдук бирикмесинин (2012-жылдын 11-февралынан тартып) вице-президенти катары албан коомдук иш-чаралар уюштурду. Мурдагы Кыргызстан жаш тарыхчылар жамаатынын (1989-1995) жана Кыргызстан тарыхчылар коомунун (1995-2011) мураскору болгон бул уюмду кайрадан уюштуруу камылгаларын көргөн кезибизде Бектемирдин декандык кабинетинде жыйындар өткөргөн элек.

Бектемирдин жандуу катышуусу менен Бишкек, Ош, Жалал-Абат жана башка шаарларда тарыхчылардын эл аралык жана жумурияттык илимий жыйындары, коомдук жолугушуулары, тегерек үстөл баарлашуулары, шеринелери өткөрүлдү.

XX кылымдагы кыргыздын чыгаан инсандарынын бири, генерал Ысакбек Монуй уулунун мааракесине байланыштуу илимий иш-чараларды жүзөгө ашырууда Бектемир Жумабаев "Кыргыз Тарых Коому" ЭКБсынын вице-президенти жана КУУнун тарых жана чөлкөм таануу факультетинин деканы катары өзгөчө жигердүү салым кошту.

Бектемир Жумабаев кыргызстандык, түркиялык жана башка тарыхчылардын Бурса шаарындагы эл аралык илимий симпозиумуна ("Байыртадан бүгүнкүгө чейинки кыргыз-түрк мамилелери I эл аралык симпозиуму; түркчө аталышы - I. Uluslararasi Geçmişten Günümüze Kirgiz--Türk İlişkileri Sempozyumu) да жигердүү катышты (бугу айынын 3-4ү, 2013-ж.).

Тарыхчы Бектемир Жумабаев Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Кыргызстандагы тарых илимин өнүктүрүү боюнча комиссиянын жана коомдук "Мурас" фондунун илимий жана башка коомдук иш-чараларына ырааттуу катышып, КУУнун тарых жана чөлкөм таануу факультетинин деканы катары олуттуу уюштуруучулук көмөгүн көрсөтүп келди.

Педагогдук үзүрдүү эмгеги үчүн Бектемир Жумабаевге "Кыргызстандын Билим берүүсүнүн мыктысы (отличниги)" төшбелгиси ыйгарылган. Ал "Чоң Алай районунун ардактуу атуулу" наамын да алган.

Инсандык бейнеси.

Тарыхчылар арасында анын кадыр-баркы чоң эле. Ал кишилерди кызматтык абалына карап бөлбөгөн, адамга мамилеси бир калыпта болгон, адамгерчилик сапаттары бийик инсан болчу. Ошондуктан ага жаш адистер да, карыялар да бирдей тартылып, андан кеп-кеңеш суроодон жазганышчу эмес.

Өзү эч качан кошомат кылчу эмес. Адабиятчы, мурдагы парламент спикери Абдыганы Эркебаев мырза эскергендей, Бектемир "Сиздин автоунаанын эшигин чуркап барып ача тургандай көшөкөрлөнүп кызмат көрсөтө албайт экенмин" деп ачык айтып, "жылуу-жумшак" аткаминерлик ордунан өз арызы менен башка ишке которулуп кеткен экен.

Бектемирдин аргендей доошу факультеттин отуруштарында жана дос-тамырлардын тойлорунда жаңырбаган учур болчу эмес. Студенттер суранышса да, алардын алдында эч бой көтөрбөстөн ырдап берчү.

Кудай жалгап, 2013-жылы бугу айынын 30унда Жусуп Баласагын атындагы КУУнун 80 жылдык маараксси белгиленгенде ал Кыргыз филармониясынын чоң концерт залында чыгып, бир нече номур аткарды. Дал ошол көз ирмемдерди сүрөткө тартып алып, "Кыргыз Тарых Коому" эл аралык коомдук бирикмесинин Фейсбуктагы барагына

жарыялаган элем. Ыраматылык Бектемир өзү бул сүрөттөрдү жайгаштырганыма ыраазы болгону эсимде.

Бектемир жакынын, кесиптешин, досун колунун келишинче колдогон киши эле. Ал колу ачык, жаракөр болчу. Бирөөнүн кайгырганын көрсө, жубата билчү. Бирөөнүн кубанычын көрсө, чогуу кубана билчү.

Анын мыкты касиеттеринин бири – тар жердешчилдикке алдырбай, кесиптештерине тең жана калыс карагандыгы эле.

Ошол эле учурда ал Атажурттун өзү туулуп-өскөн бурчу – Чоң Алайды да аздектеп, өмүрүнүн соңундагы автордошуп жазган китептердин биринде бул чөлкөм тууралуу атайын макала жарыялаган (Караңыз: Жумабаев Б. М. Чоң Алайдын кыскача тарыхы // Чоң Алайдан чоң ааламга: Тарых, фольклор, адабият, маданият боюнча илимий-популярдуу жыйнак / Түзүүчүлөр жана авторлор Бектемир Жумабаев, Памирбек Казыбаев, Акматбек Маматкаимов. – Бишкек: Маданият, 2012. – 240 б. - ISBN 978-9967-26-864-7. – Б. 15-30.).

Аны менен чогуу бул китепти түзгөн калемдештеринин бири - публицист Памирбек Казыбаев жаш кезинде өз жары Мистегүл Махмутбекова эжеке менен бирге Чоң Алайда иштеп, бул чөлкөмдүн керемет табийгатына ашык болгон экен. Ал эми дагы бир калемдеши Акматбек Маматкаимов болсо – Бектемирдин ишенимдүү үкөсү, тарых илимдеринин кандидаты. Ал да Чоң Алайдын кулуну.

Ушул жаңыча көз карашта түзүлгөн китепте мурда бир жыйнакта эч качан жолукпай тургандай мол маалымат камтылган экен. Маселен, мында жазуучу Георгий Павлович Тушкан (1912-1967) тууралуу кызыктуу кабар бар. Чоң Алай өрөөнү учурунда Георгий Тушкан жазган "Жоро" ("Джура") романы жана ага байланыштуу көркөм тасма аркылуу кеңири калайыкка дайын болгон. Албетте, бул роман идеологиялык чектөөлөрдөн улам эгемендик жана эл руху үчүн күрөш жүргүзгөн чоң-алайлык далай баатырларды жана карапайым

атуулдарды терс каарман катары сыпаттаганы менен, өрөөндүн ажайыптыгын, элинин кажыбас кайратын, бир мүнөз мыкты сапаттарын чагылдырган.

Ушул өрөөндөн чыккан молдо Ысманаалы деген ырчынын азганактай сакталган чыгармалары, маселен, кыргыздын совет коомунда "басмачы" катары жерилген тобунун өкүлүнүн ички уйгу-туйгусун, дүйнөгө мамилесин чагылдырган. Анын ырларынын совет бийлигине каршы маанай камтылган саптары да Бектемир жана анын калемдештери түзгөн "Чоң Алайдан чоң ааламга" китебине сыйдырылган экен. Тарыхый окуяларга карата бул калыс мамиледен улам да Бектемирдин Чоң-Алайдагы ата-бабалардын мурасын саясий багытына карабастан бапестеп иликтеген окумуштуулук тегиздигин көрө алабыз (албетте, анын калемдештерине да алкыш).

Эгерде өзү катачылык кетирип койсо, Бектемир ак дилден бушайман болчу. Ичине жамандык катпаган кишини, албетте, катасы үчүн кечирүү да жеңил эмеспи. Бул жагдайда ага өзүнө таандык жумшак юмору да жардам берчү.

Эстутум

Бектемир Миталип уулу Жумабаев көзү өткөн күндөн тартып анын үй-бүлөсүнө жана үзөңгүлөштөрүнө терең кайгыруу менен көңүл айткан каттар дүйнөнүн чар тарабынан келип жатты.

Фейсбук (FaceBook), электрондук почтоо аркылуу да эскерүүлөр келди. Мындай көңүл айтуу каттарын жибергендердин жана көңүл айткан пикирлерин жазгандардын арасында Юлий Худяков (Новосибирск), Астай Бутанаев (Абакан), Мамбеттурду Мамбетакун (Үрүмчү), Гүлзура Жумакунова (Анкара), Арслан Капай уулу (Лондон), Венера Сагындык кызы (Прага) ж.б. болду.

Расмий эстутум (некролог) катка кол койгондордун арасында 2014-жылдын башындагы Кыргыз Өкмөтүнүн вице-

премьери К. Талиева, Кыргыз Республикасынын УИАсынын президенти А. Эркебаев ж.б. болду.

Маркум Бектемирдин өзү туулуп-өскөн айылда анын ысымын ала турган чөлкөм таануу ажайыпканасын (музей) куруу жана көчөлөрдүн бирине анын атын берүү демилгеси көтөрүлдү. Бул маанилүү демилге үчүн анын жердештерин өзгөчө алкагыбыз келет.

Ал эми 2014-жылдын бештин айынын (декабрынын) 24үндө ыраматылык Бектемирди эскерүү жыйыны Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Тарых жана чөлкөм таануу факультетинде өткөрүлмөкчү. Буга да терең шүгүрчүлүк айтабыз.

Эр ортону элүүдөн жаңы гана ашып, 54кө караган чагында дүйнөдөн мезгилсиз өткөн мээнеткеч тарыхчы, педагог ишмер, илимий насаатчы, бүлөсүнүн айкөл атасы Бектемир Миталип уулу Жумабаевдин жаркын элеси анын мекендештеринин жүрөгүндө түбөлүк калмакчы. Анын илимий мурасы жаш илимпоздорду тарых илиминин татаал жана чийеленишкен көйгөйлөрүн жалтанбастан иликтөөгө чакырган өрнөк болуп калаары шексиз.

Эркебаев А.,
Кыргыз Республикасынын
Улуттук илимдер академиясынын президенти,
академик, фил. и. д., профессор

АЙКӨЛ ЖИГИТ ЭЛЕ...

Ардактуу агайын-туугандар, Улуттук университеттин урматтуу жамааты!

Биз үчүн күтүлбөгөн жоготуу болду - бирибиз үчүн тууган, бирибиз үчүн жолдош, бирибиз үчүн кесиптеш болгон Бектемир Миталипович Жумабаевден айрылып

22829

калдык. Бекем баралына толуп, коомдук жана саясий, өзгөчө кесиптик жаңы статуска жетишип, үй-бүлөсү менен өзүн эми кичине көтөрүп, толуп турган кези эле.

Мен аны бала кезимде көргөн-билген жокмун, бир жерден болсок дагы. Бирок, 1975-жылы университетти бүтүрүп, Кыргызстан комсомолунун борбордук комитетинде иштеп жүргөн кезимде апасы жетелеп барып, тааныштырып, айтты эле: "Балам, Бектемирди жаныңа алып, агалык кылып колдоп жүр" деп.

Бектемир бир чети оңой көрүнгөнү менен, ар кандай мүнөздөрдү, сапаттарды өзүнө сиңирген татаал жигит болчу. Абдан шыктуу, таланттуу, мукамдуу коңур үнү бар эле. Тамашага да бар болчу, жакшы күлчү. Жан дүйнөсү салмактуу, оор басырыктуу, туруктуу, эч кимге жамандык каалабаган, колунан келсе жардамын аябаган айкөл жигит эле.

Ал илим жолуна да эрте кызыккан. Убагында археологияга көз артып, кыргыздын ушул тармактагы алгачкы адистеринин бири Ысман Кожомбердиевди коштоп жүрдү. Кийин ал киши дүйнө салган соң этнография, XIX кылымдагы Памир-Алай тарыхына арбалып, адегенде орус саякатчыларынын эмгектерин иликтеп, кийин жалпы эле Памир тегерегиндеги Россия-Англиянын геосаясатын изилдеп, докторлук иш коргоду.

Университеттин тарых факультетине жетекчи болуп, жаңыдан гана профессордук наам алганда үй-бүлөсүн, жакындарын, жамаатын, тарыхчы дос-пикирлештерин таштап кетип жатат.

Мен үчүн бир боор, жакын болгон Бектемирдин жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун дейм.

(Маркум Бектемир Жумабаевди акыркы сапарга узатуу маалындагы сөз. Жусуп Баласагын атындагы КУУнун башкы имараты. 18.01.2014).

Аширалиев А.,
Чоң-Алай райондук мамлекеттик
администрациясынын башчысы – аким;

Мизамов Ф.,
Чоң-Алай райондук мамлекеттик
администрациясынын аппарат жетекчиси

АР ДАЙЫМ ЭЛЕСИ ЖҮРӨГҮБҮЗДӨ

Тээ алмустактан адам коому жаралганы жамандык менен жакшылык, кайгы менен кубаныч теңтайлаша коштоп келгени айныгыс чындык экени талашсыз. Болбосо кэчээ эле арабызда жүргөн жакын, жан досубуз, балалыктын асыл курагын бирге өткөргөн, бирге өсүп чоңойгон адамыбыздан минтип айрылып каларыбызды ким ойлоптур. Мындан бир жыл илгери кыргыздын чыгаан уулдарынын бири, илим чөйрөсүндө өзүнүн ат көтөргүс эмгеги бар чоң инсан Бектемир Жумабаев бул дүйнө менен капысынан коштошуп, шум ажал аны колдон жулуп кетпедиби. Бул биз үчүн да чоң орду толгус жоготуу болду, арга жок тагдыр деген, жазмыш деген ушул экен, ордун таппай сыйпалап отуруп калдык. Бул биз үчүн тоо кулагандай эле болду.

Ананчы, бүтүн Чоң-Алай элинин сыймыктуу уулу болгон Бектемирдин күтүүсүз каза болгону баарыбызды кайгыга салып кетпедиби. Ичинде кири жок, кабагым кашым дебей жаркылдаган жан досубуз, баардыгына бирдей караган жан эле. Эч кимге катуу айтпаган, колдон келсе бардык жардамын жан адамдан аябаган айкөл жан эле. Өзү борбордо жашап, иштеп жатса да кичи мекени Чоң-Алай дегенде ичкен ашын жерге койгон, элим, жерим деген анык патриот инсан эле. Өзүнүн туулуп өскөн Чоң-Алайынын жакшы жаманына күйүп, бышып ар бир келген сайын сагынычын таркатып анан кетээр эле.

Бизге өзүнүн балалыгын, бирге өткөргөн күндөрүн айтып чер жазыша кубанып калар эле. Өзүнүн акыркы мезгилдеги жетишкендиктерин, илим чөйрөсүндөгү аткара турган келечектеги максаттарынан кеп салар эле. Биз да досубуздан акыркы изги ийгиликтерине кубанып, келечекте көпчү үмүттөнгөн элек. Алыста турса да биз менен байланышы үзүлчү эмес. Баягыдай эле бажырая каткырган күлкүсүн сагынып калар элек.

Эми минтип опол тоодой орошон досубуздун ордун таппай отуруп калдык.

Эмне дейбиз, жараткан өзү сүйгөн пендесин өзү алат экен. Жакшынын өмүрү кыска дейт. Кансе да жаш кетти, али алдыда чоң иштер бар эле. Өзү да көп максаттары бар экенин айтып калчу. Мезгил деген, жашоо деген ушул экен. Жашоо токтобойт. Бардык нерсе мезгилдин агымы менен кете берет экен. Бир гана жакшы адамдын, анын жасаган эмгеги, жаркын элеси эсте калат турбайбы. Ушунусуна тообо, биздин досубуз Бектемирдин да элеси эсибизде калат. Ал биз үчүн баякысындай эле тирүү, жаркылдап жайнап арабызда бирге жүргүндөй.

Өзү аз жашаса да саз жашады. Артында атан төөгө ылайык эмгеги калды балдары, үй-бүлөсү калды. Ушунусуна канимет. Бектемирдин жаркын элеси эмгектеринде түбөлүк каларына, ал эми биз достору, жердештери анын жаркын элесин эсибизден чыгарбай сактай турганыбыз чындык.

Жаткан жериң жайлуу болсун. Жан досубуз Бектемир. Биз сени унутпайбыз!

Абдиев Ж.,
И. Арабаев атындагы
КМУнун окутуучусу

БЕКТЕМИР ЧЫНЫГЫ АСЫЛ ДОС ЭЛЕ

Мен бул жашоодо көптөгөн адамдарды көрдүм, нечендеген жолдошторду, досторду күттүм. Ошолордун арасында, Бектемир чынында эле эң мыкты дос, ак көңүл, кабагым-кашым дебеген, көп нерсени кенебеген адам экен. Азыр досум жөнүндө ойлонуп отуруп, биз бирге жүргөн жылдар өмүрүбүздүн эң кызык, эң шаңдуу, шамалдай оргуп турган мезгили экендигин сездим.

- Чиркин дүйнө, кандай мезгил эле!

Бекем экөөбүз ээрчишип көп жүрүп калдык, жан дүйнөбүз да жакын эле, ошондуктан анын көп иштерине, кылык-жоруктарына күбө болуп калдым. Илимий иштери жана эмгектери жөнүндө башка досторубуз кеңири айтышаар, мен Бекемдин адамдык сапатына басым жасайын.

Беке көп кырдуу инсан, адамга аяр мамиле кылып, сүйлөшүп жаткан ар бир адамдын жүрөгүнө жол таба билээр эле.

Жоон-топ мугалим (жетөөбүз) 1990-жылдардын башында Түп районуна студенттерди айыл чарба жумушуна (картөшкө чогултканга) алып бардык. Лагердин начальниги Бектемир. Ошол жерде мен Бектемирдин илимий ишмер гана эмес, уюштургуч, айыл чарба өндүрүшү менен да жакындыгы бар экендигин көрдүм. Студенттердин жаткан жеринин жайлуу болушуна, ашкананын тазалыгына, эс алчу жайлардын

түзүлүшүнө жана тамак-аштын ар түрдүү рационду болушун уюштурууда Бекемдин эмгеги зор болду.

Бекемдин өзгөчө белгилей турган бир артыкчылыгы бар эле – бул анын ырчылыгы. Бекем той-тамашанын көркү болчу. Адамда сейрек кездешчү коңур үнү менен чоң-чоң тойлордо ырдаганда айрым аттуу-баштуу ырчылар өздөрүн ыңгайсыз сезип кетишчү.

Бекем жөнүндө айта берсек сөз көп, арман да көп. Адамдын асылы бийиктикте жаралат окшобойбу, Чоң Алайдын талаасында, таза абасы менен дем алып, таза суусун ичип эрезеге жетип кең ааламга кадам таштап ошол ыйык жердин колдоосу менен ушул бийиктикке жеттиң эле, кантели досум, өмүрүң кыска болуп калды...

Кош бол досум, кош бол сырдаш жакыным,
Жүрөктөсүң сени сүйүп танбаган.
Күтө билгин айрылуунун акырын,
Мүмкүн бизди жолуктураар кайрадан!

(*М. Лермонтов*).

Абдыракманов С.,
«Доор аяны» программасынын автору,
Ч. Айтматов атындагы мамлекеттик
Жаштар сыйлыгынын лауреаты,
«ЭлТР» коомдук телерадио компаниясынын
башкы директорунун орунбасары

АКЫРЕТИҢ АБАТ БОЛСУН, БЕКЕ

Бектемир мырза менен чыгармачылык байланышыбыз - биз студенттик кезде аралаш бир калаада жүргөнүбүз менен - 1995-96-жылдардан башталды. Ошол мезгилде КТРден эфирге кетчү «Доор аяны» автордук программамда кайсы бир көтөрүлгөн теманын айланасында керектүү материалдарды

топтоодо адис, курдаш катары бир топ кеңештерин айткан. Ал өзү менен чогуу жүргөн тенттуштардын арасында калбаат келбети, келбетине жараша барпандаган алпейим, айкөл, тамашакөй, көлдөй чалкыган керемет мүнөзү менен өзгөчөлөнчү. Жеке эле тарыхчылардын, же болбосо тарых сүйүүчүлөрдүн гана эмес аны менен замандаш болгон көпчүлүктүн көңүлүндө сакталчу элесинин жогоруда мен айткан өзгөчөлүктөрү көп мыкты сапаттарынын айрымдары гана болушу мүмкүн.

2001-жылы «Доор аяны» көрсөтүүсүнүн кайсы бир программасында Бектемир менен XVIII-XIX кылымдардагы тарыхый уруттуу учурлар боюнча бир топ баарлашып, эфирге сунуштаганбыз. Кандайдыр, жаңылыштык менен Бектемир Жумабаев деген белгилүү ысым, Бектемир Мусабаев деп алмашып калыптыр. Ошол боюнча эфирге кетип, бир топко чейин тарыхчы достор арасында Бектемир Мусабаев деген тамаша жүргөн. Мен өзүмүн автор катары кетирген катама кечирим сураштын ордуна кайрадан айткан тамашаларыма терикпестен жасаган айкөлдүгү менин көңүл түпкүрүмдөгү сый тарых болуп калды. Мындай маселеде кайсы бир териси жука замандаш болсо, далайга топурагын түйүп таарынмак.

Бектемир мырза менен акыркы даярдаган көрсөтүүлөрүмүн бири өзүнүн «ПАМИР - Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш» деп аталган доктордук эмгегинин өзөгү болуп саналган он тогузунчу кылымдын экинчи жарымындагы көчмөн жашоонун ыргагы менен эндекей тиричиликке алаксыган кыргыздардын танабы кыскарып талоонго түшкөн, же болбосо ошол мезгилдин шаа мамлекеттери дүйнөнүн чокусу эсептелген Памирди үчкө бөлүп талкалаган кыргыз трагедиясы тууралуу болгон маегибиз болуп калды. Адис катары ошол көрсөтүүдөгү айткан акыркы ою «...Бүгүнкү күндө асмандан түшүп калгандай туюлган эгемендүүлүктүн, эркиндиктин, журт

ээлигинин, мамлекетибиздин кадыр баркын биле жүрсөк. Кечээги тарыхыбыздан сабак алсак. Бөтөндөргө кор болгон улутташтарыбыздын тагдырын ойлосок. Башка журт ээлеринин көзүн караган мекенсиз болуп калуудан Кудай сактасын...»- деген чакырыгы болгон. Тарыхчы, адис катары иликтеген татаал тагдыр сыноосу ошол жакта жашоо кечирген кыргыз аттуунун азыркыга чейинки трагедиясы болуп жаткандыгы жашыруун эмес.

Бектемирдин тарыхчы катары өз ишине болгон тыкыр мамилеси, ар бир сүйлөгөн сөзүнөн, тарыхый урунттуу учурларды устукандоодо этияттаган адискөйлүгүнөн, кайсы бир фактыга токтолоордо сөзгө сарандыгынан байкалчу. Албетте, бул маселе боюнча менин терендеп анализ жасашым адепсиздик болоор. Анткени, аны менен үзөңгүлөш жүргөн тарыхчылар тарыхчыдай баасын берээр. А бирок, ар кайсы тарыхчы менен аралаш иштеп калган чыгармачылык тагдырымда замандаш катары Беке тууралуу билгенимди ортого салууну туура көрдүм.

Улам мезгил өткөн сайын Бектемирдин Бектемирлик кадыр баркы билине берээр... Курдаштар, замандаштар, көч улаган шакирттер, илимге кошкон ак эмгегинин кадырын түшүнгөндөр эстеп-эскерип жүрүшөөр.

Акыретиң абат болсун Беке, дегенден башка арга жок...

Алымкожоев Ө. Ж.,
Жусуп Баласагын атындагы
КУУнун окутуучусу

БЕКТЕМИР АГАЙ КЕМЕНГЕР ЖЕТЕКЧИ ЭЛЕ...

Мен тарых факультетине Бектемир агай жетекчилик кылып турган мезгилде жумушка орноштум. Агайдын жетекчилигинде аз убакыт иштесем дагы, агай мен үчүн

адамдык сапаты бийик инсан, кеменгер жетекчи катары эсимде калды.

Биз адамдар, жашоодо канча жолду баспайлы, турмушубузда көптөгөн адамдарга жоолугабыз, достошобуз, чогуу иштешебиз. Бирок биз таасирленип, өмүр бою эстеп жүрө турганы аз гана.

Адамды өттү экен деп эсептебе,

Артында өчүрүлгүс изи калса, – деп бекеринен айтылбаса керек.

Бектемир агай адам катары жана окумуштуу катары ташка тамга баскандай из калтырды десем жаңылышпайм.

Бектемир Миталиповичтин чыгаан окумуштуу катары калтырган эмгектеринен сырткары адам катары чыйыр из калтырды. Анткени ал, адамдарда болгон асыл сапаттардын кенендиги менен айырмаланып турчу. Бектемир агай жөнөкөйлүгү жана калыстыгы менен бийик эле.

Агай үчүн адамдын жердиги, ээлеген кызматы, даражасы маанилүү эмес болчу. Ал бардык адамдарга бирдей мамиле жасачу. Бектемир агай улуу-кичүүгө мамиле жасоону билчү. Бектемир агай жетекчи катары кол алдында иштеген кызматкерлерге үнүн өйдө көтөрүп сүйлөчү эмес. Ар учурда токтоолук менен мамиле кылаар эле. Бул анын инсандык улуулугу эле.

Агай менен учурашканда адамдык жылуулук келип, андан үлгү алууну гана ойлоор элем.

Бири кем дүйнө дегендей, адамдын артында армандап калган адамдары болот тура. Менин дагы Бектемир агайга сый көрсөтсөм деген тилегим бар эле, аны ишке ашыра албай арманда калдым.

Балким, адамзат пендеси ар нерсени өз учурунда жасабагандыктан улам армандап калат чыгаарбыз. Андыктан Бектемир агайдын өмүрүнүн акырында ырдаган ыр саптары жөн эмес бейм.

"*Сен билген жоксуң, сен билген жоксуң...*"

Көрсө, агайдын бул дүйнө менен эрте коштошуп кетерин билген эмес экенбиз да. Агайдан дагы далай таалим–тарбия албай калаарыбызды сезбеген экенбиз да. Агай менен түбөлүккө коштошоорубузду билген эмес экенбиз да...

Алымкулова С. К.,
доцент КГУ имени
И. Арабаева, к.и.н.,

СВЕТЛОЙ ПАМЯТИ БЕКТЕМИРА МИТАЛИПОВИЧА

Никогда не думала, что придется писать о Бектемире Миталиповиче в прошедшем времени. Всегда казалось, что он рядом, и после того, как он был приглашен в Кыргызский национальный университет деканом исторического факультета случайные встречи в кафе, на улице это как бы подтверждали. И примириться с тем, что его нет с нами, разум вынуждает, а протест против такой жестокой реальности не покидает.

Вместе, на одной кафедре мы проработали почти 8 лет. Он был везде востребован, его постоянно искали, он был всегда и всем нужен. Даже для научного отчета или другой информации, необходимой от него, надо было его встретить, не отпускать, усадить и под его диктовку быстро отпечатать данные им сведения. На свои занятия он тоже не успевал, приходилось постоянно его заменять. Но стоило оказаться ему на кафедре все недовольство меркло, все замечания к нему забывались. Одним присутствием он оказывал такую мощную поддержку любым начинаниям, что кроме чувства благодарности, все остальное забывалось.

Кафедра претерпевала постоянные реорганизационные изменения: с 2002 г. была организована по предложению

ректора КГУ им. И. Арабаева с 2001 по 2005 гг. профессора Асанканова А. А. как межструктурная кафедра Отечественной истории, в 2005 г. была переименована в кафедру истории Кыргызстана и социальных наук. Произошло это потому, что ректор заключил соглашение с Высшей школой социальной антропологии и Лабораторией социальной антропологии Франции о совместном сотрудничестве. В рамках этого соглашения на базе Института истории и социально-правового образования кафедрой была открыта новая специальность «Социальная работа», адаптированная к местным условиям, с тем, чтобы выпускники после окончания смогли трудоустроиться с большей вероятностью. Это новое направление работы института предопределило и переименование кафедры в межструктурную кафедру истории Кыргызстана и социальных наук. Кафедрой был разработан новый учебный план – синтез французского учебного плана и российского, адаптированного к кыргызскому Государственному стандарту образования и уже осенью первые студенты начали учебу в институте, создав одну из бюджетообразующих специальностей в Институте.

Реорганизация кафедры породила новые идеи и одной из «новых», из списка давно забытых старых, стала идея создать на кафедре научно-теоретический семинар. Одной из самых ярких не забывающихся лекций стала лекция Бектемира Жумабаева о геополитической ситуации в Центральной Азии. Молодым преподавателям, присутствовавшим на его лекции, на наглядном примере было показано, как необходимо готовиться к подобным научно-методическим семинарам. Именно благодаря таким преподавателям как Бектемир Жумабаев, Жээнбек Алымбаев научно-методический семинар стал одним из успешных дел кафедры.

Несмотря на общественную активность и всеобщую востребованность, Бектемир Миталипович тогда скрупулёзно

готовился к защите докторской диссертации. При этом он всегда был прост в общении, искренен и доброжелателен. Теперь приходится признать, что его доброжелательность и отзывчивость мы беспощадно эксплуатировали: он очень хорошо пел. Точнее, сказать, что он хорошо пел, значит ничего не сказать. Скажу лишь, что пению профессионалов мы предпочитали его исполнение. Как только он появлялся среди нас в торжественных случаях, тут же поступало всеобщее требование: спеть. Только когда его не стало с нами, пришла мысль о том, что никого не беспокоило его душевное состояние, готов ли он петь, в конце концов, не голоден ли он. Мы могли есть и наслаждаться пением, а как он сам? Когда он праздновал получение диплома доктора наук, мы случайно оказались в одном кафе, отмечая день рождения подруги и снова он нам пел…

Возможно, это сложившаяся практика, когда заведующему кафедрой почти каждый преподаватель жалуется на недостаточное признание его заслуг, выпрашивает очередную награду, просит или требует увеличить нагрузку. Такие проявления Бектемиру Миталиповичу были чужды. Только единственный раз он был обескуражен и долго не мог прийти в себя, сидя на кафедре, когда его незаслуженно «ушли» с поста директора Института востоковедения и международных отношений. Он долго пытался понять политику ректора Бекбоева А. А., снявшего его с работы.

Теперь приходится признавать, что при жизни мы не оказали ему должного внимания и не выразили признания. Его мобильность и корректность воспринимались как само собой разумеющееся качество, и лишь теперь становится ясно, что это присуще далеко не всем.

Чтобы спеть на юбилее директора и основателя Института истории и социально-правового образования профессора Э. Ж. Маанаева он за день (!) съездил в Джалал-

Абад с тем, чтобы принять участие в работе конференции. Он очень многое успел бы еще: продолжать успешную научную деятельность, преподавательскую и активную административную работу...

Беделбаев А.,
Жусупа Баласагын атындагы КУУнун
Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин деканы,
т. и. к., профессор

ТАРЫХ ИЛИМИНЕ ЖАНА ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛООГО ЧОҢ САЛЫМ КОШКОН БЕКТЕМИРДИН КЫСКА ӨМҮРҮНӨ БИР СҮРТҮМ

Шум ажал арабыздан кесиптеш инибиз Бектемирди капилет алып кеткенине жыл айланайын деп калганда, каңырык түтөй эскерүү жазып олтурам. 2014-жылы 16-январда айылга бир агабызга топурак салууга барган жерде чөнтөк телефондон "Бекем оо дүйнө салды", – деген суук кабарды укканда жан дүйнөм эңшериле, дүйнө ала салгандай дендароо боло түштүм. Анткени, андан бир нече күн мурда эле досу Алымбек Кушубеков "операция болду, кудай буюрса баары жакшы, агай", - деп сүйүндүргөн эле.

Көрүнүктүү тарыхчы, тарых илимдеринин доктору, профессор Бектемир Миталипович Жумабаев айкөл, адамгерчиликтүү, кең пейил, талбаган эмгекчил, таланттуу педагог жана демилгелүү уюштуруучу катары ар бирибиздин жүрөгүбүздө түбөлүк сакталаары шексиз.

Ал кыска өмүрүндө албан ийгиликтерди жаратууга үлгүрдү. Киндик каны тамган Алай өрөөнүнүн жана жалпы түштүк кыргыздарынын XIX-XX кылымдын башындагы саясий тарыхы боюнча кандидаттык жана докторлук диссертацияларын ийгиликтүү жактап, алардын негизинде терең мазмундуу эки монографиясын, жүзгө жакын илимий

макалаларды жарыкка чыгарды. Аларда көтөрүлгөн маселелер актуалдуулугу жана терең изилденгендиги менен айырмаланып турат.

Акыркы жылдары тарых факультетинин деканы катары ыдырап бара жаткан жамаатты бириктирүүгө жана ынтымагын бекемдөөгө зор салым кошконун факультеттин мугалимдери бир добуштан айтып жүрүшөт. Улуу-кичүүгө бирдей мамилеси, жадыраган мүнөзү, адилеттүүлүгү, калыстыгы, оппол эле учурда принципиалдуулугу менен жалпы Улуттук университеттин мугалимдеринин урматсыйына да татыган.

Университеттин башкы имаратынан акыркы сапарга узатууга келген казганактаган элдин бардыгы Бектемирдин ушул сапаттарын баса белгилешти. Ошондо мен Бекемдин асыл сапаттарынын натыйжасында жеткен бийиктигине баа бере, аттиң ай, жакшынын өмүрү неге кыска деп кайгыга сызып турдум.

Кудайдын буйругу, ректордун чакыруусу менен Бекемдин кызмат ордуна күтүүсүз келгенден бери эмгек жамаатынан ал жөнүндө ар дайым жакшы кептерди, эскерүүлөрдү угуп, баштаган иштерин үзүрлүү улантсам экен деп түйшөлөм. Анын жаркын элеси бүгүн да факультетте жүргөндөй сезиле берет. Сүрөтүн көргөн сайын жүрөгүм тыз эте түшүп, эскерүүлөргө чөмүлөм.

Изилдеген доорубуз бир болгондуктан Бектемир менен 1990-жылдары таанышып калдым. 1991-жылы Ошто Курманжан датканын 180 жылдыгына арналган илимий конференцияга катышууга барганыбызда Бектемир жоон тобубузду Мады айылындагы кайын-журтунукуна алып барып коноктоп, эртеси Алайдын Ак-Босогосундагы салтанаттан кийин Чоң-Алайдагы үйүнө чакырганда шартка байланыштуу бара албай калганыма али да өкүнүп жүрөм.

Таанышкандан эле Бекем мени ар дайым "агай" деп ызаттап турар эле. Кандидаттык ишинин үстүнөн иштеп

жүргөндө илимдер академиясынын Тарых институтундагы Кыргызстандын жаңы мезгилдеги тарыхы бөлүмүнө баймабай каттап, бизден кеп-кеңеш алып турчу.

Ал бөлүмдү жетектеп турган Тил жана адабият институтунун директору Абдыганы Эркебаев менден Бектемирдин ишин тезирээк талкуулап берүүмдү өтүнүп калды. Ал учурда анын диссертациясы али бизге бериле элек болчу. Көрсө, Абдыганы агасы аны тездет деп жемелесе, бизге тапшыргам деп койгон экен. Ошондон кийин тез эле ишин алып келип, орусча редакциясынан кыйналып жатканын айтты. Ага жардам берүү максатында баарыбыз урматтаган окумуштуу, мыкты редактор В. Я. Галицкий менен тааныштырып, жардам берүүсүн өтүндүм. Эки-үч айдан кийин диссертациясын талкууга алып келип, "агай, мага мындай мыкты кишини мурда эле таап берсеңиз эбак эле доктор болмок экенмин, сизге чоң рахмат", - деп оюн-чындап тамашалады. Оозуна салгандай кийин докторлук диссертациясын да ийгиликтүү коргоду.

Бектемир кайда жүрбөсүн, кандай кызматта иштебесин адамдык аброюн бийик кармап, улууга урмат, кичүүгө ызат көрсөтүп жүрүп өтүп кетти. Анын өзүнө гана таандык жылмаюусу, борс-борс эткен күлкүсү, жумшак мүнөзү жана шайырлыгы көз алдыма тартыла берет.

Эмне демекчибиз, канчалык сыздасак да Бектемирди кайтара албайбыз. Андыктан жаткан жери жайлуу, топурагы торко, жаны бейиште болуп, үй-бүлөсүнө өмүр берсин дегенден башка аргабыз жок.

Бекем, эмгектери менен өзүнө түбөлүк өлбөс-өчпөс эстелик калтырып кетти. Анын өмүрү кыргыз тарыхы менен бирге улана берээрине терең ишенем.

Бикбулатова А. Р.,
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун
Археология жана этнология кафедрасынын башчысы,
т. и. к.

БЕКТЕМИР АГАЙ ЖАНА ЖЕБЕ

Ар бир адам бул жалган дүйнөгө келет да кетет экен. Бирок, жараткан ар бир пендесине кайталангыс тагдыр, ченелүү өмүр берет турбайбы.

Бири, жанын сабап эмгектенип, үй-бүлө күтүп, бала өстүрүп, жашоого берилген убакыттын эсеби бар экендигине көзү жеткендей, бардыгына жетишейин деп шашып өмүр сүргөндөй. Мага андай адамдардын өмүрү тоодон ылдый оргуштап, шар аккан суудай элестейт. Андай суунун жанына барып канча убакыт турсаң дагы, добушун уккандан моокумуң канбай, суунун агышын тиктегенден көзүң талыбайт.

Экинчилери, бул күндөр түбөлүккө берилгендей, эч нерсеге шашылбай күнүмдүк жашоо турмушуна ыраазы болуп, күндүн батканы менен таңдын атканын гана эсептеп жашап жаткандай. Андай адамдардын жашоосу, жылжып арыктан аккан суунун боюнда, агым менен агып кете албай жээкке ыктап калкып турган күзгү даректын жалбырагындай сезилет.

Ушундан улам, ар бир пенденин жарык дүйнөгө келишинин максаты эмнеде деп ойлоп, толгонуп бул суроомо өзүмчө жооп табууга аракет кылам. Көп адам менин оюма кошулбашы мүмкүн бирок, менимче бул жашоонун маңызын, жасаган ишиң, ошол ишиңди андан ары улаган балдарың түзөт.

Бектемир агай менен Эркин эженин эки кыз бир уулу бар эле. Эки кыз чоңоюп, бой тарта баштаганда эңсеген уулдуу болушат. Агай өзү айтып калчу эле, уулумдун атын «Жебе»

деп, мен сыйлап урматтаган, бир чети коллега болсо, бир чети агайым Эгемберди Жумагулович Маанаев койгон деп.

Мен Жебени беш, алты жашар кезинде агай ээрчитип жүргөн кезинде көрүп калдым. Ушунчалык жагымдуу, агайдын өзүнө куюп койгондой окшош, мотурайган бала экен.

Окуу жылдын аягында, өргүүгө кетердин алдында (2012-2013-окуу жылы) биз иштеген коллектив тоого барып эс ала турган болдук. Улууларды төргө отургузуп сыйлаган, оорун колдон, жеңилин жерден алган тарых факультетинин жаштары, улууларды кийлигиштирбей эле өздөрү эс алуучу жерди тандап, керектүү тамак ашты алып коюшкан экен. Мына ошентип эс алчу күн да келди, баарыбыз чогулуп тоого жөнөп калдык. Жолдо бара жатып "Бектемир агай эмнеге жок?" – десек, ал бир аздан кийин өзү келет деп жооп беришти. Бишкек шаарынан көп алыс эмес жерде, шар аккан суунун боюнда, арчалардын койнунда, керемет Татыр деген жерге бардык. Ал жерде тигилген эки боз үйгө барып токтодук. Бизди күтүп жатышкан экен. Боз үйдүн ичи жасалгаланган, ортосунда жерден бир аз бийик көтөрүлгөн стол орун алган экен, анын үстү заматта тамак-ашка толтурулду. Бирок, факультеттин жетекчиси, декан (Бектемир) жок болгондуктан, аны күтүп, тасмалга отуруудан айбыгып, ар кимибиз ар жакка жаратылыштын кооздугуна суктанып басып кеттик.

Тилек менен Сыймык Бектемир агайдын үйүнүн даректерин билишет экен, өзүлөрү барып агайды алып келип калышты. Көрсө, агай уулу Жебени ээрчитип алып, башка кайсы жерге бармак элек деген ой менен Ала-Арчага барыптыр. Ал жерден топтолгон элдин далайын кыдырып жадаган соң (тоодо мобилдик телефон иштебейт) кайра үйүнө келип, чарчап, жатып уктап калат.

Коллектив мына эми толук болдук деп, кубанып, баарыбыз тасмалга отурдук. Ысык тамак келип, тосттор

айтылып, керемет үнү менен Бектемир агай тоолорду жаңыртып ырдап жатты. Анын үнү, сырткы келбетине, анын ички дүйнөсүнө төп келер эле. Бир аз тыныгуу жарыяланып, биз Жамыйкат, Акылай болуп суу бойлой басып кеттик. Кайтып келе жатканыбызда бир боз үйдө, даамы ооздон кетпеген кымыз сатылып жаткан экен, андан ичтик. Кайра өзүбүз отурган боз үйгө жол тарттык. Анын жанына келгенде коңуруктун үнү чыкты. Боз үйгө баш баксак төрдө, чалкасынан түшүп агай уктап жаткан экен. Анын коңуругуна деле көңүл бурбай, курсагына отуруп алып (жерге отурса столго бою жетпесе керек) жанындагы столдун үстүнөн жемиштен алып жеп, уулу Жебе отуруптур. Агай дем алган сайын, анын курсагы менен бирге, курсагында отурган Жебе өйдө-ылдый кыймылдап коет. Биз кирип барсак, Жебе көңүл бурбай өз ишин уланта берди. Мен бул көрүнүштү көрүп, күлүп жибердим. Баарыбыздын күлкүбүздөн агай ойгонуп кетти. Мына ушул көрүнүш, менин эсимде түбөлүк орун алып калды, Бектемир агай жана анын уулу Жебе.

Бектемир агай, кыска бирок тоодон оргуштап агып түшкөн шар аккан суудай өмүр сүрдү. Өз эмгеги менен илимдин доктору, профессор даражасына жетип, үй-бүлө күтүп, кыз, уул өстүрдү. Агайдын аркасында ондогон эмгектери калды. Агайдын аркасында уулу Жебе калды. Ошол уулу Жебе атадан кем эмес, атадан артык уул болуп чоңоюп, кыргыз эли үчүн агайдын ордун толтурган эр азамат болуп өсүп чыкса дейм.

Бектемир агайдын, коллегамдын жаркын элеси дайыма эсибизде кала берет. Топурагың торко, жаткан жериң жайлуу болсун агай!

Бөкөшов Ж.,
Кыргыз-Түрк Манас университетинин
профессору, ф. и. д.

МЫЙЗАМ ЖАНА ТАРЫХ

Бектемир Жумабаевди студент кезинен билчү элем. Кийин мен Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу Жыйынында депутат болуп иштегенимде (1995-2000- жылдар) үч жылдай кызматташып калдык. Мага кеңешчи болуп иштеди. Ошол кезде Бектемирди адис кейпинде да, адам кейпинде да жакын таанып- билдим. Мыйзам чыгаруунун түйшүгү зор: мамлекет жана эл алдындагы жоопкерчилик, тиешелүү маселенин мыйзамдык негиздерин туура жана так аныкташ, башка элдердин тажрыйбасын эске алып, улуттук кызыкчылыкты жана коопсуздукту көңүлдүн борборунда кармаш, сунушталып жаткан укуктун норманы ар тараптан негиздеш. Ушул иште Бектемир мага жакшы жардам берди. Мен илим, жаңы технологиялар жана интеллектуалдык менчик комитетин жетектечү элем. Мындан тышкары эл аралык парламенттик кызматташуу жаатында КМШ Парламент ассамблеясында билим берүү жана маданият боюнча туруктуу комиссиясын, Азия парламенттеринин форумунун улуттук комитетин башкарып турдум. Бу жагынан да Бектемирдин илимий камылгасы, тарыхчылык тажрыйбасы, интеллектуалдык дээри анын тапшырган ишти камчы салдырбай аткарышына түрткү болду. Биздин комитеттин укук ишине чоң салымы интеллектуалдык менчик маселелерине тиешелүү мыйзамдарды даярдап, аларды талап кылынган жол менен өткөрүш болду. Бул аймакта дың буздук десек болот. Кыргыз патент менен биргеликте он чакты мыйзамды даярдап, бышырып, Жогорку Кеңеште кабылдадык. Мында дагы Бектемир тикесинен тик туруп, Куттубек, Руслан менен биргеликте мага чоң көмөк

көргөзүштү. Кээде айрым маселелерди шашылыш карап, документтерди тез арада камдаш керек болот. Жардамчыларым кабак- кашым дебей, күндөп- түндөп иштеген учурлар болду.

Менин депутаттык бир чоң милдетим - Токтогул суу сактагычы көмүп калган жерлердин акысын мыйзам жолунда өндүрүш эле. Депутаттык мандат талашып жүргөн кезде биринчи эле чогулушта бир атаандашым «жол бууш керек, Бишкекке барып, митинг уюштуруш керек», - деп чакырык таштаганда, мен «жок, бул маселени мыйзам аркылуу чечиш керек», - десем, - катышкан эл көп эле, - көпчүлүк дуулдап, ушул идеяны колдогонун көрдүм.

Депутат болгон соң ушул иштин артынан түштүм. Суу сактагычтын курулушуна, элдин көчүп- конушуна тиешелүү документтерди чогулттум. Аларды өзүнчө китеп кылып бастырып, жетекчилерге жана депутаттарга тараттым. Эл аралык тажрыйбаны иликтедим. Эң кыйыны - бул маселени чечишке кыйыр же түз тиешеси бар жетекчилерге мындай компенсациянын зарылдыгын далилдеп- түшүндүрүш болду.

Баары эле «Эмне, Токтогулдун эли өзгөчөбү, эмне үчүн атайын акы төлөп, мыйзам кабыл алыш керек?»,- деп сурашат. 33 миң гектар сугат жер, 13 чоң кыштак суу астында калган. Эл ата-бабасынын сөөгүн казып алып, кайра коюп, төш тараптагы кайрак, суу тартыш адырларга көчүп чыгышкан. Жолдор, каналдар, заводдор, ишканалар жаңы журтта калыбына келтирилген эмес. Убада кылынган акы өз учурунда толук берилген эмес. Айрым акы кайтаруу маселелери Кыргыз өкмөтүнүн токтому аркылуу чечилген. Бирок, эртең өкмөт башка токтом кабыл алышы мүмкүн же дагы бир шылтоо менен ал токтомдон таптакыр баш тартышы ыктымал. Ошондуктан атайын мыйзам керек болду.

Мындай мыйзамды акыры иштеп чыктым. Бир канча маселелер укуктук негизде чечилмек болду. Ар бир министр, ар бир депутат менен китеп болуп басылган документтерди

көтөрүп алып, компенсациянын зарылдыгын далилдеп, ынандыруу ишин жүргүзүш керек экен. Акыры бул мыйзам өкмөт колдоп, Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынды. Азыркыга чейин толуктоо, өзгөртүүлөр менен иштеп жатат. Токтогулдуктар «Бөкөшовдун мыйзамы» деп коюшат. Менин шайлоочулар алдындагы депутаттык парзым аткарылды деп ишенем. Ушул иште да Бектемир мага абдан жардам берди.

Жогорку Кеңеште көп эле жумуш аткардык. Бектемир Жумабаев алкыш алса алды, доомат уккан жок. Адис катары, патриот катары ар дайым тиешелүү документтерди сапаттуу жана кынтыксыз даярдаганга аракет кылды. Парламенттин аппаратында кадыр-сыйга ээ болду. Мыйзам чыгаруу иши жоопкерчиликтүү, оор иш. Депутат гана эмес, буга анын кеңешчи, жардамчыларынын салымы да чоң. Балким, Бектемирдин да парламенттеги иши өз учурунда жеткиликтүү бааланбай калгандыр. Бирок, ал сыйлык сурабай, алкыш күтпөй эле мамлекетибиз үчүн, элибиз үчүн ак эмгек өтөдү. Улуттук парламенттин атына көлөкө түшүргөн жок.

Чогуу иштегендер Бектемирдин адамгерчилик, жигитчилик касиеттерин да такай мактап калышчу. Сыйчыл, жөнөкөй, иштерман жигит эле. Кийин да байланыш үзбөй, кабарлашып- катташып жүрдүк. Аны капыстан шум ажал алып кеткенде, уккан кабарга ишенип-ишенбей турдук. Ушундайда көп нерсе эске түшөт. Жогорку Кеңеште бирге иштешкен күндөр көздөн чубады. Көрсө, тарых ошол күндөлүк турмушубуздан эле куралат экен. Эрдик жасайын деп, атайын камынбай эле, демейки иштерибизди колдон келишинче жакшы аткарсак, адамдык парзыбызды абийир менен өтөгөнүбүз ошол. Ал эми эрдик ишти убакыт өзү тандап коёт.

Бектемир адистерди тарбиялады, илим изилдеди, мыйзам даярдаганга катышты, кыргыз маданиятына кызмат кылды. Ошентип, кыска өмүрүндө тарыхка өз изин калтырды.

Бутанаев В. Я. (Астайбек),
ХакасМУнун профессору, т. и. д.,
Кыргыз Республикасынын
илимине эмгек сиңирген ишмер
(Абакан ш., Хакас Республикасы, РФ)

БЕКТЕМИРДИН ЭЛЕСИ АР ДАЙЫМ ЖҮРӨГҮМДӨ САКТАЛАТ...

Маркум Бектемирди 1988-жылдан бери билем, ал эми 1994-ж. бери өтө тыгыз байланышта болдум. Ошол жылдын күз айларында мурдагы Жогорку Кеңештин имаратында (учурда ал жерде менимче, Кыргыз Өкмөтү жайгашкан) кыргыздардын этногенези жана этностук тарыхы боюнча Эл аралык Симпозиум болуп өткөн. Симпозиумдун жүрүшүндө Тынчтыкбек (Чоротегин), Олжобай (Каратаев) аркылуу бою узун, буудай өңдүү болгон келишимдүү Бектемир менен кайрадан баарлашып калдым.

Ошол күндөн тартып, ал кишинин көзү өткөнгө чейин достугубуз, ага-инилик сыйлуу катышыбыз эч качан үзүлбөдү. 1990-жж. чиновниктик кызматта да жүргөн досубуз Бектемирдин жакшы тарыхчы экендигинен да кабарым бар болчу.

Күндөрдүн биринде (менимче 1997-ж. болуу керек), Бектемир капысынан эле Абаканга келип, телефон чалып калыптыр. Кубанганымды айтпагыла, бат эле темир жол вокзалына жетип бардым. Оболу үйгө келип, даам ооз тийгенден соң, үй бүлө мүчөлөрү менен тааныштырдым. Андан соң, машинеге минип байыркы кыргыздар жашаган аймакты – Хакасияны дээрлик толук кыдырганга үлгүрдүк.

Ал кезде атам ыраматылыктын көзү тирүү эле. Өзүм жашаган атамдын Таштыптагы үйүнө барып, ал киши менен Бектемирди тааныштырдым, атамын колунан даам таттык. Апамын көрүстөнүнө барып, аны эскердик. Эртеси күнү шаар

менен таанышгырып, музейлерди кыдырдык. Иштеген жерим – Н.Ф.Катанов атындагы Хакас мамлекеттик университетинде болдук. Өзүм негиздеген Этнография жана тарыхый чөлкөм таануу кафедрасынын мүчөлөру менен таанышгырдым.

Мындай унутулгус кездешүүлөр андан кийинки мезгилдерде көп ирет болду. Биз, кесибибизге ылайык, дайыма илимий жыйындарда жүз көрүшчүбүз. Айрым учурларда жолдо кетип жатканымда сөзсүз түрдө Бишкекке кайрыламын. Бишкекте мени тосуп алуучу, мени көргөндө кучагын жайчу досум Бектемир бар экендигин билчүмүн.

Чындыгында, Бишкекте менин досторум, жакшы санаалаштарым арбын. Алардын ичинде өзүнүн ак көңүлдүүлүгү, адамгерчилиги, ички маданиятынын жогору сапаттары менен Бектемир айрымаланып турчу. Үйүнө барсак келинчеги чоң дасторкон жайып тосуп алар эле. Жолугушууда илимий маселелер, жашоо, көр турмуш сыяктуу пикир алышуулар, сырдашуулар болор эле.

Бектемир менен чет өлкөлөрдө да бирге жүрүп калдык, үлкөн конференцияларга катышканга үлгүрдүк. Биргелешкен илимий макалаларды жаздык. Тилекке каршы, алдыга койгон чоң илимий долбоорлор бар эле, эми Бектемирдин орду сөзсүз жоктолот. Аттиң, Бектемирдин созолонто ырдаган ырларын эми уга албайбыз.

Бирок, анын артында үй бүлөсү, уул-кыздары, досу-жары, максатташтары калды. Кыргыздын мыкты уулу, тарыхчы окумуштуу, чоң досубуз Бектемирдин жаркын элеси жүрөгүбүздө сактала бермекчи.

Дүйшеев Ж. А.,
Экономика жана ишкердик
университетинин профессору, т. и. к.,

УСТАТ-ШАКИРТ: КУШБЕК ҮСӨНБАЕВ ЖАНА БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВ

Белгилүү тарыхчы-аалым Кушбек Үсөнбаевдин биографиясына материалдарды жыйноо ишине киришип жатып, устатым Кыяс Молдокасымовдун нускоосу менен Жогорку Кеңештин каттар бөлүмүндө иштеп жаткан Бектемир агайга алгачкы жолу 2001-жылы кышында жолуктум. Бектемир Миталипович улуу устаттын эң жаш жана акыркы аспиранты экен. Мени жакшы кабыл алып, илимий жетекчиси жөнүндө болжолдо, эки саатка созулган (диктофонго жазылып алынган) суроо-жоопто төмөнкүлөрдү сүйлөп берген эле:

"Кушбек агай менен кандайча таанышып, кантип ага шакирт болуп калганмын, мен сөздү мына ушундан баштасамбы деп турам. Алгач мен Кыргызстандын археологиясына кызыгып жүргөнмүн, кыргыздын алгачкы археологу, маркум Кожомбердиев менен таанышып, чогуу иштешип жүрдүм. Кийин XIX кылымдын проблемаларына келгенде ал киши: «Бул маселе боюнча кыргыздагы азыркы кездеги эң таланттуу, эң ишмер тарыхчы Кушбек Үсөнбаевге барсаң, ошол кишиден көп нерсени аласың», - деп айтып калды. Анан өзүм да көп нерселерди карап отуруп, ошол XIX кылымдын проблемаларын, мына бул орус саякатчыларынын келишин, алардын максаттарын, ошолорду жаңы көзкараш менен караш керекпи деген ойдо Кушбек Үсөнбаевге барып: «Агай, ушундай проблемалар бар экен, ошону изилдесе болобу», - десем, «Албетте, болот» деп, мени өзүнө окуучу кылып алды. Көп кеп-кеңештерин берди.

Кушбек Үсөнбаевичтин эң чоң жетишкендиги, бизге үлгү боло турган жагы – бул кишинин эмгекчилдиги. Анткени бул киши барбаган архив калбады, көп архивдерде талбай отуруп эмгектенди. Мен да мына бул Ташкенттин, Санкт-Петербургдун архивдеринде иштеп калдым. Ошондо көптөгөн папкаларда эле К. Үсөнбаевдин, анан кечээ жакында эле көзү өтүп кеткен Ж. Бактыгуловдун фамилиялары турат. Ушунчалык көп материал чогулткан экен да деп эмгекчилдигине таң калчумун.

Чындыгында XIX кылымдагы кыргыз тарыхын Кушбек Үсөнбаевичсиз элестете албайбыз. Анткени бул киши кыргыз элинин XIX кылымдагы социалдык-экономикалык турмушун гана изилдебестен, ошол мезгилдеги тарыхый инсандарды, ал эле эмес, XX кылымдын башындагы чоң тарыхый окуяларды да кеңири изилдеген. Агайдын өзүн да, эмгектерин да кеңири диапазондогу деп айтууга толук негиз бар. Мисалга алсак, «XIX кылымдагы кыргыз элинин социалдык-экономикалык мамилелери» деген эмгеги эмнеге гана татыбайт? Андан сырткары XX кылымдагы кыргыздын тарыхындагы эң кайгылуу 16-жылдагы окуяны ушунчалык кеңири масштабда ар тараптан карап чыккан. Бул эмгеги өз убагында Орто Азиядагы эң көлөмдүү эмгек болуп эсептелген.

Бул кишинин дагы бир өзгөчөлүгү – кээ бир окумуштууларга окшоп, аспиранттарды көп чыгарайын деп аракеттенген жок, сапаттуу аспиранттарды гана чыгарып, өзүнүн өрнөктүү мектебин түзө алды деп эсептейм. Имел Молдобаев деген эле аспирантын алалычы, бул азыркы учурдагы эң чоң этнограф-тарыхчы. Бир эле окуучусун карап туруп, анын кандай окуучуларды тарбиялаганын көрүүгө болот. Ушул кишинин эмгекчилдигинен, ушул кишинин адамга жасаган мамилесинен улам, окуучулары да ошондой сапаттарга ээ болуп, устатынан көп жакшы нерселерди алса керек деп ойлойм. Агайдын адамдык касиети укмуштуудай эле, анткени үйүнө барасыңбы, жумушка барасыңбы «кел

балам, отур» деп, ар дайым өзүнүн баласынан артык кабыл алчу. Анан да бир жакшы жагы – бардык окуучуларынан «тамеки чегесиңби?», «арак ичесиңби?» деп сурап, «жок, чекпейм, анда-санда ичип коем» десең, «анда сенден окумуштуу чыгат» деп тамашалап күлүп калчу. Үйүнө барганда байбичеси да бөрерге ашын таппай калчу, дегинкиси, ушунчалык адамгерчиликтүү адамдар эле. Өзүм да таң калчумун, «окуучуларына да ушундай мамиле жасайбы» деп.

Анан иштегенде иш тартиби аябай тыкан эле. Мен көп эле окумуштууларды көргөнмүн, столунун үстү кагазга толуп, кагаз, китептери ар жерде чачылып жатчу, окумуштуу өзү да ошондой иштесе керек. Ал эми Кушбек агайдын столунун үстүндө эки эле кагаз – иштеп отурган эле кагазын көрчүбүз. Анан анын архивдик материалы кайда турат, кошумча адабияты кайда турат деп таң калчумун. Столго отурганда тизесин тери менен жаап, белин байлап алып иштечү. «Эрте менен физзарядка жасайм» - деп, аны да көрсөтчү. «Өтө чарчаганда бир саат уктап алам», - деп, ошого чейин айтып берчү. Кыскасы, иштөө ыкмасынын баарын үйрөтчү да бизге. Мындай карасаң, эч бир адам өзүнүн жеке турмушун айтып берип, окуучусуна андай мамиле жасабаса керек. Бул кишинин көп жакшы сапаттарынын канчасын алып кала алдык билбейм. Окуучуларынын эң акыркысы мен болуп калдым окшойт. Менден мурда Айдаркулов деген кандидат болду, андан мурда Молдобаев ж.б.

Кушбек агай жөнүндө айта берсе сөз көп, түздөн-түз аспирант кылып чыгарбаса деле бул кишиге айланчыктап, биз ошол кишинин окуучусубуз деген адамдар көп. Ал кишиден таалим-тарбия алып, кандайдыр бир тарыхчылык кесибинен үйрөнгөн, ал кишини устат, идеал туткандар өтө көп. Мисалы, бизде университетте чогуу иштеп калган Токторбек Наматбекович Өмүрбеков, Жаныбек Жакыпбеков, Кыяс Молдокасымовдор ушул кишиден көп нерсени алышкан,

түздөн-түз жетекчи болбосо да. XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы кыргыз тарыхы менен алектенген адамдардын көпчүлүгү Кушбек Үсөнбаевичти окутуучум деп, устат, идеал тутуп, анын мектебинин мүчөсү болуп калды окшойт. Мына ошол XIX кылымдын тарыхын изилдеген окумуштуулар агайдын мектебинен чыккан десек биз жаңылышпайбыз деп ойлойм.

Өмүрүнүн акырына чейин «ден соолугум жакшы, жигиттердей» деп айтып жүрчү. Бирок ашказан оору жаман нерсе экен, акыры алып кетти. Байбичеси: «кичине ичип жүрсө да, оорубай калар беле» - деп арман кылып калат. Эгер кезү тирүү болгондо дагы да зор иштерди бүтүрмөк. Өмүрүнүн акырында «Ормон ханды» бүтүрдү, мурунку иштерин кайра карап чыкты, бирок «пландарым дагы деле көп» деп айтып калчу. Ошол пландарынын көпчүлүгү аткарылбай калды окшойт деп ойлойм. Аны эми окуучулары аткарат деген ишеничтемин.

Ушунча зор эмгек жасаса да, Академиянын мүчө-кабарчысы гана болду. Мен коркпой эле ачык айта алам, кээ бир окумуштуулар илимге башын сайып, андан башка эч нерсени ойлонбой иштесе деле наамга ээ болбой келе жатса, кээ бир окумуштуулар үстүртөн гана иштеп коюп, заказ менен наам алып жатышат. Кушбек Үсөнбаев да Өкмөт тарабынан, Академия тарабынан толук бааланган жок, бул кишини эл көтөрүп, эл баалады. Агайдын эмгегин баалагандар аны «элдик Академиксиң, Академик» деп коюшчу. Бирок өмүрүнүн акыркы мезгилинде гана Академияга мүчө болуп, академик болбой калганы эң өкүнүчтүү нерсе болду. Буга окшогон Ө. Караев деген окумуштуу да академик эмес, мүчө-кабарчы. Дегинкиси, кыргыз тарыхындагы эң бир чоң тарыхчы, тарыхка көп салымын кошкон Кушбек Үсөнбаев эл баасына татыктуу болду.

Бизде башка мезгилге караганда XIX кылым аябай эле көп изилденди, бирок төңкөрүшкө чейинки кыргыз тарыхында дагы деле болсо казылып изилдене элек тарых бар. Мына ушулардан биз канчалаган тарыхый инсандарды жолуктурабыз, алардын ар биринин артында канчалаган окуя, тарых, жеке инсандар жатат. Андан тышкары XVII–XVIII кылымдар дың бойдон калууда. Негизинен бизде тарыхта изилденбеген көп проблема, орчундуу жерлер бар. Көпчүлүк окуялар эгемендүүлүк алгандан кийин гана ачык изилденүүгө мүмкүндүк алды, же Компартиянын тушунда ачылбаган «көшөгө» эми ачылып, окумуштуулардын кызыгуусун туудурууда. Мисалы, Эне-Сайдан келген мезгил, Россияга кошулуу (өз ыктыяры менен, күч менен делип) ж.б., тарыхый окуялар окумуштууларды дагы деле күтөт.

Өзүм да ушул жерде отуруп, мамлекеттик кызматты аткарсам да, жумуштан кийин калып, изилдөөчүлүк менен алектенем. Совет доору окумуштууларга, жазуучуларга абдан жакшы шартты түзүп, жолду ачып берген. Азыр коомдун өзгөрүшү адамды да өзгөрттү. Мен университетте иштеп жүргөндө бир нече жолу Ташкент, Санкт-Петербург шаарларындагы архивдерде иштөөгө мүмкүнчүлүк алдым. Азыр андай шарт кайдан. Эгерде ошол заман дагы улана бергенде мен дагы деле өз эмгегимди илимге гана арнайт белем. Адам бир жолду тандап алгандан кийин аны таштабаса керек. Устатым Кушбек Үсөнбаевдей нукура илимпоздорду доор агымы да майтара албады, өмүрүнүн аягына чейин бир жерден чыкпай иштеди. Мен да азыр докторлук ишимдин үстүндө эмгектенип жатам. Изилдөөчүлүк ишимди таштабай улантам деген ой бар, мамлекеттик кызмат деген эмне, бир күн бар болсо, эртеси жок нерсе. Кайра эле ошол илимге кайрылам. Бул иш – менин жүрөгүмдүн толтосундагы нерсе", - деп сөзүн аяктаган эле.

2005-жылы күз айларында "Кыргызстанда тарых илиминин калыптанышына жана өнүгүшүнө профессор

Кушбек Үсөнбаевдин кошкон салымы" деген аталыштагы диссертациямды аяктап, кол жазмамды Бектемир Жумабаев агайга алып бардым. Эки күндөй карап чыгып, айрым мүчүлүштүктөрүн көрсөтүп, жумуш менен толук тааныштыгы бар болгондуктанбы же диссертация устатынын эмгектерине арналгандыктанбы, айтор, экинчи оппонент болууга макулдугун берип, иштин корголушунда маңыздуу кеби менен жигердүү катышты.

Айтканындай, илимге кайрадан киришип, докторлук диссертациясын жактады. Өзгөчө, "Памир: Улуу Державалардын ортосундагы геосаясий күрөш" деп аталган монографиясы азыркы учурда жалпы кыргыздарды түйшөлтүп жаткан памирлик кандаштардын маселелеринин көтөрүлүшүнө илимий негиз болуп берди десек болот го. Ошону менен бирге өмүрүнүн акырына чейин тарыхчылардын өлкөдөгү ордосу – КУУнун тарых факультетин жетектөө менен педагогдук ишмердүүлүгүн жүргүздү.

Устат-шакирттин жогоруда белгиленгендей ата-баладай мамилеси илимий чөйрөнүн кийинки муундарына да жукса жакшы болор эле деген изги тилек билдиребиз.

Жакыпбеков Ж.,

Жусуп Баласагын атындагы КУУнун
кафедра башчысы, профессор, т. и. д.

АЛАЙДЫН "АК КӨЗ БҮРКҮТҮ" ЭЛЕ!

(Кесиптешим Бектемир Жумабаев жөнүндө сөз)

Мезгил дегениң зымырап көзгө илешпей өтө берет турбайбы...

Мына, кыргыздын сыймыктуу, даңазалуу уулу, таланттуу тарыхчы, жүрөгүндө кара жок мекенчил, эл, жер дегенде

ичкен ашын жерге койгон кесиптешим, бир чети иним – Бектемирдин ушул өтүп бара жаткан жылдын башында дүйнө салып кеткенин эстеп олтурам.

Бектемирди, 1978-жылы биздин университеттин тарых факультетине окууга кирем деп абитуриент болуп жүргөнүнөн баштап билем. Ал мезгилдерде, университетте абитуриенттерди негизги предметтер боюнча кирүү экзамендерине даярдоо үчүн, республикалык "Билим" коому тарабынан лекциялар окулчу. Мен да ошол жылы "Тарых" адистиги боюнча абитуриенттерге лекция окуп калдым. Кийин студент болуп окуп жүргөндө, Бектемир өзү айтып калаар эле: "Агай, ошол сиздин картаны, анан узун указканы колунузга кармап алып, тарых боюнча окуган лекцияларыңызды дайыма эстейм. Биз үчүн тарых боюнча сизден укkан лекциялар шыгыбызды ойготту", – деп.

Окуп жүргөн учурларында да Бектемир абдан демилгелүү, улуу-кичүүгө бирдей мамиле кылган, курсташтарын максаттуу иштерге уюштура билген, лидер катары окуткан мугалимдеринин көңүлүндө болуп жүрдү. Окуусун ийгиликтүү аяктагандан кийин ал факультетте биз менен чогуу иштеп, окутуучулук эмгек жолун баштады. Мүнөзү өтө кичи пейил, бардык нерсени сергек түшүнгөн, өз алдына зор максаттарды кое билген адис катары, бат эле китепкана – университет айлампасында талбай иштеп, окумуштуу болуп калыптанды.

1990-жылдарда окумуштуу-тарыхчылар К. У. Усенбаевдин, окумуштуу агайыбыз С. С. Данияровдун илимий мектебинен өтүп, "XIX кылымдын экинчи жарымындагы – XX кылымдын башындагы Түштүк Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана маданий турмушунун орус саякатчыларынын эмгектеринде чагылдырылышы" деген темадагы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоду. Бул анын тарыхчы

катары келечек максатка умтулган мээнеткечтигинин биринчи ийгилиги эле.

Ушул учурларда биз – Бектемирлер менен, шаардын түштүк – чыгыш тарабындагы ВПЗ (Восточная промзона – Ж. Ж.) аймагында коңшу болуп жашап калдык. Ошондо ал адамдын кандай экендиги, үй-бүлөлүк турмуштагы орду, балдарына берген тарбиясы – бардыгы көз алдымда болуп, даана билинди. Бектемир үйүндө да жүрөгү тунук айкөл мүнөзүнөн жазбай кыздарын жакшынакай чоңойтуп, жубайы – Эркингүл экөө тең биздикине кирип чыгышып, биз алардыкында болуп, коңшулук эң бир мазмундуу, таттуу мамиле түзгөнгө жетиштик. Ошондо биз Бектемирдин апасы менен таанышып, акыл-насаатын угуп, бири–бирибизге кадыр–барк күтө алдык.

Ошол ВПЗдагы коңшулук учурда Бектемирдин энеси жазгы маалда (март айында) каза болгондо, чогуу иштешкен коллективинен мен жана теңтуш жолдош коллегалары: Алымбек, Кыяз, Турдубек ж.б. Дароот-Коргонго чейин энесинин сөөгүн жеткиришип барып, өз вазийпабызды аткарып топурак салып, зыйнатын кылып келдик. Ошондо мен Кыргызстан чын эле, тоолуктардын мекени экендигин Бишкек менен Чоң–Алайдагы Дароот–Коргондун аралыгы миндеген чакырымдар экендигин өз көзүм менен көрүп, жон терим менен сездим.

Кийин бир ыңгайы келгенде мен ага кайрылып: "Бектемир, сен Чоң–Алайдан Бишкекке, ушунчалык ыраак жерге окуймун деп бекер келген эмес экенсиң! Сенин төрөлгөндөн Жараткан өзүнө ыроологон акыл көрөңгөң, көкүрөгүндө уялаган шык жөндөмүң шыкак берип келгенсиң, – десем - туура агай",- деп күлүп койчу.

Ошол Чоң–Алайдан келгенден кийин биздин агайыбыз Закир Эралиевичке: "Оо, агай, бу түштүктөгү Кичи–Алай, Чоң–Алай деген кыргыз жери, Тянь–Шань тоолорунан да бийик заңкайган, суук жер турбайбы", - десем, ал киши мага

карап: "Кыргыздын жеринин баары эле сенин: "айланайын Панпилүп" дегендей, шахматтын бетиндей тегиз жер деп ойлодуң беле", – деп тамашалаганы эсимде.

Андан кийин, анын үйүндө, биздин үйдө туугандар, жоро-жолдоштор менен чогуу болуп олтуруп калганда жана коллегалар менен баарлашып калган учурларда, мен Бектемирге сыймыктануу менен, бир чети оюн–чындан аны: "Алайдын ак көз бүркүтү" деп койчумун.

Анын элге жакындыгынын дагы бир касиети – ырдаганда үнү укмуш эле, эркектердин "тенор" багытындагы үн болчу. Факультетте өткөрүлгөн салтанаттуу иш-чараларда болсун, "Нооруз" майрамдарында болсун, аны элдин баары чын ыкласы менен суранышып ырдата беришчү. Ал ырдаганда, Т. Казаковдун, С. Бейшекеевдин обондуу ырларын өз ыргагы менен музыкалык мукамдуулугун бузбастан, эргүү менен профессионал ырчылардын деңгээлинде ырдачу.

Декан болгондон кийин деле ылайыктуу жерлерде, окуткан студенттери, магистранттары да: "Агай сиз жакшы ырдайсыз, бизге ырдап берсеңиз",– деп суранышса, эч маалкатпастан, жан дили менен берилип ырдап берер эле.

"Биздин агайыбыз!" - дешип аны студенттер, магистранттар, аспиранттар да сыйлашчу, аларга өз кишилерине мамиле кылгандай, адилет карачу эле.

2000–жылдардын башында Бектемир И. Арабаев атындагы КМУда докторантурада окуп, аны ийгиликтүү аяктагандан кийин, "Памир маселесинин" алкагында "ПАМИР: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш (Расмий Англия жана Кытай) XIX кылымда" – деген темада докторлук диссертациясын ийгиликтүү жактады. Ал көп жылдык илимий–педагогикалык, коомдук ишмердигинин натыйжасында кийинки муундарга көптөгөн руханий мурас калтырды. Анын 4 монографиясы жарык көрдү. Андан тышкары бир нече илимий–популярдуу мүнөздөгү методикалык багыттагы эмгектери, 100дөн ашык илимий

макалалары республикалык деңгээлдеги басылмаларда жарыяланды.

Ал кичипейилдиги, дайыма оптимисттик маанайынан жазбаган, чыныгы тоолук кыргыз жигитинин мүнөзүнө жараша улуу–кичүүгө бирдей жакчу жана өз аурасы менен тегерегине бир пикирдеги, ниеттеш адамдарды топтой алчу.

Мына ушундай төгөрөгү төп келген, кесиптешибиз, Алайдын болот текөөр, алгыр бүркүтү, ушул жылдын ызгаардуу январь айынын ортосунда кырсык болуп, келбес сапарга аттанып, кете берди. Университеттин фойесинде, Бекемдин сөөгүн ардак менен узаткан аза күтүү митингине республиканын чар тарабынан эл чогулуп, кабырга сөөгүбүз сыздап узаттык.

"Бир кем дүйнө" деген ушул тура. Ошол фойедеги аза күтүү учурунда бийик тактада "Б. Жумабаевге 2013-ж. декабрь айындагы КР Жогорку аттестациялык комиссиянын чечими менен профессордун аттестаты ыйгарылды" деген жарыя–кулактандыруу чоктой кызыл тамгалар менен жазылып, илинип турду.

Жалилова Г. А.,
Жусуп Баласагын атындагы
КУУнун ага окутуучусу

БЕКТЕМИР АГАЙДЫ ЭСКЕРҮҮ

Жыл айланып мына бүгүн олтурабыз эскерип
Бектемир агайыбыз арабызда жок деп кейип.
Дос, туугандын арасында баркыңыздын
Бийиктигин турасыз ушул күнү далилдетип.

Эсте ал күн-укканы суук кабар-кыштын күнү,
Көңүл чөгүп баарынын кайгырганы.

Жакындардын көз жашына орток болуп ,
Жаратылыш бороондоп ыйлаганы.

Жаркылдап угуп сөзүң, берип жардам,
Бар болчу анда акылмандын улуулугу.
Жөнөкөй, ишенчеек, ак көңүлдүк жана дагы
Бар болчу анда жаш баланын баеолугу.

Тумагы түшпөй колунан, жолугуп калсаң жолунан,
Алик алып ар биринен, жылуу сөздөн аянбастан.
Жигиттик сапаты бар болчу агай, сизде,
Ушак – айың, жаман сөзгө аралашпай эч качан.

Үй-бүлөңүз, жоро-жолдош, орун басар,
Элесиниз кала берет баарыбыздын арабызда.
Жүрөктөрдө сакталып кала бермек,
Созолонтуп ырдаган мукам ырларында.

Исабекова М. И.,
Жусуп Баласагын атындагы
КУУнун доценти, т. и. к

АНЫН ЖАРКЫН ЭЛЕСИ ЖАНА ЖАЗГАН ЭМГЕКТЕРИ УНУТУЛБАЙТ

Бектемир – эң жөнөкөй, кичи-пейил, адамгерчиликтүү, ак ниет, эмгекчил инсан эле. Ал мени окуткан эжекеси жана аяш эжеси катарында сыйлачу. Анткени, менин бир тууган иним, анын аты да Бектемир болчу (адаш деп койчу) – экөөсү бир группада окушуп, өтө ынак, жакын дос эле. Иним окуусун бүтүп, айылга кетип, үйлөнгөндө, атам-энемдер өткөндө да Лейлекке чейин барып келген. Инимдин Алымбек деген уулу Москвада 3-курста окуп жатканда, катуу ооруп келип, эртең мененки саат 6да каза болуп, ошол күнү коюлду. Ал

эми Бектемир ошол күнү, ооз ачар маалына чейин жылкы таап, сойдуруп, бышыртып, кафеге дасторкон даярдатып, бардыгын уюштуруп, ииниме жөлөк болду. Жалаң гана досторуна эмес, ар бир өзү тааныган инсанга колунан келген жакшылыгын аячу эмес.

Иним да Бектемир менен шаарга келген сайын жолугушуп, баарлашып, тең-теңи менен дегендей, Бектемирдин турмушундагы бардык орчундуу мезгилдерде, чогуу жанында болчу. Бектемир окууну ийгиликтүү аяктагандан кийин, биздин кафедрага он жылдай иштеп туруп, И.Арабаев атындагы Педагогикалык университетинин чыгыш бөлүмүнүн башчысы болуп кетти, ал жактан кайра өзүбүздүн факультетке декан болуп келди.

Ал жаш мезгилинен эле ишине тыкан, оз кесибин сүйгөн, студенттер арасында да кадыр-баркка ээ болгон, педагогикалык кесип менен кошо, илим иштерин иликтеген эмгекчил жаштардан эле. Декан болуп кайра келгенден кийин да эртеден – кечке жумуш үстүндө болоор эле, ошону менен кошо Памирдик кыргыздардын тарыхына байланыштуу докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоду. Факультеттин ишине айкалаштырып, көптөгөн КМШ өлкөлөрүндөгү жана чет өлкөлөрдөгү илимий конференцияларга, симпозиумдарга катышып, өзүнүн да илимий макалаларын, эмгектерин жарыкка чыгарды. Ал декан болуп турганда факультетибизде онго жакын кандидаттык, үч докторлук диссертация корголду. Алардын бардыгына колунан келген жардамын көрсөтүп, көмөктөштү. Ал улуу-кичүү дебей, улутуна, жерине, чинине карабай, бардыгына бирдей, калыс мамиле жасачу.

Тарых факультетинин бүтүрүүчүлөрү менен да байланышып, жыл сайын алар менен тарых факультетинин жамаатынын жолугушууларын уюштуруп, көзү өтүп кеткен, факультетте өмүр бою иштеп келген окутуучулар жөнүндө

конференцияларды, эскерүү кечелерин өткөрүп турчу. (А. Хасанов, С. Табышалиев, Б. М.Зима).

Бектемир өзүнүн үй-бүлөсүндө да сүйүктүү жар, камкор ата эле. Ал мончоктой эки кыз, бир уулду тарбиялап, окутуп өстүрдү. Улуу кызынын тоюн белгилеп, узатаарда, өзү кете берди.

Бектемирдин жаркын элеси, анын жазып калтырган эмгектери эч качан унутулбайт, кылымдарды карыткан кыргыз элинде кылымдарга жашай берет.

Капалбаев О. Э.,
И. Арабаев атындагы
КМУнун доценти, т.и.к.

БЕКТЕМИР АГАЙ ЧЫНЫГЫ МЫРЗА ЭЛЕ...

Миндеген жылдарды, ондогон кылымдарды башынан өткөрүп келген кыргыз эли өзүнүн улуттук баалуулуктарын дээрлик толугу менен бүгүнкү күнгө чейин сактап келе жатат. Бул аралыкта көптөгөн тоскоолдуктарга дуушар болсо дагы кайра чыйралып, улам күчтөп чыңалып турду. Кыргыз элин басып алуу, кырып жок кылуу иш аракеттери сырт душмандары тарабынан жасалып, айрым учурларда ишке ашып келсе, ошол эле учурда ички карама-каршылыктарга дагы тушугуп «өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» болуп да келдик. Себеби, кандай деген гана империялар, улуу дөөлөттөр, хандык-падышачылыктар тышкы эмес ички цивилизациялардын басымына чыдабай жок болуп, бытырап, тарых эстеликтеринде, саргайган кагаздардын беттеринде калды, биз дагы алардын тагдырын кайталап, ошолордун кебетесин кийип калышыбыз толук мүмкүн эле.

Бирок, кыргыздын улуттук баалуулуктарынын эң негизги белгилеринин бири кыргыз өзүн эч качан эсинен

чыгарбагандыгы, ким экендигин унутпагандыгы менен айырмаланып, өзгөчөлөнүп турат. Ошондуктан, өз тарыхын, санжырасын, ата тегин билбегендерди «жети атасын билбеген жетесиз кул» деп жектеди, башкалар көргөн сый-даражалардан куру жалак калтырды. Тукумуна, болочок урпактарына өтө кам көрүп, жети ата өтмөйүнчө кыз алып, кыз берүүгө катуу тыюу салып келди. Ал үчүн уул-кызына нарк-насилди, үрп-адатты, каада-салтты, ырым-жырымдарды үйрөтүп, аларды аткартып жашап келди.

Кыргыздардын алгачкы жазма тарыхчысы Осмонаалы Сыдык уулу: «Тарыхты жүрөгүндө оту жигиттердин баары билиши керек» деп шыкак, дем берип кеткен экен. Бирок, бул жерден бардыгыбыз эле тарыхчы болушубуз керек экен деген түшүнүктү эмес, кандай гана кесиптин ээси болбогун өз элиңдин, жериңдин, урук-уруудун тарыхын биле жүр деген мааниде кабыл алуу зарыл.

Бир кызык нерсени белгилегим келет, «коом же доор алмашаарда тиешеси барга дагы, тиешеси жокко дагы тарых эрмекке айланып калат экен» [Тарых, тарыхчылар жана мезгил, 2014: 19]. Себеби, атайын билими бары дагы, жогу дагы баарысы эле тарыхты, эл эмес кичинекей урук-уруунун санжыра-тарыхын том-том кылып жазышып, телеге чыгып жыйын уюштуруп, байма-бай конференцияларды өткөрүп, бүгүнкү замандын шаңына шаң кошуп жатабыз. Ал эми чындыгында «чымчыкты сойсо дагы касапчы сойсун» дегендей кыргыз элинин тарыхына, мамлекеттүүлүгүнө жана көөнөргүс маданиятына эмгек сиңирген тарыхый инсандардын эмгектери тиешелүү адистердин сунуштарынан кийин гана мааракелери белгиленсе. Болбосо, Кыргызстан аш-тойлордун, түркүн түстүү эстеликтердин борборуна айланып бара жаткандыгы кээде тынчсыздандырат.

Бектемир Миталипович менен ушул темаларда сүйлөшүп калганымда, кабинетти шаңга бөлөп, каткырып алгандан кийин: «Октябрь, билесиңби, адамдардын ушинтип өздөрүнө

өздөрү жумуш табып, бир нерсе менен алаксып тургандары дагы жакшы нерсе. Азыр биз, жетимиш жыл ичинде жоготуп ийген нерселерибизди издеп жатабыз. Аларга сенин таап берген нерселериң жетишсиз. Өздөрү тапканга, издегенге аракет кылып жатышат. Ал эми кесипкөйлүк жагы такыр башка маселе, бул жагынан биз аларды мифолог деп коёбуз. Алар менен көп талашпа. Ар ким өз ишин аткара турган бир учур келет, шашпай тур. Сен андан көрө алардын зыянын эмес, пайдасын изде, керектүүсүн алып кал. Бизге чынында бул дагы керек» – деп, андан ары талашып-тартышуу маанисиз экендигин түшүндүрөөр эле. Такыр эле айткан ыгына көнбөй же өз оюнду эч кимге бербей жатсаң, кыраан каткырыкты салып, шымын оңдогон киши болуп ары басып кетчү. Көрсө, мунусу бул дагы өз оюн айтып жатат, катуу айтып көңүлүн оорутуп албайын. Өзү кийин түшүнүп алар дегени экен.

Бектемир агай бизге сабак бербесе дагы аны сыртынан таанып педагогикалык, илимий жана саясий иштерди бирдей айкалыштырып алып бара жаткандыгын көрүп кийинки муун агайга чынында эле суктангандыгыбызды жашырчу эмеспиз. «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат» дегендей факультеттин отуруш-майрамдарында мукамдуу, укмуктуу жана жогорку артисттик аткаруучулукта аткарган ырларын укмандан кийин «чыныгы тарыхчы ушундай болуш керек» деп, ырга жакыныбыз агайды жакынсынтып, ырдан алысыраактарыбыз «тарыхчы ырдаганы үчүн эмес, изилдегени үчүн айлык алат» деп, сыр алдырбаганга аракет кылчубуз.

Ошол кезде отуздун тегерегиндеги агайлардын топтошуп сүйлөшүп тургандары, бирин-бири тамашалашышы мага өзгөчө көрүнчү. Алардын ичинде - өздөрү атап алышканбы же эл аларга ошондой атак беришкенби - «Беш каман» деген чоң топ бар эле. Алар өздөрүн мындай деп атабайт эле. Эл ичинен сөзгө тапаны бир-эки жерде айтып коюп, андан ары

уланып кетсе керек. Бирок, туура эле айткан экен деп, атты ким койсо дагы даана коюптур деп таң калчумун. Карасаңыз, беш каман төмөнкү агайлардан турган: илимге чыйыр сала алган, бизнестин майын чыгара билген маркум Билал агай, биз кеп кылып жаткан, профессор, маркум Бектемир агай, азыркы мезгилде атагы ай-ааламды чапчып турган беделдүү изилдөөчү, профессор Кыяс агай, сүйүү менен поэзиянын гүлүн терген, доцент Жээнбек агай жана кыргыз дегенде жалындап күйгөн оттой жигит, доцент Алымбек агай. Бешөө Кыргызстандын беш тарабынан, беш башкача ар тараптуу өсө билген жигиттер. Булар бизге чыныгы достукту көрсөтүп, достуктун символу боло алышты. Үлгүлүү даражага жетишти. Аттигиң дейсиң, бир кезде беш манжадай толук болуп, бир муштумга айланып турган агайларым азыр кемип, жүрөктөрүнөн кан сызылып, мурункудай боло албай турушат.

Бектемир Миталиповичти жакындан 2002-жылдан баштап биле баштадым. Ал учурда биз иштеп жаткан окуу жайдын педагогикалык деген макамы бар эле. Бул жерде агай Чыгыш тилдери жана маданияты институтунун директору кызматында эч кимге камчы салдырбай, коллективине өтө кам көргөн жетекчи катарында иштей алды. Бектемир Миталипович биринчилерден болуп, магистр академиялык даражасын алып келгендердин айлыгын жогору коюп, алардын андан ары дагы серпилүүсүнө мүмкүндүк ачкан эле. Мына ошол агайдын ыкмасы азыркы күндө университеттик деңгээлде аткарылып, өз натыйжасын үзүрлүү берип жатат.

Агай, адам деген бийик сапатты жоготпой татыктуу жашап кетти десем эч качан жаңылышпаган болор элем. Минтип айтып олтуруума бир нече фактылар бар. Аны мен айтпасам ким айтат, ким жазат. Анткени, чындыкты биле жүрсүн деген ой мененби, ким билет, Бектемир агай өзүнүн турмушунда болуп жаткан орчундуу ойлору менен бөлүшүп калчу эле. Ошолордун бирин-экинин ортого сала кетейин.

2005-жылы Кыргызстанда чоң бурулуш, Март окуясы, төңкөрүш болуп, бийлик алмашты. Бир кезекте кызматтан айдалгандар кайра бийликке келишип, кызматтарды бөлүшүп, өтө таасирдүүлөрү кызматтарды сатканга дагы жетишип калды. Бул чоң мүмкүндүк экен да. Себеби, «банкрот» болбойсуң же товарың күйүп кетпейт, акчасын алдың, кызматка койдуң, маселе чечилди.

Мына ушундай шарттарда Бектемир агайга дагы И.Арабаев атындагы университетке ректор болуу сунушу келип түшөт. Ал учурда ректор Аблабек Асанканов эле. Сунушка башка киши болгондо дароо макул болот беле. Анткени сени жогору жактан колдоп жатса, кантмек. Жок, Бектемир агай андай жолго бара албады. «*Иштеп жаткан кишинин кызматын кантип талашам. Башка киши болсо дагы мейли эле, өзүмдүн агайым, коллегам болсо, эртең агайдын, башка кесиптештеримдин бетин кантип карайм. Андан көрө кызматым жок жүргөнүм жакшы эмеспи. Дегеле кызматка минтип барган болбойт. Бош болсо бир жөн эле. Бирөөну кубалап барсаң, кубаланып кетесиң*», - деп артын күлкүгө айлантып, оюн ортого салган.

Бир жолу, «Мен эч кимге жамандык кылган жокмун, жамандык кылмак мындай турсун, жаман дагы ойлогон жок элем. Бирөөлөрдүн тилине кирип алып, ой-боюма койбой шыкактаганынан кол коюп берип коюп, ошону эстеген сайын жүрөгүм зырпылдап аябай кейийм. Ушул мени аябай өкүндүрөт, эмне кылмак элем болор иш болду да», - деп, менден көңүл жайкай турган сөз уккусу келип телмирип тиктеп калар эле. Ээ, чиркин десең, көңүл жубатаарлык сөз айта алсаң, маанайын көтөрө билсең өзүңдү жаман эмес экенмин ойлой берсең болот.

Жетекчи болуш өтө кыйын. Болбогон нерселер менен пендечилик кылып бири-бирибизди жетекчиге жамандап бара беребиз. Айрым жетекчилер бирөө айтып барган нерселерди «көгөртүп-көктөтүп, бутактатып-шактатып, жемиш байлап

мөмөлөтүп, көбүртүп-жабыртып» жиберет. Анысы аз келгенсип экөөнүн урушун кайра күчөтүп жиберет эмеспи. Ал эми Бектемир Миталипович сырткы кебетесиндей ички дүйнөсү дагы өтө кенен экен. «Эр жигиттин ичине эр токумду ат батыптыр» деген макал агайга куп жарашат эле. Укканды билген адам болгон тура. Бирөө мени жамандап келдиби десе, сени же сизди эмнеге жамандамак эле. Өзүнүн эле иштери боюнча келиптир деп, сөздүн нугун башка нерсеге буруп, токтотуп койчу экен. «Эки адамды уруштургандан, бирине бирин кайрагандан жаман нерсе жок» дечү адамдык сапат, касиет тууралуу кеп козголуп калганда. Адам адамга муктаж, адам адамдан көп нерсени үйрөнүшү керек.

Байыркы грек ойчулу, жазуучусу, тарыхчысы Плутархтын мындай деп айтып кеткени бар экен: «Жакшылык каалабаган тарыхчынын мүнөзүндөгү белги – тарыхый ишмерлерге же бир окуяларга байланышкан эки же андан көп маалыматтардын ичинен эң жаманын көрсөтөт» [Тарых, тарыхчылар жана мезгил, 2014 : 20].

Ушуга жана кыргыз элинин тарыхына, өзүн таанып билүүсүнө байланыштуу тарыхчылардын адистердин божомолдорун, сунуштарын талкуулап калган учурларда кенендик кылып, «Ал анын ою, ар бир ойду сыйлаш керек. Бирок, жыйынтыкты, бүтүмдү өзүң чыгарасың да», - деп далыга таптап калаар эле. Аның сыңарыдай, ар нерсенин жаманын эмес жакшысын, айтылбай турганын эмес айтчусун айта жүрсөк, тайыздабай, бийиктейт элек.

«Эле, эле, эле...» деп өлгөндөн кийин гана жакшы жактарын өпкөлөп калбай тирүү кезде жылуу сөз айтышып, сыйлашканга не жетсин.

Бектемир агай, өрнөктүү өмүрүңүздө көп нерсени калтырып кеттиңиз...

Колдонулган адабият:

Тарых, тарыхчылар жана мезгил. Учкул ойлор / Түзгөн: Капалбаев О. Э. – Б., 2014. – 80 б.

Каратаев О. Ж.,
Кыргыз-Түрк Манас университетинин
профессору, т. и. д.

БЕКЕМИН ЖАРКЫН ЭЛЕСИ ЖҮРӨГҮБҮЗДӨ ТҮБӨЛҮК САКТАЛАТ

Маркум Миталип уулу Бектемир Жумабаевдин арабыздан кеткенине жыл айланып олтурат. Шум ажал арабыздан достукка бекем, жароокер жана камкор атаны, мыкты педегог жана жакшы тарыхчыны алып кетти. Артынан кайгы тарткан үй бүлөсү, тууган-уруктары, аза күткөн достору, кесиптештери, санаалаштары калды. Жашоо көз ирмем сыяктуу байкалбай, закымдап бат өтүп жатканы сезилет. Бул жашоонун көз ирмемдегиси достор, жакындар арабызды таштап кетишкенде байкалат экен. Ооба, Бекe досубуздун көз жумганына жыл толуп олтурат...

Бекебиз ошол Чоң Алайдын Дараут-Коргонунда дүйнөгө жарыкка келип, советтик чарбанын активи болгон Миталип атабыздын колунан тарбия алган. Бекенин энесинин төркүнү Кичи Алайдан болорун, анын сөзгө өтө чебер, жамакчылык өнөрү бар инсан болгондугун укканым бар. Орто мектепти аяктагандан соң, ошол учурдагы партиялык-комсомолдук факультет деп аталган, калк арасында абройу бийик болгон тарых факультетине келип тапшырат.

Кесиптик денгээли жогору болгон тарых факультетинин окутуучулар-профессордук курамынан билим алган Бектемир Жумабаев университетти артыкчылык диплому менен аяктап чыгат. Бейиши болгур Бекенин өз оозунан укканыма караганда, аны университетке стажёр катары М.Б.Жамгырчинов сунуш этип алып калганын кобураганы бар. Тажрыйбалуу педагог жана чыгаан тарыхчы Мидил агай Бекемен болочоутогу тарыхчыны, педагог-уюштуруучуну,

адамгерчиликтүү жана терең маданияты бар инсанды көрө алган.

Мен Бекем менен өткөн кылымдын 90-ж. таанышып калдым. Ал экөөбүз кандидаттык минимумдарды тапшырмакчы болуп, илимдер академиясынан кезигишип, таанышып калдык. Арийне, Бекеми ага чейин эле сыртынан билчүмүн. 1980-ж. экинчи жарымындагы коомдогу жаңылануу процессине да жигердүү катышкан. Ошто, Чоң Алай ж.б. жерлердеги жыйындарга жигердүү катышып, ошол доордогу бийлик системасын жана коомдогу идеологияны сындап чыканы белгилүү. Мен илимдер Академиясынан улуттук университетке которулуп келгенден тартып ынак болуп кеттик, сырдашкан досторго айландык. Булбулдай үнүн созгон Бекем катышкан отуруш дайыма шандуу, жандуу өтө турган. Үйүнө барып калсак жеңем дайыма күлүп тосуп алып, колунда бар тамагын алдыбызга койчу. Жеңебиздин кел-алга кенен экендигин билип, достор тартынбай эле үйүнө кирип барчубуз, музыканын коштоосу менен созолонто ырдачубуз.

XIX к. эң бир актуалдуу маселелелерине арналган илимдин кандидаттык диссертациясын коргогондон соң, чоңдор Бекемин иштемчил, ары уюштуруучу жөндөмүн байкашып, Жогорку Кеңештин депутатынын кеңешчиси, ЖК Спикеринин жардамчысы, чоң бөлүмдүн жетекчиси катары бир катар жылдар иштеп калды. Мыйзам чыгаруу иш-чараларына катышып, чиновниктик сапаты такшалды.

И.Арабаев атындагы университеттеги Аваз Атаханов деген чыгыштаануучу негиздеген Чыгыш тилдери жана маданияты институтун да жетектеп, ондогон, жүздөгөн чыгыштаануучу адистерди даярдоону жетектеди, сырттан, чет элден таанымал адистерди окутуу процессине кылдаттык менен чегерди. Чындыкты бетке айткан, түз сөзү бар киши жетекчиликке жакпайт эмеспи. Дал ушул кырдаал Бекемин да башына келди. Ошол кездеги философ-ректордун артынан

түшкөндүгүнө байланыштуу докторантура деген шылтоо менен жумуштан чыгарылганын эл билет.

Докторанттын арзыбаган стипедиясы менен үйүндө олтуруп калган Бектемир Миталиповичти Кыргыз Улуттук университеттин ошол кездеги жетекчилиги, тарых жана чөлкөм таануу факультетинин чоң жамааты декандык кызматка чакырышты. Мында Бекенин бир гана "альма матерге" кайрылып келүүсү эмес, такшалган илимпоз-жетекчинин "өз элине", өзү билим алып, өсүп-өнүккөн жерине, өзүн окуткан агай-эжелер иштеген жерге, эбактан салттуу чөйрө сакталган куттуу жерге кайрылып келди. Мүнөзүнүн жумшактыгы, ички жана сырткы маданиятынын айкалышып турушу өзүнүн ички салттуу маданияты бар тарых факультетинин жамаатын биримдигин ого бетер чыңдады. Бекемин калыстыгы, кызматкерлердин баарына бирдей мамилеси, жумуш процессине койгон талабы бийик болучу. Ал киши факультеттин окутуучулар-профессордук жамаатынын сапаттык денгээлин айтып алып ыраазы болгонун көрдүм. Чындыгында, факультеттин адистеринин сапаттык денгээли айрым университеттердин денгээлинен жогору тургандыгы белгилүү. Андан соң, илимдин докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоду, бир катар чет жерлерде докладдар менен чыгып сүйлөдү. Диссертациясын коргогонго чейин эки монография, усулдук колдонмолорду басмадан чыгарган эле.

Бекем менен биздин жеке достугубуздан сырткары, үй бүлөлүк да бекем катышыбыз бар эле. Катышыбыз азыр да уланууда, арийне, анын орду дайыма жоктолуп турары ырас. Бекем келсе балдарым астынан утурлап чуркап чыгышчу. Алар кийинчерээк бой тартышкандан кийин деле Бекеме болгон сый-урматтары ого бетер күчөгөн болучу. Анын ордунун жоктолушун мен өзүм көбүрөөк сеземин.

Айла канча, калк айтмакчы, досубуздун жашабай калган өмүрүн уулу Жэбеге насип этсин. Жаткан жери жайлуу,

топурагы торко болсун. Беке досубуздун жаркын элеси биздин жүрөгүбүздө түбөлүк сакталып кала берет...

Кененсариев Т.,
И. Арабаев атындагы
КМУнун профессору, т.и.д.

ЧЫГААН ОКУМУШТУУ БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВ ЖАНА ГЕОСАЯСАТТЫК "ЧОҢ ОЮН" МАСЕЛЕСИ

Азыркы учурдун негизги белгиси - дүйнөлүк ааламдашуунун ыкчам жүрүшү. Эгер XIX кылымда иш жүзүндө дүйнөнү бөлүштүрүү жараяны жүргөн болсо, XXI кылымда бөлүнгөн дүйнөнүн мамлекеттерине ири державалардын геосаясаттык таасир этүүгө умтулуусу активдешүүдө. Ошондуктан, азыр дүйнөлүк геосаясаттык маселелерди тарыхый аспектиден изилдөөнүн чоң амалияттык мааниси бар. Анткени, азыркы ааламдашуу жараянынын негизинде болуп жаткан тарыхтагы зор өзгөрүүлөр жаңы тарыхый көз караштарды, ага ылайык илимий толуктоолорду талап кылууда.

Аталган таризде геосаясат маселелеринин ичиндеги алгачкы мисалдарынан болуп XIX кылымдагы «Памир маселеси» эсептелет. Батыш тарыхнаамасында зор империялардын ортосундагы Борбордук Азия үчүн күрөш «Great Game», «Чоң оюн» (орусча – "Большая игра") деп белгиленип, кылымдын аягында бул аймактагы геосаясий карама-каршылыктын жогорку чеги Памирге келип такалган. Анткени, Россия Кокон хандыгын каратып алгандан кийин анын түштүк чек арасы британиялык Индиянын түндүк аймактары менен чектешип, бул жаңы геосасий кырдаал өз кезегинде Англиянын орустар Индияны басып алат деген кызганычын жараткан. Бул «Чоң оюнга» өзүнүн геосаясий

кызыкчылыгына жетеленген орто кылымдык Кытай, андан соң ага Афганистан да кошулган.

«Памир маселеси» жана анын чечилиши ошол аймакта жашаган калктын (кыргыздар жана тажиктер) тарыхый тагдыры менен тыгыз байланыштуу. Анткени, улуу державалардын ортосундагы колониялык чек аралардын бөлүнүшү жергиликтүү элдин кызыкчылыгын эске албастан, тескерисинче, жергиликтүү калкты өз жерине болгон «тарыхый укуктарынан» ажыраткан. Дүйнөлүк бул тарыхый процессти изилдөө өткөн тарыхты үйрөнүү гана болбостон, бүгүнкү күндүн сабагы болууга тийиш. Борбордук Азия үчүн бул «Чоң оюн» бүгүнкү жаңы шарттагы башка «оюнчулардын» АКШ, Россия, Кытай ж.б өлкөлөрдүн ортосунда улануууда. Тарыхтын өткөндөгүсүнөн сабак алуу, катачылыктарды кайталабоо келечек муун үчүн зарыл, демек проблеманын ургаалдуу жагы дал ушунда экендиги анык.

Аталган поблема азыркы кыргыз тарыхнаамасынын актуалдуу маселелеринен болуп саналат. Так ушундай геосаясаттык изилдөө иши таланттуу окумуштуу Бектемир Миталиповичтин калемине туш келген жана ал 2010-жылы бул маанилүү тема боюнча доктордук диссертация коргоп [1], монография да чыгарган [2].

Натыйжада памир кыргыздарынын XIX кылымдын аягындагы XX кылымдын башындагы тарыхына империалисттик өлкөлөрдүн ортосундагы «Чоң оюндун» жүрүшүнүн жараянынын тегерегинде комплектүү изилдөө жүргүзүлгөн. Англия, Россия жана Кытайдын ортосундагы геосаясий талаштын негизинде чек алардын бөлүнүшүнүн кыргыздардын тарыхый тагдырына тийгизген таасирин кеңири булактардын негизинде тактап чыккан.

Бектемир Миталиповичтин изилдөөсүнүн баса көрсөтө турган олуттуу мааниси анын ата мекен тарыхында «Памир маселесине» байланыштуу памир кыргыздарынын тарыхын алгачкылардан болуп комплекстүү изилдөөгө алгандыгы.

Изилдөөдө көпчүлүк архивдик булактар биринчи жолу илимий айлампага киргизилген.

Өздөрү түздөн-түз күбө болуп байкоо жүргүзгөн этнографиялык изилдөөлөрдүн авторлору Б. Л. Громбчевский [3], К. К. Казанский[4], Б. В. Станкевич [5], Ю. Д. Головина [6], Н. Л. Корженевский [7], Б. Л. Тагеев[8], В. Н. Зайцев[9], А..Снесарев[10] сыяктуулардын эмгектери, ошол жылдары Памир маселесине байма-бай көңүл буруп турган «Исторический вестник»[11], «Русский вестник»[12], «Наблюдатель»[13] журналдарынын, «Новая время» [14] газетасы сыяктуу мезгилдүү басма сөз материалдарынын, атүгүл башында көрүнүктүү англиялык мамлекеттик ишмер, географ Сэр Генри Роуинлсон [15] турган бир катар Улуу британиялык изилдөөчүлөрдүн эмгектери, алардын ичинде Орто Азияны мүлдө кыдырып, Памирге чейин жетип анын географиялык-сясий маанисин жазган Д. Керзондун [16] жана «чоң оюундун» түздөн түз катышуучусу «Памир кризисинде» чоң роль ойногон англис офицери, саякатчы Ф.Юнхазбанддын [17] эмгектерине да таасын баа берилген.

Бектемир Жумабаев Памир кыргыздарынын географиялык абалын, кыскача тарыхын жана уруулук курамын мурунтан эле изилдеп келген эле. Ал изилдөөлөрдүн негизги илимий жыйынтыктары катары Памир кыргыздарынын социалдык-экономикалык жана этно-маданий тарыхынын ага чектеш турган аймактарында (Алай, Чыгыш Түркстан) жашаган түрк тилдүү элдер менен тыгыз этногенетикалык байланышта болгондугу белгиленген. XIX кылымдын экинчи жарымындагы Памир кыргыздарынын чарбасы, жашоо тиричилиги жана социалдык абалы изилденип, коомдук түзүлүшүнө көңүл бурулган. Окумуштуу памирлик кыргыздардын чарба жүргүзүүсү ар түрдүү жана ар кандай деңгээлде болгондугун, Памир тоо системасынын жер шартына ыңгайлашкан мал чарбасын өнүктүрүшүн, алардын көчүү циклинин илгертеден белгиленген тартипте жана ар

бир урууга тиешелүү аймака белгилүү маршрут менен жүргүзүлүшүн белгилеши илимий жактан далилдүү жана негиздүү тастыкталган. Памир кыргыздарынын кошумча чарбасы (мисалы, аңчылык, кол өнөрчүлүк, соода) да белгилүү деңгээлде жакшы иликтенген. Ошол эле учурда этнографиялык маанайдагы материалдар да (материалдык жана оозеки маданияты), социалдык түзүлүшү, коомдук байланыштары кеңири чагылдырылган. Кыргыздардын уруулук түзүмү жана жайгашышы байыркы санскрит тилдеринен баштап, кыргыз-түрк, фарси таджик тилдеринде топонимдер, айрыкча кыргыз тилиндеги аталыштардын басымдуулугу кыргыздардын ал жерде тээ байыртадан эле мекендегендигинен кабар берет деген жыйынтыгы көңүлгө аларлык тыянак болгон [18].

Бектемир Миталиповдун кийинки изилдөөсүнүн нагыз өзөгүн "Памир - үч улуу державанын ортосундагы геосаясий кызыкчылыктын чордону (XIX кылымдын аягы)" деген чийеленишкен маселелерди камтыган проблема түзүп турат. Окумуштуу «Памир маселесинин» келип чыгышы жана анын чечилиши, Памир үчүн Орусия менен Англиянын ортосундагы геосаясий күрөштү ынанымдуу изилдеген. Эл аралык мамилелерде көп көңүл бөлүнүп жүргөн «Чоң оюндун» чынында орус тарыхнаамасында «чыгыш маселеси» деп аталган чоң саясий маселени изилдөөнүн уландысы болгон деп туура белгиленген [19].

Б. Жумабаев орус падышачылыгынын Памирди аскердик-топографиялык илимий изилдөө үчүн ар кандай экспедицияларды жөнөткөндүгү илимий жактан да чоң мааниси болгондугун жазып калтырган. Маселен, 1883-жылы курамында: астраном, генштабдын офицери Д. В. Путята, тоо инженерии Д. Л Иванов жана топограф Н. А. Бендерский болгон Памир экспедициясы, бир тууган Грум-Гржимайлолордун Памирге болгон төрт саякаты ал аймактарды изилдөөгө чоң кадам жасаган деп белгилейт.

Грум-Грижимайлолордун изилдөөлөрү түштүк Сарыколду картографиялаштырууга Памирди, Кашкарды географиялык жактан изилдөөгө салым кошкон[20]. Жогоруда аты аталган окмуштуулар Памирдин физика-географиялык абалын изилдешсе, Б. Л. Громбчевский 1988-1890 –жж Памирди саясий жана тарыхий-этнографиялык жактан терең изилдеген. Ал 1880-жылдарда эле Түркстан генерал-губернаторлугунун Маргалан уездинини начальнигинин жардамчысынын кызматын аткаруу менен жергиликтүү элдин үрп-адатын, тилдерин (кыргыз, өзбек, тажик) үйрөнгөн.

Орус географиялык коому англо-орус каршылыгынын күчөп турган мезгилинде дүйнөнүн эң бийик Куэнлун, Гиндикуш жана Каракорум тоолорунун бириккен жерлерин географиялык абалын, Кашкар тоо кыркаларын, Памирди изилдөө үчүн жөнөткөн.Б.Л.Громбчевский 1888-ж. 12-июлунда Маргалан шаарынан 4 казак жана 2 жол көрсөткүчтүн коштоосунда жөнөп кеткен[21]. Б.Л.Громбчевский 1889-ж. Памирди экинчи жолу изилдөө үчүн алты казак-орустун коштоосунда Дароот-Коргондон баштап, Каратегин өрөөнүнө түшкөн жана аны кыдырып Петр 1 кырка тоосун ашып өтүп, Обихингоб дарыясы менен Калаи –Хум аркылуу Памирге карай жөнөгөн. Памирдин эч ким ашпаган далай ашууларын ашып, Мургаб, Аличор өрөөндөрүн кыдырып жүрүп, Раскем өрөөнүнө чейин жеткен[22]. Б. Л. Громбчевский Памир экспедициясы мезгилинде памир кыргыздарынын арасында болуп Чыгыш памирдин саясий абалы тууралуу жергиликтүү элден бир топ маалыматтарды жана легендаларды жыйнаган.

Б. Л. Громбчевскийдин изилдөөсүнүн маалыматтарынан окумуштуу «тээ байыртан бери Памирди Кокон хандыгынын койгон өкүлдөрү башкарып келгендигин, Мадали хан башкарган мезгилде тажик Ляшкар кушбеги дайындалгандыгын, ал Тагармада жашап өзү Сарыколду башкарып, Таш-Коргонго Одинабек деген тажикти

дайындагандыгын" тастыктаган. Андан ары Ляшкар кушбегинен кийин Мала хан алайлык найман уруусунан чыкан Гайып датканы коюп, ал өзү Чакыр-Агыл коктусунда жашап, Аличор, Улуу Памир, Ак-Суу дарыяга чейинки жерлерге бектерди дайындаган,ал эми Вахан өрөөнүнө Бозой датканы койгон, ал Канжутар менен болгон кагылышууда каза болуп ал көмүлгөн жер Бозой-Гүмбөз деп аталат деп жазат. Шерали хандын мезгилинде каратейит уруусунан чыккан алайлык кыргыз Тилла датка, андан кийин бозторгой найман уруусунан Каракул датка дайындалган. Кудаяр хандын Памирдеги өкүлү болуп Маргалан уездинин Ичкилик волостуна караштуу Хожо-Арык айылынын тейит уруусунан Молдо Мурат датка иштеген. Бул маалыматтар кыргыз тарых илиминде белгисиз болуп келген бир катар маалыматтарды жарыкка чыгара алган [23].

Окумуштуунун Саиб Назар аттуу адам жөнүндө берген маалыматтары да кызыктуу. Саиб Назар жөнүндө XIX-кылымдын аягында Памирге барган саякатчы же аскер адамдарынын дээрлик көпчүлүгүнүн жазгандарынан жолукутурабыз. Ал бүткүл Памир-Алайга белгилүү каракчы болгон. Кудар дарыясынын куймасында анын кыштоосу жайгашкан Памирдин ызгаардуу кышын ушул жерде өткөрүп, жайкысын Алайга көчүп кеткен. «Анын данкы жүздөгөн чакырым алыс жакка тараган. Ал жөнүндө Памир жергесинде көптөгөн уламыштар айтылып жүрөт. М: Соодагер-Төбө деген жерде Саиб-Назар соодагерлердин жолун тосуп карактап турган. 1891-жылы подполковник Б.Громбчевский Саиб-Назарга жолукканда ал чүкөдөй болгон арык чал болуп калган экен. Ал талап-тоноо үчүн Кытай, Афганистандан алыс жакка бара албай калганына өкүнүптүр. Ошентсе да ал Громбчевскийдин экспедициясына көп жардам берген, аларды узатып жүрүүчү адам кошуп берип, тамак-аш менен камсыз кылган. Мындан тышкары ал орус экспедициялары – Н. А. Северцов, Д. В.. Путята жана бир

тууган Г. Е. Грум-Гржимайлолор менен да алакасы болгон [24].

Б. Жумабаев XIX кылымдын 90-жылдарындагы түзүлгөн кырдаал орустардын пайдасында эмес болчу деп жазат [25]. Ушундай кырдаалда Петербургда Башкы штабдын начальниги менен аскер жана тышкы иштер министрлеринин ортосундагы сүйлөшүүлөрдөн кийин. 2-Түркстан кайгуул батальонунун командири полковник М. Е. Ионовдун жетекчилиги астында Памирге чалгындоо (рекогносцировкалык) отряд жөнөтүү боюнча чечим кабыл алынган. Бул отряд өз жүрүшүн 1891-жылдын 8-июлунда баштап, 11-августа Памирдеги Аличор дарыясынын жээгинде Сомо деген коктуга жеткен. Жашыл-Көлдө Ионовго "мен лейтенант Девиссонмун" деп атаган жашыруун англиялык агент кармалган жана кууп чыгарылган[25]. Ошол эле учурда 12-августа Кашгар отрядынын башчысы Чжан Доринге да анын бул жерде жүрүшү мыйзамсыз экендигин эскертип, Ак Таш аркылуу Таш Коргонго кайтуусун сунуш кылган. Бул иш «Памир чыры» деген маселени туудурган [26]. Орустардын Памирдеги чечкиндүү аракеттери, Британ өкмөтүнүн төбөлдөрүн катуу тынчсыздандырган. Британия басма сөзү чырды полковник Ионовго жүктөп, аны Юнгхазбэндди айдап чыгууда өз ыйгарым укуктарын туура эмес пайдаланган деп күнөөлөгөн.

Полковник М. Е. Ионов Аличор дарыясын бойлоп көчүп жүргөн кыргыздардын башчысы Курумшубекке жана Ак Суу, Кара-Суу, Үч-Кол багытында көчүп конуп жүргөн кыргыздардын башчысы Мааткасым бекке бул жерлер Орусияга тиешелүү экендигин, бул жерлерде Орусиянын букаралары жашай тургандыгын, мындан нары жогорку бийлик тарабынан буйрук болгонго чейин өздөрүнүн жасап турган иштерин уланта берүү жөнүндө жазуу жүзүндө билдирген [27].

М.Е.Ионовдун экспедициясы Памир жөнүндөгү маселени чечүү акыркы баскычка келгендигин жана ал жерге орус бийлигин биротоло орнотуу зарылдыгын көргөздү деп Б. Жумабаев туура белгилеп кетет [28]. Мына ушундай шартта 1892-жылы 12- январда Петербургда өзгөчө жыйын чакырылып, маселе талкууланган. Ал кезде Памирде абал өтө курч эле. Пекин өкмөтүнүн кашкар бийликтерине Памирдеги аскерди кайрадан чакырууга буйрук берилди деген маалыматына карабастан, кашкар бийлигинин отряддары Ранг-Көл, Жашыл-Көл, Ак-Таш жана башка жерлерди ээлөө менен бул аймактагы айрым пункттарда чептерди бекемдөөгө даярдык көрүшүп, Памирге жакын жерлерге азык-түлүк алып келе башташты [29]. 1892-жылы 15-29-апрелде кайрадан экинчи жашыруун кеңеш өтүп, анда Памирде Орус бийлигин калыбына келтирүү боюнча маселе көтөрүлгөн, «бул жердеги биздин кыргыз көчмөндөрдү, дегеле Памир аймагында биздин кызыкчылыктарды коргоо жана бейпилдикти коопсуздукту орнотуу боюнча чоң аракеттерди көрүү" зарылдыгы белгиленген [30]. Кеңешмеде Памирге Орус өкмөтүнүн кызыкчылыгын коргоо үчүн атайын отряд жөнөтүү, Англия, Кытай, жана Афганистан менен бул жердеги чек араны тактоо, түндүк-чыгыш Афганистанды топографиялык жактан изилдөө үчүн Памир чек арасына англис-орус комиссиясын жиберүү маселеси чечилген.

Натыйжада 1892-жылы 24-августаМ.Е. Ионов Түркстан генерал-губернаторунун чечимине ылайык Мургаб дарыясынын аймагында, Шаржан (Шарджан) деген жерге капитан Кузнецовдун жетекчилиги астында 172 жөө аскерин жана 44 орус-казак 26 жигиттен турган Шарджан отрядын түзгөн [31]. Бул өз кезегинде ал жерде жашаган кыргыздардын коопсуздугун коргоо менен Афганистан жана кашкар бийликтеринин кысымынан зордук зомбулугунан коргоого шарт түзө алган. Орусия Англиянын шарттарын кабыл алгандан кийин Виктория (Зор-Көл) көлүнөн Кытайга

чейинки чек араны белгилөө боюнча эки тараптан Бириккен чек ара комиссия түзүлгөн.1895-жылдын 7- июндагы Индиядан, 8-июлда Маргаландан чыккан англия-орус комиссиясы 1895-жылы 22-июль күнү Зор-Көлдүн жээгинде жолугушкан. Орус жана англис комиссиялары бир ай бою өз алдынча чокулардын, жер өңүттөрүнүн жана дарыяларды топографиялык, геодезиялык жактан сүрөткө түшүрүшкөн.Ушул мезгилде Борбордук Азияга саякат жасаган белгилүү швед саякатысы Свен Гедин Памир аркылуу өтүп бараткан эле [32].

1895-жылдын 22-июлунда Зор-Көлдүн жээгинде жолугушкан Орусия менен Англиянын өкүлдөрүнөн турган комиссиянын мүчөлөрү узак убакытка созулган "Памир маселесин" толук эмес болсо да чече алышкан. Эки тараптуу комиссиянын мүчөлөрү бул күнү эки улуу державанын башчылары Улуубританиянын королевасы Виктория жана Орус императору Николай II үчүн тос көтөрүшүп, аскердик өнөрлөрүн көрсөтүшкөн. Ушинтип узак убакытка созулган "Памир маселесине" чекит коюлган деп жазат окумуштуу Б.Жумабаев [33].

«Памир маселесинин» чечилиши жана анын натыйжасы, башка мамлекеттердин курамына кирген кыргыз калкынын тарыхый тагдыры да Бектемир Миталиповичтин изилдөө көз жаздымында калган эмес. Анын чек ара маселелери негизинен жергиликтүү калктын укуктарын, алардын тарыхый тагдырын, географиялык абалын эске албастан империялык мамлекеттердин саясий чечиминин, улуу державалардын эгоисттик геосаясый кызыкчылыгынын негизинде гана чечилип калгандыгын, ошондуктан 1881-жылы Россия менен Кытайдын ортосунда түзүлгөн Санкт-Петербург келишими менен 1884-жылы кол коюлган Ново-Маргалан келишими кыргыз калкын биротоло экиге ажыратып койгондугун белгилеген тыянагы чоң мааниге ээ. Ал эми 1895-жылы Англия менен Россия ортосундагы

келишим «Памир маселесине» чекит гана койбостон, саясый картада Вахан коридорун белгилөө менен Памир кыргыздарын Афганистандын аймагына калтыргандыгы, ошентип чоң державалардын ортосундагы «чоң оюн» кичинекей калктардын тарыхый тагдырына балта чапкандыгы, бир бүтүн кыргыз элинин «афган кыргыздары», «кытай кыргыздары», «тажикстандык кыргыздар» деп бөлүнүп, этникалык биримдиктен ажырагандыгы окумуштуунун стратегиялык жана геосаясаттык жактан жетишилген маанилүү илимий жаңылыгы эсептелиши абзел [34].

Геосаясаттык "Чоң Оюндун" дагы бир тармагы Орусия менен Кытайдын ортосундагы чек ара маселелери болгон. Памир боюнча орус-кытай чек арасы Х1Х к. 90-жылдарында аягында гана аныкталган.

Улуу тоолордогу орус-кытай чек араларын тактоонун алгачкы кадамы 1876-жылкы генерал М. Д. Скобелев баштаган "Алай илимий-аскердик" жүрүш эле. М.Скобелев Кытайдын Эркештам бекетинин жанындагы Нура кыштагына токтоп бул жерде жергиликтүү кыргыздар менен сүйлөшүп Кокон хандыгынын чек арасын жана ошондой эле Якуб бек бийлеген кездеги чек араларды териштирген болучу.

1876-жылы Түркстан генерал-губернатору К. Кауфман өзүнүн өкүлү катары Чыгыш Түркстанга Генералдык штабдын капитаны А. Н. Куропаткинди жөнөткөн. Ал өзүнүн группасы менен суроо тактоо жолу менен эски Кокон хандыгынын чек араларын жана Кашгарга чектеш тоолуу аймактардагы кыргыздар жашаган жерлердин топографиялык сүрөткө түшүргөн. Ошону менен бирге А.Н. Куропаткин Якуб бек менен чек ара тууралуу сүйлөшүүлөргө да жетишкен. Жетишаардын өкүмдары өзү басып алган Кокон хандыгынын ээликтерин Орус бийлигине өткөрүп берүүгө даяр экендигин билдирген.

1881-жылкы Санк-Петербург келишими борбордук Азиядагы орус- кытай чек ара меселеси боюнча маанилүү укуктук акт болгон, ошентсе да Чыгыш Памирдеги чек ара чектөө маселеси ачык бойдон кала берген. Цинь бийлиги Орусия менен болгон келишимди четке кагуу менен Кытайга тиешелүү болбогон жерлерге, Терек-Даван жана Тоң-Мурун ашууларына чек ара белгилерин койо баштаган.

XIX к. экинчи жарымындагы Кытай менен Орусиянын ортосундагы 1864, 1882, 1884 жж. Чек ара бөлүү боюнча түзүлгөн келишимдер, протоколдор жана ага тиркелген карталар, биринчиден ошол мезгилдеги чек ара бөлүү комиссиясынын жер кыртышынын, тоо кыркалардын, чокулардын түзүлүшүн, рельефин реалдуу билбегендик, экинчиден карталардын төмөнкү сапатта даярдалышы, кийин кытай-совет чек ара чыр чатагын, ошондой эле кыргыз-кытай чек ара талаш тартышына алып келген. Ал эми Памир боюнча орус-кытай чек арасы X1X к. 90-жылдарында аягында гана аныкталган.

1893-1894-жылдардын аралыгында орус өкмөтү менен китайдын ортосунда Памир маселеси жана бул жердеги чек араны тактоо боюнча бир топ жолу сүйлөшүүлөр болгон. 1894-жылы сүйлөшүүлөрдү жөргүзүү боюнча кытай тараптын өкүлү Цин Чан Петербурга келген. Согуш министирлигинин башкармасынын билдирүүсүндө айтылгандай «1894-жылдагы биздин кытай менен Памирдин чыгыш жак бөлүгүн тактоо үчүн болгон сүйлөшүүлөр эч бир жыйынтыка келген жок, маселе ачык бойдон калган» [35].

Эки жыл бою жүргүзүлгөн сүйлөшүүлөрдөн кийин 1894-жылдын апрелинде Орусия менен Кытайдын ортосунда дипломатиялык расмий кат алышуу негизинде эле тараптар Памирдеги туулган абалды бурбоо, бул өлкөлөр Памирде ээлеген территориянын бүтүндүгүн толугу менен сактоого милдеттеништи. Чек ара сызыгы табыгий чек болгон Сарыкол тоо кыркасы менен өттү, бирок бул ноталарда Сарыкол тоо

кыркасы жөнүндү бир дагы сөз айтылган эмес. Орус өкмөтүнө бул вариантка толугу менен макул болгон анткени орустар талап кылган аймактын көпчүлүк бөлүгү өткөн эле, кытай тарап да өз макулдугун билдирүү менен бул сызык чак ара деп кабыл алынса да сүйлөшүүлөрдү жүргүзө берерине шарт койгон. Бул боюнча В.Н Ламсдорф мындайча жазган «Памирдеги кытай жана орус ээликтериние status guo комбинациясы сактап калуу, биздин өкмөт тарабынан да, кытай империясы тарабынан да жактырылды» [36].

1898-жылы падыша өкмөтү кытайлыктардын каршылыгына карабастан Сарыколдо убактылуу Ташкоргон бекетин бекитти. Ал эми 1901-жылдан баштап кытайлыктардын макулдугу менен бул бекет такай иштей турган болду [37].

Кытай менен чек ара бөлүшүү төмөндөгүдөй жыйынтыктарга алып келди: памирдик кыргыздардын кызыкчылыгы аткарылды; алар коопсуз болуп коргосго алынды; Памирди Афганистан жана Кашкар бийликтеринин отосунда бөлүштүрүү боюнча Англиянын интригалар токтоду, ошондой эле басып алуу кыймылы да токтоду. 1894-жылы апрелдеги кол коюлган ноталардын негизинде Сарыкол кырка тоосу Памирдеги маселелер толук чечилгенге чейин Орусия менен Кытайдын ортосундагы чек ара болуп таанылды.

Бирок көп жылдарга чейин бул геосаясаттык "Чоң оюндун" саркындылары улана берген. Маселенин биротоло чечилүүчүсүнө Биринчи Орус революциянын чыгышы, башка эл аралык кырдаал кечендете берген. 1910- жылы дагы бир жолу Согуш Министирлиги тарабынан орус өкмөтүнүн кароосуна Памир чек арасын тактоо Памир-Алайга экспедиция жөнөтүү жана цин бийлиги менен бул маселе боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү маселесин сунушталган. Бул сунушта «Сарыкол кырка тоосу аркылуу өткөн чек араны чыгышты көздөй жылдыруу жана Сарыкол округундагы

кытай бийлигинин башкаруусунда турган жерлерди өз аймагына кошуу» [38] зарылдыгы айтылган. Ошол максатта 1911-жылы жай айларында Согуш министирлиги генералдык штабдын подполковниги Егоров жана капитан Шпилькону Эркештамдан Бейик ашуусуна чейинки жерлерди изилдөө жана топографиялык сүрөткө тартуу үчүн экспедиция жөнөткөн. Экспедиция жогоруда айтылган жерлерди топографиялык картага түшүрүп, 1884-жылдагы Ново-Маргелан протоколунда көрсөтүлгөн чектердеги кээ бир туура эмес жактарын да тапкан [39].

Сарыкол кырка тоосунун чыгыш жагын кошуп алуу сунушун Тышкы Иштер министирлиги, мунун эч кандай укуктук негизи жок деп ар тараптан четке кагылды. Ал эми Согуш министирлиги мурдатан бул жерлер Кокон хандыгынын ээлиги болгондугун, ошондуктан хандыкты Россия басып алгандан кийин анын мураскери катары бул жерлер орустарга таандык экендигин белгилешкен. «Чек араны билген жана аны жакшы өздөштүргөн жергиликтүү кыргыздар Сарыкол кырка тоосунун түндүк жана чыгыш жактарындагы чек араны так сактайт. Каразак тоосу менен Чугулдай ашуусунун ортосундагы жерлерде биздин кыргыздар (орус букаралыгындагы-Б.Ж) демаркациялык сызыктан өтүшүп Сарыкол тоосунун түндүк жана чыгыш жактарын ээлегенге аракеттенишет. Ал жерде көчүп жүргөн биздин кыргыздар, бул жерлерде биздин ата-бабаларыбыз көчүп-конуп жүрүшкөн, ошондуктан биздин жерлер деп мага айтышты» [40], - деп жазган подполковник Егоров.

Бул мезгилде ангичандар дагы эле болсо Памирдеги аракетин токтоткон эмес, муну менен гана жөн калбастан Сарыколду «Кытайга карата вассалдык мамилесин сактоо жана Канжут ханына Тагдум-баш-Памир жана Сарыкол көчмөндөрүнөн салык чогултуу укугун берүүнү» [41] суранган.

Британ өкмөтү Кашкарда жергиликтүү бийлик менен Канжутка Сарыколдун түштүк бөлүгү Кара-Үңкүрдү жана Тагдумбаш-Памирди кошуп алуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Согуш министирине жазган билдирүүлөрдүн биринде мынтип айтылат «Кашгардагы биздин консулдун маалыматы боюнча англичандар Мизгарадан (Мыскара) Раскем-Дарыяга чейин жол салууну көздөшүүдө, ошондой эле канжуттуктарга бул жерден жер бөлүп берүүнү талап кылган» [42]

Ушинтип Раскем-Сарыкол маселеси да курчуган. (1895-1905-жж.) «Памир маселеси» кандайдыр бир деңгээлде чечилсе да англичандар бул стратегиялык өрөөндү ээлеп алуу аракетин токтоткон эмес. Раскем жана Сарыкол өрөөнүнө карата талабын мурда бул жерлер Канжут кандыгына баш ийип, салык төлөп турушкан деген шылтоону айтышкан.

Октябрь төңкөрүшүнө чейин Памир маселеси негизинен чечилгени менен анын чек-аралары биротоло такталбагандыгын тастыктаган окумуштуу Б. Жумабаев "Чоң оюндун" отор доорундагы жыйынтыгын төмөнкүдөй белгилеген.

Улуу державалардын биринчи кезекте Россия менен Англиянын ортосундагы Орто-Азия колониялык таасирлер үчүн болгон геосаясий күрөш, биринчи этапта (1869-1873 ж.ж.) географиялык чекти бөлүү менен чектелген.

Экинчи этабында болсо (1875-1895-жж.) бул күрөшкө Кытай кошулуу менен өздөрүнүн бул аймактарга «тарыхый укуктарын» таңылоо менен чек ара маселелер боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү менен дипломатиялык күрөштү күч алдырышкан.

Чек ара маселелери негизинен жергиликтүү калктын укуктары, алардын тарыхый тагдыры, географиялык абалы эске алынбастан империялык мамлекеттердин саясий чечиминин негизинде, бул улуу державалардын эгоисттик геосаясый кызыкчылыгынын негизинде гана чечилип калган.

Ошондуктан 1881 жылы Россия менен Кытайдын ортосунда түзүлгөн Санкт-Петербург келишими менен 1884 жылы кол коюлган Ново Маргалан келишими кыргыз калкын биротоло экиге ажыратып салган. Ал эми 1895-жылы Англия менен Россия ортосундагы келишим «Памир маселесине» чекит гана койбостон, саясый картада Вахан коридорун белгилөө менен Памир кыргыздарын Афганистандын аймагына калтырган. Ошентип чоң державалардын ортосундагы «Чоң оюн» кичинекей калктардын тарыхый тагдырына балта чабылган.

Империалисттик мамлекеттердин бул эгоисттик саясий кадамдары жергиликтүү элдин тарыхый тагдырына кедергисин тийгизип, этникалык бирдиктүү элдерди (кыргыз, тажик) бөлүп, бир нече мамлекеттердин (Россия, Кытай, Афганистан) курамында калтырды деген окумуштуу Бектемир Жумабаевдин илимий жыйынтыгын концептуалдуу корутунду деп атоого болот.

Шилтемелер:

1. Жумабаев Б. М. Памир маселесинин алкагында империялык мамлекеттердин ортосундагы геосаясий күрөш (Россия, Англия жана Кытай. XIX к.)» деген аталыштагы «07.00.02» - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферати. – Б., 2010.

2. Жумабаев Б. М. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш (XIX к.аягы). - Б., 2009, - 192 б.

3. Громбчевский Б. Л. Современное политическое положение памирских ханств и пограничные линии с Памиром. (Военно-политический очерк). СПБ, 1891; ошол эле автор. Доклад о путешествии в 1889-1890 гг. на Памир в Раскем. Известия ИРГО, вып.2, 1889; ошол эле автор. Наши интересы на Памире. - Новый Маргелан, 1891.

4. Казанский К.К. Вблизи Памиров. - Ташкент, 1895.

5. Станкевич Б.В. По Памиру. (Путевее записки). // Русский вестник. - 1904, - № 8-10.

6. Головина Ю.Д. На Памирах. Записки русской путешественницы. М., 1902.

7. Корженевский Н.Л. Поездка на Памир, Вахан и Шугнан. СПб., 1906; ошол эле автор. Через Памир и Гиндкуш.// Исторический вестник. 1902. № 2.

8. Тагеев Б.Л. Памирский Поход. (Вспоминания очевидца). Ист.вестник.1897 № 7-10; ошол эле автор. Русские над Индией. Очерк и рассказы на боевой жизни на Памире. СПб., 1900; ошол эле автор. Через Алай и Памир. - М., 1912.

9. Зайцев В.Н Памирская страна – Центр Туркестана // Ежегодник Ферганской области. - Новый Маргелан, 1903.

10.Снесарев А.Е. Северо-индийский театр. (Военно-географическое описание). - Ч.1. - Ташкент, 1903.

11.Уманец. С Памирский вопрос и его значение. // Исторический Вестник 1894. №6.

12.Арьев М. Россия и Англия на Памирах. // Русский вестник, ноябрь, 1895.

13.Острогов В. Памир и памирский вопрос.// Наблюдатель. 1894. №6.

14. «Положение с Памирским вопросом». Новое время. 1892, № 5770, 5784.

15.Rawlinson. Sir Henri C. England and Russia in the East: A series of Papers on the Political an Geographical Condition of Central Asia. London, 1875. , Rawlinson. Sir Henri C"Notes on the Oxus". Proceedings of the Royal Geographical Society. Vol. XX.1876., Rawlinson. Sir Henri C "The Pamir Region". Proceedings of the Royal Geographical Society. Vol. X. 1866.

16.Керзон Д. Памир и истоки Оксуса. // Сб. мат. по Азии.- Т.72, - 1894.

17.Юнгхазбэнд Ф. Путешествие по Средней Азии из Манчжурии и Пекина в Кашмир через проход Мустаг. // Сб. мат. по Азии. - Т. 36.

18.Жумабаев Б. М. Абдылдабек жана анын мезгили. // Ала-Тоо, - 1990, - № 10; ошол эле автор.Традиционное скотоводство кыргызов Памиро-Алая (втор.половина XIX в.) // Власть и общество. - Абакан, 2003; ошол эле автор. Элдик оозеки чыгармалар Чыгыш Түркстан аймагында жашаган кыргыздардын тарыхы боюнча тарыхый булак. //Источники: история и перспективы изучения. - Бишкек, 2003; ошол эле автор. Южный

Кыргызстан глазами Российских путешественников (вторая половина XIX-начало XX вв.). - Б., 1999.

19.Жумабаев Б. М. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш (XIX к.аягы). - Б.,2009, 100-б.

20.Жумабаев Б. М. Южный Кыргызстан глазами российских путешественников.(вторая пол. X1X-нач XX вв.). - Б., 1999. - С.42-43.

21.Доклад подполковника В.Л. Громбчевского, читанный в Николаевский Академии Генерального штаба 14 марта 1891. - М., 1891.

22.Громбчевский Б.Л. Экспедиция капитана Б.Л Громбчевского на Памирах. ИРГО. Т.XXУ, вып. 5. - 1889.

23.Жумабаев Б. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш... - 106-107-бб.

24.Жумабаев Б. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш... - 108-б.

25.Жумабаев Б. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш (XIX к.аягы). - Б.,2009, 109-б.

26.РГВИА,ф. ВУА.оп.1,л.234..

27.Жумабаев Б. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш... - 113-б.

28.РГВИА, ф.ВУА.оп.1,д.110,л.22.

29.Жумабаев Б. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш... - 115-116-бб.

30.РГВИА Ф.1396, оп.2, д.1485, л.12.

31.ЦГА РУ,ф.КТГГ, оп.3,д.342,л.6.

32.Жумабаев Б. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш... - 119-б.

33.Жумабаев Б. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш... - 123-б.

34.Жумабаев Б. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш... - 123-б.

35.Жумабаев Б. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш... - 124-б.

36.РГВИА. Ф, ВУА, оп.1, д.130, 62.

37.Ламздорф В.Н Дневник 1891-1892. - М.: Международные отношения, 1991. - С.60.

38.Постников А.В. Схватка на «Крыше мира». Политики, оазведчики и географы в борьбе за Памир в XX веке. - М., 2002. - С. 331.

39.Моисеев В.А. Россия и Китай в Централңной Азии (вторая половина XIX в. - 1917 г.). - Барнаул, 2003.
40.Постников А.В. Схватка на «Крыше мира». Политики, оазведчики и географы в борьбе за Памир в XX веке. - М., 2002. - С. 337.
41.РГВИА. ф.1396, оп.2, д.74, л.11.
42.РГВИА. ф.1396, оп.1, д.2139, л..9
43.РГВИА. ф, ВУА, оп.1, д.130, л.62.

Кожобеков М. Ч.,
Кыргыз – Түрк Манас университетинин
доценти, т. и. к.

БИЗДИН БЕКЕ

Балким, «кимге, бирок Бектемирге багыштап эскерүү жазат элем» деген сөз менен башталган макала жалгыз меники болбос чыгаар.

Аттиң, азыркы биздин жаш да жакындарын арбын жоготкон учур экен. Кечээ эле акыл – насаатын айткан аталар менен эркелетип мээримин төккөн энелер, ага, жеңелер арабыздан кетип орду толгуз кайгы – муң калтырып кеткен эмесби. Жалгыз гана «жашы жетип, жакшы жашаптыр» деп өзүбүздү сооротқон болбосок, жакындардын өлүмү жанга баткан кайгы бойдон кала берет. Андан да кечээ эле жанаша жүрүп, турмуштун ачуу – таттуусуна санаалаш Бектемирдин оо дүйнөгө мезгилсиз сапар тартышын биологиялык жактан аргасыз кабыл алсаң да, акыл – эс абалында түшүнүп, аңдаш кыйынга туруп келет!

Бекебиздин жашоо шаңына толгон шайдоот турмушунда өлчөнгөн өмүр чексиздей көрүнчү бейм. Бейкамсыз 1980-жж., чабал мүнөз адамдардын тагдырын өзгөрткөн коогалаңдуу 1990-жж., XXI кылымдын башталышындагы шарапаттуу салтанатка айланган учурда да ким – ким болсун, бирок Бектемир өзгөргөн жок. Балким, үйдө же жалгыз калганда

кайгырган чыгаар, а санаалаштар менен достор арасында Бекенин кабак–кашынын бузулгандыгын эч ким деле көрбөгөн чыгаар.

Кайран Беке адамдын асылы эле. Акылы тунук, жүрөгү таза АДАМ эмес беле. Бектемирден катуу сөз угуп, кагуу жедим деген киши жок болсо керек. Улууга урмат көрсөтүп, кичүүнү ызаатаган жагынан, ал дулдулдай эле изинен жазбай бир калыптагы мамилесин өзгөрткөн жок.

Бул анын Улуттук университеттин тарых факультетин жетектеген учурунда ачык байкалды. Балким, дипломатиялык өрнөк эмес чыгаар, бирок калыстык үчүн айта кетиш парз эмесби, Бектемир Миталиповичтин декандык учуру тарых факультетинде ынтымак – ырашкерчилик орногон жылдыздуу этап саналат! Менин сырттан болсо да байкашыма караганда, ал жанына тууган же досторду эмес, санаалаш кесиптештерди топтогонго жетишти. Багыттуу максаттуулук менен эмгектенген жаштарга көңүл бурулуп, алардын коллективдеги орду бааланды.

Мезгилдин оош – кыйышына байланыштуу жаштардын илим менен билимге сырттын салып калган маалда, алардын тилин таап багыт берүү жетекчилик касиеттердин эң олуттуу көрүнүштөрүнүн бири эмесби. Бектемир Миталиповичте дал ушундай асыл сапаттарга жык толгон касиети бар эле.

Ооба, анын адамдарды өзүнө тарткан өзгөчөлүгүнөн улам го, балга келген аарыдай жанында адамдар толуп турчу. Ак көңүл Бекем да, аларга жок дебестен суроо – талаптарын аткара берет эле. Балким, бир аз да болсо моюн толгоп, «жок деген» сөздү лексикасына киргизсе буйрулган тагдыр нугун буруп эркке баш ийээр беле дейсиң.

Аттиң дейсиң да, өзү үн созуп ырдагандай: «Оо, арман, арман, арман»!

Бейиши болгур Беке, биз тирүү экен, Сенин жаркын элесиң жүрөк түпкүрүндө жүрө берет!

Кушубеков А. Т.,
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун
доценти, т. и. к.

ДОСУМ БЕКЕ

Бекемди көпчүлүк өтө жакшы ырчы катары билчү элек. Ал эми бийчилик өнөрүн кийинчерэк гана байкадык.

2012-жылы неберем Бекзаттын тушоо тоюн өткөрүп калдым. Тамада тойдун орто ченинде "курсактуулар конкурсун" өткөрүү үчүн ортого 7-8 адамды чыгарды. Алардын арасында Бекем да бар эле. Конкурсанттар чыгыш бийин бийлөөгө тийиштүү болгондуктан, алар, кезек-кезеги менен тапшырманы коноктордун коштоосунда аткара башташты. Бекем залдын ортосуна чыгып бийлеп баштаганда, анын кыймылына, грациясына, музыкалык ыргакты сезе билгендигине, жан дили менен бийлеген бийине шыктанган коноктор ордуларынан туруп, дүркүрөгөн кол чабуулар менен овация уюштурушту.

30 жылдан ашуун дос болуп жүрүп Бекемдин бийчилик өнөрүн ушунчалык жогорку деңгээлде экенин мурда байкабаптырмын. Шеринелештер жаратылышка чыкканда аял-эркек дебей баарыбыз Бекемдин дымдамасынын даамын татабыз деп эңсеп барчу элек. Анткени дымдаманы Бекемдей даамдуу даярдаган адамды мен азыркы күнгө чейин кездештире элекмин. Ушунун баары анын пейилинин, жан дүйнөсүнүн кенендигинен болсо керек.

Ушундан улам "таланттуу адам - бардык тараптан таланттуу" деген кеп чын экенине ишенсе болот экен деп ойлоп калдым.

Бекем мөлтүрөгөн булактын суусундай болгон таза адам эле. Ал адамга жарык маанай, жайдары көңүл, дайым жаз тартуулаган жан эле.

Бектемир досум мээримдүү ата, күйүмдүү жар, кайрымдуу тууган, ишеничтүү дос эле. Бекемдин Турмуштук негизи (кредосу) жөнөкөйлүк жана адамга жардам берүү болгон десем эч жаңылбайм.

Беке, сен дайым биздин арабыздасың!

Элесиң эч качан эсибизден кетпейт!

Кылычев А.,

Кыргызстан эл аралык университетинин
профессору, т. и. д.

ТАРЫХЧЫ-ОКУМУШТУУ Б. ЖУМАБАЕВДИН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ

Белгилүү окумуштуу-педагог, тарых илимдеринин доктору, профессор Бектемир Жумабаев менен тарых журтчулугунан сырткары илимдин башка тармактарындагы окумуштуулар жана учурдагы замандаштарыбыз кеңири тааныш экендиги талашсыз.

Бирок, эң эле өкүнүчтүүсү болуп, бул инсанды капилеттен арабыздан шум ажалдын мезгилсиз жулуп кеткендиги болду. Болбосо иш десе ишке тойбой, баралына келип турган учуру эмес беле. Алдыдагы илимий пландары, ойлору, максаттары көп эле. Аттиң ай ал максаттары дагы ишке ашпай томсоруп кала берди. Ал эле эмес, үй-бүлө тууган-уругун айтпаганда деле жолдоштору, өзү жетектеген тарых факультетинин жалпы жамааты, өзгөчө жаштары жетимсиреп калды десем жаңылышпайм.

XX кылымдын 80-жылдарынын акырында, Бекебиз баш болгон бир топ жаштар бир учурда тарых факультетине окутуучулук кызматка жаңы толкун сыңары келдик эле. Ошол учурда Ташкенттеги Өзбекстан илимдер академиясынын Абу Райхан Беруни атындагы Чыгыш таануу институтунан кандидаттык диссертациясын коргоп келип,

тарых факультетиндеги "Байыркы дүйнөнүн жана орто кылымдардын тарыхы" кафедрасынын жетектеп калган Т. К. Чоротегин факультеттеги жаштардын башын бириктирип, баардыгыбыз идеялаш катары бири-бирибизди колдоого алып, улуу-кичүү дебей ынтымакташып, факультеттин жүгүн бирге тарта баштаганбыз.

Арабызда Бекебиз өзүнүн жупунулугу жана адамгерчилиги, шайырлыгы менен айырмаланып турчу. Кечелерде же болбосо жаштар өзүбүзчө чогула калган учурларда жагымдуу коңур үнү менен кыргыз ырларын көркүнө чыгара биринин артынан бирин созолонто ырдап черибизди жазаар эле.

Мунун баары тең биздин эсибизден чыккан жок. Баардыгы эсибизде, Бекеме болгон эстелик сыңары жүрөктө сакталып кала берди. Болгону Бекебиз арабызда жок. Жакшы адамдын, улуу инсандын аты өчпөйт деген сөз бар эмеспи, Бекемдин аты дагы өчпөсүнө ишенем, анткени ал аз жашаган өмүрүн өзүн жакшы адам, улуу инсан, илимпоз-окумуштуу катары татыктуу жашап өттү. Окумуштуу, чыгармачыл адам катары бул жашоодо из калтыра алды.

Соңку учурларда, ар кайсы өлөкөлөрдө өткөрүлгөн илимий конференцияларга арбын катышып, ар тараптан келген ысымдары таанымал тарыхчы аалымдар менен мамиле түзүп, тарыхты бирге-чогуу изилдесек, биргелешип өркүндөтсөк деген аруу ойлорун айтып, өзүнүн илимий көз караштарын, позициясын калыптай алган.

Мындан сырткары, Бектемир Жумабаевдин жетекчилик жана уюштуруучулук жөндөмүнүн аркасында КМУУнин тарых факультетинин алкагында анын демилгеси менен бир катар илимий, илимий-тажрыйбалык конференциялардын өткөрүлүшү жалпы эле тарыхчылар арасында маалым.

Бектемир алгач археология илимине кызыгып, ошол багытта илимий иштерин жүргүзүүнү ойлоп, максат кылып жүргөндүгү тууралуу көп айтып калаар эле.

Бирок, тагдырдын буйругу менен Бектемир Жумабаев илимдеги өмүрүн XIX кылымдын тарыхын изилдөөгө арнап, окумуштуулук даражасын ушул жаатта жактап, ушул доордун тарыхы боюнча заманыбап тарыхчы-окумуштууларынын бирине айланган.

Орусия менен Кыргызстандын архивдеринде арбын олтуруп иштеп, көз майын коротуп, архивдин чаңын жутуп, ушул кетирген мээнетинин аркасында илимий маанидеги үч китепти жазууга үлгүрдү. Мисалга алсак 2009-жылы "Улуу державалардын ортосунда гео-саясий күрөш" деген эмгегинде, Кыргызстандын аймагын, өзгөчө Памир-Алайды, Орусия, Улуу Британиянын ортосундагы чоң бир талаш-тартышка түшкөнүн, ачып берип, Алай-Памир маселелеринин чечилишин жаңы архивдик фактылардын негизинде далилдеп бере алган.

Бектемир Жумабаев тарыхчы-окумуштуу катары, кыргыздын тарыхый инсандары тууралуу маалыматтарды терең изилдеп, бөтөнчө Курманжан Датка менен анын баласы Абылдабекке байланыштуу болгон макалаларды жазып жарыялап, коомчулукка кеңири маалымат берген.

Бектемирдин дагы бир өзгөчөлүгү "Улуу оюн" деп аталган Улуу Британия менен падышалык Орусия, жана башка өлкөлөр Чыгыш Түркстанга, Борбордук Азияга өздөрүнүн баскынчылык көз карашы менен карап, ич ара күрөшүп турушкан мезгилди диссертациялык деңгээлде тема кылып иликтеши болду.

Мындан башка, анын белгилүү тарыхчы Э. Маанаев менен биргеликте жазган "Памир кыргыздары, тарыхый-этнографиялык очерк" аттуу эмгеги дагы коомчулукта татыктуу өз баасын ала алды.

Бекебиз тууралуу айта берсек сөз түгөнбөс. Биздин эсибизде сакталган дагы бир жагдай болуп, 1989-жылы Кыргызстан жаш тарыхчыларынын жамаатын уюштурганда жана аны кайрадан 2012-жылы "Кыргыз тарых коому" эл

аралык коомдук бирикмеси кылып түзгөндөгү анын кошкон салымын белгилей кетүү зарыл.

Учурда Бекебиз арабызда болсо далай илимий макалаларды жазып, жазылбай келген тарыхый изилдөөлөрүн жаратат эле.

Бирок, адам баласы тагдырга моюн сунаарын жаратылыш дагы бир жолу тастыктады. Биз ага моюн сунгандан башка аргабыз жок экендигин көрсөттү.

Мыкты окумуштуу Бектемир Жумабаев тарых илиминде өз мурасын калтыра алды.

Мамбетова К. М.,
Жусуп Баласагын атындагы
КУУнун доценти

БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВДИН ЖАРК ЭТКЕН ЖАРКЫН ЭЛЕСИ ЖӨНҮНДӨ

Бектемир Жумабаев – Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин тарых жана чөлкөм тануу факультетинин деканы, жетекчи катары адилеттүүлүгү ар кыл маселелерди чечүүдөгү калыстыгы, коллективди бириктирүүгө болгон аракети менен жалпы сый урматка ээ болгон инсан.

Бектемир менен Улуттук университеттеги институттар, факультеттер аралык өнөр таймашына жалпы коллектив даярданып калдык. Өнөр таймашынын талабы боюнча тааныштыруу номинациясында факультеттин талантарын ыр менен тааныштыруу керек эле. Бектемир алар жөнүндө ыр жазды. Бектемирдин өзү жөнүндө да ыр жазыш керек болуп калды, ал ырды мен мындай деп жазгам:

Бектемир агай ырдайт дейт,
Жактырган көздөр жалжылдайт,
Кайрыгын угуп көктөмдүн,

Калың эл тыңшап бир жыргайт.

Бул ырда белгиленгендей "О, анда, көктөм эле" аттуу обондуу ырын өзгөчө тембр менен ырдаганда, жалпы эл толкуган сезим менен угушаар эле. Көктөмдө жаап өткөн жамгырдай, угуучуларын сергитип, өзү да эргүүгө толуп турчу. Ошол эле өнөр таймашта Бектемир кыргыз каганынын ролун Опера жана балет театрында жогорку деңгээлде кадыресе артисттердей аткарды.

Жыйынтыгында алдыга чыккан филология факультетин эки жолу жеңип чыгып, Улуттук университет боюнча тарых жана чөлкөм тануу факультети биринчи орунга чыктык. Бул Бектемирдин илимде окуунун сапатын артыруудагы жана башка көп кырдуу иштери менен бирге университеттин коомдук иштериндеги эсте каларлык бир гана көрүнүш.

Мамбеттурду Мамбетакун,

Шинжаң «Манас» изилдөө борборунун мүдүрү,
Шинжаң жазуучулар коомунун орунбасар төрагасы,
Шинжаң педагогика университетинин
адабият институтунун профессору
(Үрүмчү ш., Кытай)

БЕКЕМДИ ЭСКЕРЕМ

Мен адабияттын адамы болгонума карабай, 1994-жылдан бери Кыргызстандын тарыхчылары менен абдан терең достук жана илимий алакада болуп келе жатам. Айрыкча "Манас-1000" кыймылында Бекем менен таанышып, келечек жөнүндө жана Бекемдин алдыга койгон максаттары жөнүндө укканмын. Мына былтыр ноябрда Бишкекте өткөн Кыргыз каганатынын 1170 жылдыгына арналган эл аралык илимий жыйында кучак жая көрүшкөн ага досуман эки ай өтпөй айрылып калаарымды ким билсин.

Бекемдин аза кабарында жазылгандай "илимпоз эгемендик доорунда кыргыз тарых илимин жаңыча иликтөөгө жана тарыхчылар менен чыгыш таануучулардын жаңы муунун калыптандырууга зор салым кошкон".

Илимпоздун кыргыз тарыхынын талуу багыттарына багышталган илимий эмгектери Кытай кыргыз жаштарынын колунан түшпөй окулуп келет.

Жаш кеткенине карабай кыргыз тарыхын изилдөөгө өчпөс өз чыйырын салып кетти. Эми биз Бекем менен илимпоздун адал эмгегинен жаралган жүздөгөн макалаларын кайра-кайра окуу аркылуу сүйлөшүп турабыз. Өзү болсо жылдыз болуп улуу көктү көздөй учуп кеткен. Бекемди кыргыз эли түбөлүк унутпайт!

Молдокасымов К. С.,
"Мурас" фондунун төрагасынын орун басары,
Кыргыз Республикасынын
маданиятына эмгек сиңирген ишмер,
тарыхчы жана журналист

ДОСУБУЗ АР ДАЙЫМ БИЗДИН АРАБЫЗДА

Эң жакын адамың тууралуу эскерүү жазуу азаптын-азабы, кыйноонун-кыйноосу. Арадан бир жыл өтсө да досубуздан түбөлүккө ажырап калганыбызга эч ишене албай, ага ыраа көрбөй, алыскы сапардан жарк этип келип калчудай сезим менен бир жылдын өтүп кеткенин да элес албадык. Ооруканадагы акыркы күнкү жолугушууда "экөөбүз түстүү тасма тартып жүрүппүз, кечээ да ушундай түш көрдүм эле, бүгүн ошол эле түштүн уландысын көрдүм" деп жаадырап айтып отурганы эсимден чыкпай койду. Дарыгерлер "бул ким өзү, биздин ооруканага оорулууну сурап мынчалык көп адам келчү эмес эле" деп өз ара сүйлөшүп калганын кулагым чалса да, ал учурда анчалык аңдабапмын. Кайсыл учурда барбайлы

палатанын алдында абалын сураганы келдик деп, кезек күткөн жакындары, достору турушчу.

Досубуз ар убак "бул жашоомдо дүнүйө жыйбадым, дос жыйдым" деп сыймыктанаар эле. Кыргызстандын кайсыл чөлкөмүнө, кайсыл айылына барбайлы Бекемдин жакын адамы жаадырап тосуп алчу. Ооруканада жатканда да келгендердин кезек күтүп турганы Бекемдин мыкты сапаттарынан, адамгерчилигинин улуулугунан улам эле. Операциясынын оор болгонуна, тынч жат деген дарыгерлердин айтканына карабай, агылып келген жакындары менен амандашып, ал түгүл тамашалашып, көңүлдөрүн көтөрүп узатып жатты. Ошондой жаадырап жайнап отуруп эле, каргашалуу түндүн биринде бул жарык дүйнөдө айланасын сепил кылып курчаган жакындарын кайгыга бөлөп, жалган дүйнөнү таштап кете берди.

Бектемирди эстегенде студенттик курагы, андагы миңдеген студенттердин арасынан суурулуп чыгып, КМУнун Тарых факультетинин комсомол комитетинин жетекчилеринин бири, арыкчырай келген жалындаган жигиттин элеси келет. Ээрчишип алып, архивден архив кыдырып, Ленинграддагы, Ташкенттеги учурлар, илимге баш отубуз менен кирген кездер, тапкан жаңылыгыбызга кубанып, таң атканча талдаган убактар эске түшөт. Алма-Ата, Ташкент, Бишкек, Оштогу эл аралык илимий жыйындарда тарыхтын ак тактарын агартабыз деп талашкан мезгилдер, ар тараптан келген атактуу окумуштуулардын акыл-кеңештерин алып, эскиден жаңыга умтулган кездер эстутумда козголот.

1990-жылы Ош коогалаңы башталган учурда Ташкентте өткөн эл аралык чоң илимий жыйынга барып калдык. Тактоого алчу темабыз Орто Азия элдери Орусияга кантип кошулганы же кандайча каратылганы тууралуу эле. Өзбекстандан башкы баяндаманы менин илимий жетекчим, таанымал окумуштуу Хамид Зияев, Кыргызстандан Бекемдин жетекчиси, чыгаан окумуштуу агайыбыз Кушбек Үсөнбаев, Түркмөнстандан академик Мурад Аннанепесов (раматылык

М. Аннанепесов 2013-жылдын 19-сентябрында дүйнөдөн кайтты. Ал Түркмөнбашы С. Ниязовдун учурунда өзүнүн көз карашынан кайтпай, калыстыгынан тайбаганы үчүн куугунтукталып, ал каза болгондо некрологго да басылмалар орун бергенге батына алган жок, чыгаан окумуштуунун жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун – К.М.) жасашты. Талкуу учурунда Академик Аннанепесовдун баяндамасына каршы чыккан окумуштуулар болду. Ошондо түркмөнстандык чыгаан окумуштууну кыргызстандык жаш окумуштуу Бектемир Жумабаев колдоп чыкканга академик өтө ыраазы болуп, алкоо сөздөрүн айтканы бүгүнкүдөй эсимде.

1991-жылы 17-августта Ош шаарында Курманжан датканын 180 жылдыгына арналган эл аралык илимий жыйында сөз эски муундагы окумуштууларга берилип, жаштар көңүлдүн сыртында калдык. Баяндамачылардын докладдары элдин бүйүрүн кызыта албаганы залдагы маанайдан сезилип турду. Ошондо Бектемир досубуз экөөбүз "эски жадатма баяндамалар менен эле жыйынды бүтүрбөй, жаштарга да сөз бергиле" деп чыкканыбыз, акыры сөз берилип, биздин сөзүбүзгө эл кол чаап, зал жанданганы эстен кетпейт.

Оштогу дагы бир илимий жыйында залда отурган бир адам сөздү бура тартып, окумуштууларга асылганын токтотпой уланта бергенде, Беке досубуздун тура калып "Сиз КГБнын кызматкери көрүнөсүз, сүйлөгөн сөзүңүзгө караганда, мында илимий жыйын өтүп жатат, тоскоол кылбаңыз" деп эскерткени эсибизде. Жыйындан соң залда кыйкырып сүйлөп жаткан адам чын эле КГБнын офицери экенин мойнуна алып, Бектемир менен келип таанышты. Кийин ал Жогорку Кеңешке депутат, андан соң жетекчи кызматтарды аркалап жүргөндө да Бектемир менен жылуу мамилесин үзгөн жок.

Досубуз мына ошондой илимий жыйындардын көркү эле. Ал эми жыйындардын кечки программасында, той-аштарда

созолонткон мукам үнү отургандардын жарпын жазчу. Эсимде бир чоң тойдо Илиястын ырын созолонтуп ырдагандан кийин алып баруучу, Кыргыз эл артисти Кыргызбай Осмонов келип, "Беке сенин алдында мындан ары Илиястын ырын ырдабайм" деп кол бергенине, кийин ал ырын Бектемир катышкан тойлордо эч ырдабаганына күбө болуп жүрдүк.

Ал эми ооруканада жатканда факультетте көп жылдан бери эмгектенип келген Гуля Мамбетова эжейибиз ден соолугун сурап келип, "Сен келгиче мен Улуттук университетинде ыр жагынан эч кимди алдыга чыгарчу эмес элем, сен келип ал орунду менден тартып албадыңбы" деп тамаша-чынга салып айтып отурганы эсимде. Раматылык Закирбек Эралиев агайыбыздын маараке лик бир тоюнда Кыргыз Эл артисти Саламат Садыкова эжекебиз: "Бекебиздин ырынан кийин мага анча көңүл бөлүнбөй калбадыбы" деп келип колун кармаганын кантип унутабыз.

Бекебиз ыры менен гана эмес, алып баруучулугу менен да таанымал эле. Эгерде эрке балалык өнөрүн уланта бергенде азыркы алып баруучулардын көпчүлүгү банкрот болмок. Аттиң дүйнө!

Бекем жаратылыш менен өтө жакын, сулуулукту өзгөчө кастарлачу. Ысык-Көлдүн Көк-Жайыгында, Алтын-Арашанында болобу, же Нарындын Соң-Көлү менен Салкын-Төрүндөбү, же Суусамыр менен Чычкандабы, Ала-Арча менен Кара-Шородобу, же кичи мекени Чоң-Алайдын бийик тоолорунда жүрөбү анын жүзүнөн нур чачылып, чечекейи чеч болуп, жаратылыштын сулуулугуна, өзгөчө кооздугуна суктанган, жуурулушкан учурларын кадрга кармап калган учурларым арбын экен.

Көзү өтөөрдөн бир жыл мурун 20 жылдан ашуун үй-бүлөбүз менен катташкан, шеринелеш достор Чоң-Алайга барып калдык. Райондун аймагын аралагандан баштап кезек талаша меймандостугун көргөзгөн досторуна, туугандарына ыраазы болуп кайткан элек. Макалабыздын башында

айтпадыкпы, досубуздун кадыр-баркы өзүнүн кичи Мекенинде эле эмес, бардык чөлкөмдөрдө өтө бийик эле. Досубуздун уюштуруучулук жөндөмү да мыкты болучу. Кайсыл жерде иштебесин, кандай жамаатты башкарбасын, ал жерде чыр-чатак токтоп, тынчтык орночу, ийгилик кошточу.

Анын жетекчилик диапозону улам кеңейип, арышы арта баштаганда шум ажал алып кетпедиби, болбосо Кыргыз Улуттук университетинин жетекчилигине ат салышаар маалы эле. Факультеттердин жетекчилиги шайланганда эң көп добушту Бектемир досубуз алып, декандардын алдыңкысы аталчу. Мурдагы ректор Искендер Исамидинов факультеттеги жыйынга келип, "акыркы кезде декан бизге кирбей, биз деканга келчү болдук" деп тамашага салып сүйлөгөнүнүн да чындыгы бар эле.

Досубузду Улуттук университеттин башкы имаратынан келбес сапарга узатып жаткандагы сөзүндө Университеттин ректору И. Исамидинов, Улуттук Илимдер Академиясынын президенти Абдыганы Эркебаев да маркумдун уюштуруучулук жөндөмүн өзгөчө баса белгилеп кетишти. Анткени досубуз жетекчимин деп керсейчү эмес, жаштар менен жаштардын тилинде, улуулар менен алардын тилинде сүйлөшүп, өтө жөнөкөйлүгү, адамгерчилиги менен өзгөчөлөнүп турчу. Ошол эле учурда талапты катуу койо билчү. Факультеттин жамааты ошондуктан досубузду жаныңдай жакын көрүшчү. Бекемди эскерели деген демилге да эмгек жамаатынан чыкты.

Арадан бир жыл өтсө да досубуз, кесиптешибиз ар убак эсибизде жана түбөлүккө ар бирибиздин жүрөгүбүздүн түпкүрүнөн орун тапты. Бектемирден ажырап калганыбызга эч кимибиз ишенгибиз келбейт. Ал ар дайым арабызда жүргөндөй сезиле берет.

Эми эскерүү макаланы жыйынтыктап жатып, досубуздун чукугандай курч сөздөрү, аңыз катары айтылып калган жактарынан айта кетүүнү туура көрдүм. Досубуз бир жылы

УККда иштеген Бектемир деген курсташ-досу менен Ысык-Көлгө эс алганы келишет.

Пансионаттан орун алгыча машинасы менен көлдүн жээгине жакын келип, сулуулугуна суктанып турса эки милиционер келип, "бул жерге машина менен кирүүгө болбойт, документиңизди көргөзүңүз" деп талап кылышат. Анда досубуз кебелбей туруп, "мага тоскоол кылбай алдагы шоопурумдан сурап алгылачы" деп ары карап басат. Бир маалда шоопурунун документин көргөн милиционерлер кайра жүгүрүп келишип, "биз сизди тааныбай калыппыз" деп кечирим сурап, жандары калбай сый болуп кетүүгө чакырышат. Көрсө шоопуру Улуттук коопсуздук кызматынын полковниги болсо, өзү анын төрагасы го дешип Бектемир досубуздун алдына жүгүрүп барып честь беришип, кечирим сурап жаткан кербези турбайбы.

Бул окуяны ар бир отурганда эстеп, досубуздун чукугандай сөз тапканына, орундуу тамашаларына черибиз жазылаар эле. Бектемир досубузду эстегенде ар дайым анын жаркын элесин, артындагы эмгегин, мукамдуу ырын, адамгерчилик улуу сапатын, дүнүйөнүн кулу болбой, таза жашап өткөн өрнөктүү өмүрүн эстейбиз!

Ал ар дайым биздин арабызда!

Момбекова Ж. К.,

Жусуп Баласагын атындагы
КУУнун профессору, т. и. к.

ЭСТЕН КЕТКИС ЭЛЕСТЕР

Мен 45 жыл тарых факультетинде иштеп, көптөгөн студенттерге лекция, семинар өтүп, куратор дагы болуп, тарбия иштерин алып бардым. Ошол мезгилде кээ бир студенттер эсте калып, кээси эсте калбайт экен.

Мындан 35-36 жыл мурун окуган Бектемир Жумабаев дайым эсимде, анткени 1-курстан 5-курска чейин ага куратор

дүйнөгө, акыретке кетти деп ушу күнгө чейин эсептеп келген эмес... Ал арабызда эле, арабызда эле өзүнүн кең дүйнөсү менен жүргөн... Эми гана, кашайып сезип жатпайбызбы, ал узак сапарга кетип, бизди тар дүйнөгө калтырып кеткенин... Жоготууну алгачкы ачуу даамын жүрөктүн толтоосунда, көз жаштын кулап түшкөн эскерүүсүнөн сезип олтурабыз...

Кыргыздын улуулугун кара! Акыркы сапрага узатып жатканда жамы журтка кайрылып, "Кандай адам эле?" деп акыреттин акыркы суроосун салганын. Бекеме кандай жооп бердик? "Жакшы адам эле..." деп баарыбыз текши ооздон кайталадык. Бул сөздөн да бийик, бу сөздөн да улук жооп болсо, ал сөзгө Бекем гана татыктуу болот эле. Ал өнөбөю менен кишиге айтылчу мыкты сөздүн гана жообун укмак. Тирүүсүндө да укту, акыркы сапарга узап баратканда да укту...

Бекени чоң окумуштуу... илимпоз деп, кесиптештери айтышаар... Ал эң оболу бизге адамгерчилик менен жөнөкөйлүктүн адамы. Жигиттин жигитчили. Улуу Тоодо төрөлүп, улуулук духту улуу бийиктиктен алган.Улуу бойдон калды...

Бүгүн да... ушул саптарды жазып жатсам лепилдеп, чоң-чоң кар жаады.Ал сенин жаның досум, аппак кардай болгон... Ак баракка сен жөнүндө эмне деп жазарымды билбей кыйналганымдын да жүйөөсү да ушул эле...

Бул сөздөрдүн баарын тынбай жаап жаткан кардан, кыламык кардан алдым... Ал бейиште жүргөн жаныңдын кабарчысы...

Бүгүн сенден кабар алып келди...

Кулагыма кайдандыр, жапондордун эски ырынын кырааты, кайрыгы келди...

"Сен мени эстединби, мен да сени..."

Смадияров С.,
ОшМУнун Тарых факультетинин деканы,
доцент, т. и. к.

УЛУУ–КИЧҮҮГӨ БИРДЕЙ ЭЛЕ

Бекеге эскерүү жазам деп үч уктасам түшүмө кирген эмес.

Мен Бектемир менен 1988-жылы Турдумамат Кадыров аркылуу Улуттук университеттен таанышып калдым. Анда менин Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда иштегениме 1 жыл болгон. Кийин, 1989-жылдын күз айларында Ленинград (азыркы Санкт-Петербург) шаарынан жолуктук. Мен, өзүм бүткөн Ленинград мамлекеттик университетинин тарых факультетине стажировкага баргам. Бектемир менен Кыяс Молдокасымов кандидаттык диссертацияларына материал жыйноо үчүн илимий сапарга барышкан экен. Ошентип, Орусиянын илимий, маданий борбору болгон, менин студенттик күндөрүм өткөн Пётрдун шаарында бир топ күн чогуу жүрдүк. Аларга Ленинграддын белгилүү тарыхый жайларын көрсөтүүгө аракет кылдым. Атүгүл, ошол күндөрү Ленинградда окуган кыргыз жаштарынын "жердештик шеринесине" ("землячество") катышууга да үлгүрдүк. Мына ошол күндөр Бектемир экөөбүздүн жакын жолдоштук мамилебизге чыйыр салды.

1990-1993-жж. Бишкек шаарында Улуттук университеттин аспирантурасында окуган мезгилде, ошол кездеги аспиранттар: Т. Кадыров, Б. Абытов, К. Батыркулов (ыраматылык), У. Ураимов, С. Өмүрзаков (математик), Р. Чыныбаев (физик) жана КУУнун тарых факультетинин окутуучулары **Б. Жумабаев,** К. Молдокасымов, О. Каратаев ж.б. тең-туш курбулар чогуу жүрдүк. Көп жакшы күндөрдү бирге өткөрдүк. Ошол эле учурда ал күндөр психологиялык жактан, материалдык жактан да оор күндөр болгон. Союз

ыдырап, эл чарбасынын бардык тармагында, анын ичинде билим берүү системасында да татаал абал түзүлгөн. Айрым аспиранттар окууларын таштап кетип да калышкан. Бирок көпчүлүгү максаттарын ишке ашырып, азыркы күндө илимдин докторлору жана кандидаттары.

Докторлордун катарында Бектемир да бар эле. Бул анын сабырдуулугунун, эмгекчилдигинин, максаттуу жашоосунун натыйжасы болгон.

Бектемирден дагы бир үлгү алчу сапат анын жөнөкөйлүгү, улуу кичүүгө бирдей мамиледе болгондугу эле. Көпчүлүк адамдар материалдык абалы жакшырып, кызмат абалынан бир аз эле жогоруласа өзгөрө (жаман жакка) түшөт. Бекеде кыпындай да андай көрүнүш болгон жок. Бул анын инсандык улуулугу го.

Бектемирдин жетишкен ийгиликтеринде жубайы Эркингүлдүн орду чоң деп ойлойм. Муну белгилөө менин парзым. Анткени мен ал кишинин колунан көп чай ичтим. Эркингүл кыргыздын "ак көрпө жайыл" деп сыпаттаган зайыбы. Эми кыздарынын, уулунун урматын, үзүрүн көрсүн.

Сырдыбаев Т. Т.

доцент КНУ имени Жусупа Баласагына, к.и.н.

ПАМЯТИ БЕКТЕМИРА МИТАЛИПОВИЧА ЖУМАБАЕВА

Соединение огромного доверия с огромным требованием и есть стиль нашего воспитания.
А. С. Макаренко

С Бектемиром Миталиповичем я стал тесно работать с декабря 2008 года, когда после защиты кандидатской диссертации, он меня позвал работать снова в качестве

заместителя декана факультета истории и регионоведения КНУ. За время совместной работы, я узнал об его многих хороших качествах. Самое главное - он очень хорошо умел ладить с людьми. Бектемир Миталипович терпимо относился к выражению открытого несогласия, строил отношения с людьми на взаимном доверии. За то время, которое мне пришлось поработать с ним, я почувствовал некую сплоченность не только коллектива, но и студентов нашего факультета.

Мы, молодые преподаватели, собирались вокруг него. С нами он разговаривал на равных, интересовался нашими делами, советовал, помогал. Мы, в свою очередь, как единомышленники, большую часть времени проводили вместе с ним. Его лидерство заключалось в том, что он вдохновлял нас, и мы по доброй воле стремились достичь неких целей. Мне вспомнилось, как мы сплотились на конкурсе, проводимом университетом в честь 22-летя закона о кыргызском языке. Конкурс проводился в 2011 году в здании Кыргызского национального театра оперы и балета, где Бектемир Миталипович всех заряжал своей энергетической задорностью. Он не только успевал выступать на сцене, но и заводил каждого участника конкурса.

Со студентами Бектемир агай был очень близок. Иногда Бектемир Миталипович говорил: «Хочешь владеть душами ребят - отдай им свою душу». На праздниках, устраиваемых студентами («Посвящение студентов», «Новогодние бал маскарады» и т.д.) Бектемир агай, кроме торжественной части, вместе со всеми студентами выходил на сцену и пел песни, участвовал в различных конкурсах. Одной из его инициатив было проведение спартакиады на «кубок декана», где студенты соревновались по двум видам спорта: футбол и волейбол. На таких спартакиадах Бектемир агай старался всем дать призы, книги и т.д. Он был душой факультета.

Табалдыев К. Ш.,
"Кыргыз Тарых Коому" эл аралык
коомдук бирикмесинин вице-президенти,
Кыргыз-Түрк Манас Университетинин
профессору, т. и. к., археолог

БЕКТЕМИР – КЫРГЫЗДЫН БЕРЕНИ ЭЛЕ!

(Кесиптешим Бектемир Жумабаев жөнүндө сөз)

Мен Бектемирди студенттик мезгилден бери билген элем. Менден бир курс жогору окуду. Курсташтарынын арасында, биз сыяктуу кийинки курстун студенттери менен жакын эле. Окууну бүткөндөн кийин кыргыз мамлекеттик тарых музейинде иштеген.

Кийин баарлашканыбызда Бектемир аркылуу кыргыз археологу Ысман Кожомбердиев жана анын агайы, алгачкы устаты профессор Александр Бернштамдын ишмердиги тууралуу көп маалыматтарды алдым. Бекем студенттик мезгилде Ысман агайдын Кетмен-Төбөдө жүргүзгөн археологиялык экспедициясына катышып, талаа археологиясынын усулдарын өздөштүргөн. Экспедиция учурунда хундар доорундагы эстеликтин алгачкы күрөк сайып ачылышынан тартып, толук казылып бүткөнгө чейинки учурларын баарын кылдат айтып берээр эле.

Менин хундар мезгилине таандык эстеликтерди казган учурларымда Бектемир аркылуу алынган маалыматтардын көп пайдасы тийди.

Себеби хундар доору деп айтылганы менен алардын ар бир аймактагы айырмачылыктары толук аныкталып бүтө элек. Мисалы, Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү эстеликтер менен Таластагы Кеңкол эстеликтеринин ортосунда көп айырмачылыктар жаңыдан ачылып отурат. Кетмен-Төбө эстеликтериндеги калктын антропологиялык тибинде,

ошондой эле маркумдун сөөгүн жайгаштыруу адатында айырмачылыктар бар.

Ысман Кожомбердиевдин археологиялык казууга, ал эстеликтерди коргоо ишине күйүп бышкан, эмгекчил окумуштуу болгонун Бектемирдин баяндамалары аркылуу гана билип калдык. Агай сыркоолоп калганда Бектемир анын археологиялык документтерин иреттөөгө көп жардам берген.

Кийин ал документтер салынган папкалар Ысман агайдын кызы аркылуу биздин колубузга тийди. Биз агайдын Кыргызстан археологиясына кошкон ишмердүүлүгүн изилдөө үчүн Айсулуу атгуу студентибизге алгач дипломдук иш жана магистрлик диссертация жаздыра алдык. Мүмкүнчүлүк болгондо кийин китеп иретинде чыгаруу планыбызда бар.

Бекем кийин XIX – XX кылымдын башындагы Борбордук Азия тарыхы багыты боюнча иштегени менен археология илимин унуткан жок. Өзү туулуп-өскөн Чоң Алайдагы эстеликтерди жакшы билгендиктен, ал жерге барып изилдөө жүргүзүүгө чакырып жүрдү. Бирок анын өтүнүчүн аткарууга жетише алган жокпуз. Биз өз учурунда Кыргызстан жаш тарыхчылар жамаатынын улантуучусу - Кыргызстан Тарыхчылар Коому (азыркы "Кыргыз Тарых Коому" эл аралык коомдук бирикмесинин башаты) жана Түрк Тарых Коому аркылуу Гүлчө суусуна жакын эстеликтерди изилдегенбиз. Гүлчө суусуна куя турган Каракол суусунун жогорку агымындагы аска бетине тартылган сүрөттөрдү кылдат иликтегенбиз. Ал эстеликтер, Бектемирдин айтуусуна караганда, Чоң-Алайдагы эстеликтерге мүнөзү жагынан жакын.

Чоң-Алайдын батыш тарабында байыркы көчмөндөрдүн гана эмес, отурукташып шаар-чеп курган калктардын маданиятын изилдеп жаңы илимий пикирлерди жаратууга толук мүмкүн.

Бектемир багыттаган Чоң-Алайдагы археологиялык илимий темалар өз изилдөөчүлөрүн дагы эле күтүп жатат.

Аманчылык болсо, бул мүдөө да аткарылат деген тилегибиз бар.

Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун, Беке!

10.12.2014.

Төрөев М. С.,

Кыргыз Республикасынын ветеринардык дарт аныктоо жана экспертиза борборунун башкы директору

ЖУМАБАЕВ БЕКТЕМИР МИТАЛИПОВИЧТИ ЭСКЕРҮҮ

Тарых илимдеринин доктору, профессор Бектемир Миталипович менин классташым.

Классташымды 1967-жылы мектеп босогосун аттагандан бери жакшы, жакын билген адам катары билчүмүн.

1978-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетине тапшырып, 1983-жылы ийгиликтүү аяктагандан кийин, илимге жакын экенин сезген агай-эжелери, ошол эле тарых факультетине мугалим кылып алып калышкан.

Биз Бектемирди кесипкөй мугалим, мыкты тарыхчы катары эле эмес, жакшы санаалаш, бирибизге классташ, бирибизге курсташ, бирибизге ага, бирибизге ини болуп эң жакшы билип калдык. Ал улуу менен кичүүгө бирдей жугумдуу, бирдей алымдуу, ушунчалык таза, сүйлөсө оозунда ширин сөзу бар, иштесе колунан бардык иш келген, дайыма жарык маанай менен жадырап-жайнап, кабагы ачык жүргөн адам эле. Кимибиз менен баарлашпасын сүйкүмү жанып турчу. Адамдарды өзүнө тартып турган анда сыйкырдуу бир күч бардай байкалчу. Ал ашкере кең пейил, даркан, адамдык бийик парзды ак туткан, уулуна, кыздарына мыкты ата катары салабаттуу жосуну бар таасирлүү адам эле.

Ар бирибиздин жакшылыктарыбызга жана жамандыктарыбызга үзбөй катыша турган, өзгөнүн жакшылыгына өзүнүкүндөй кубанган, бирөөнүн кайгысын өз кайгысындай сезген улуу инсан болуучу. Жөнөкөй адамдардын катарын толуктаганы менен жан дүйнөсү, руханий байлыгы, адамкерчилиги мол экени менен дайыма айырмаланып туруучу. Качан барбайлы, үйүндө дасторкон бапырап жайылып тураар эле, пейили кенен болуучу, баарыбызды чогултуп бириктирген, кыргыздын нарк-насилин, салт-санаасын жакшы билген адам катары билчүбүз.

Жакшы адамдар тууралуу көп айта турган, алардын жакшы жактарынан үлгү алганын жашырбай айтуучу.

Учурунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин мыйзам чыгаруу палатасынын төрагасы А. Эркебаевдин жардамчысы жана социалдык жактан бөлүм башчысы болуп эмгектенип калды. Саясаттан бир топ тажрыйба алды.

Ал өлкөдө жана дүйнөдө болуп жаткан саясий процесстерди туура тандай билген, алар тууралуу ойлорун тең ортого салган, жакшы-жаманын иргеген инсан болуучу. Кыргызда оо дүйнөгө сапар алган адамды, бир ооз сөз менен айтканда «жакшы адам» делет, бул ошол адамга берилген эң жогорку баа жана жеткен жери. Атактуу акыныбыз Алыкул Осмонов жазгандай: «Адамдар тирүүсүндө көп байкалбай, Өткөндө кайран ай деп өкүндүрөөр» деген сыяктуу, Бектемирдин мыкты сапаттарын азыр андан ажырагандан кийин эстеп олтурабыз.

Өкүнүчтүү бир арман Бектемир тарых илимдеринин докторун жактагандан кийин эмгегинин үзүрүн көрбөй оо дүйнөгө сапар алды.

Артында жаш мектеп босогосун аттаган бир уулу, эки кызы жана жубайы калды.

Ал эл агартуу майданында аткарган күжүрмөн эмгеги, билим берүү тармагынын алдыңкы тажрыйбаларын жайылтуудагы олуттуу иштери учун Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин 1-даражадагы диплому менен, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин Ардак Грамотасы менен, Кыргыз Республикасынын «Эл агартуу күнүнө» карата тарых факультетинин эң мыкты деканы ардак наамына татыктуу болгон. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу палатасынын Ардак грамотасы менен, Эл агартуунун отличниги төш белгиси менен сыйланган.

Туйгунов Н.,

Ардагер "Даңк" медалынын ээси,
Чоң-Алай районунун ардактуу атуулу

БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВ ЖӨНҮНДӨ ЭСКЕРҮҮ

Мен маркум Жумабаев Бектемирди кичинесинен жакшы билем десем жаңылышпайм. Себеби атасы Абдимиталип аке менен №44 СПТУда чогуу иштеп үй-бүлөлүк карым катнашыбыз жакын болгон. Адамгерчиликтүү, меймандос, дасторкону дайыма жайылып турган, айкөл инсан болчу. Кыргыз жерибиз баары кооз, анын ажарындай улуу касиет эч жакта жок жерибиздин ар бир бурчу өзүнчө сулуу, өзүнчө ыйык, ак карлуу ала тоолуу Чоң-Алай жергесинде 1960-жылы жарык дүйнөгө келген. Бул менин окуучум маркум Жумабаев Бектемир.

Мен Ош педагогикалык институтун ийгиликтүү бүтүрүп эмгек жолумду ал кездеги "Коммунист" орто мектебинен баштадым. Мен сөз кыла турган Бектемир 1-класста окуганы менин эсимде. Мектепти ийгиликтүү бүтүрүп, аттестатты менин колумдан алып (ал мезгилде мен окуу бөлүмүнүн башчысы болчумун) Фрунзе шаарына Кыргыз Мамлекеттик

университетте окуп, ийгиликтүү бүткөндөн кийин аталган университетте иштеп калганы баарыбызга белгилүү.

Өзү туулуп өскөн алыскы элет эли менен тыгыз байланыштырып, аз жашаган бүткүл өмүрүн күч кубатын, акыл эсин университеттин тарых факультетинин өнүгүп өсүшүнө багыттоо менен келечек ээлерине арнады. Катардагы мугилимден илимдин кандидаты, андан доктору, профессор болууга жетишти.

Бул жетишкендик Чон-Алай элинин тарыхында илимдин туу чокусуна жетишкен А.Эркебаевден кийинки экинчи кулунубуз, же болбосо айрыкча өсүп келе жаткан жаштарга өрнөк, үлгү боло турган инсан болгонун баса белгилегим келет.

1996-2001-жж. Кыргызстан Жогорку Кенешинде депутаттын жардамчысы болуп иштеген.

2001-2008-жж. Э. Арабаев атындагы Кыргыз педуниверситетинде Чыгыш тилдери жана маданияты институтунун директору болуп иштеген. 2008-жылдан Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин Тарых факультетинин деканы болуп эмгектенген. Кыргыз Тарых Коомунун негиздөөчүлөрүнүн бири жана 2012-жылдан тартып Кыргыз Тарых Коомунун вице-президенти болгон.

Бектемир Жумабаевдин калеминен 100дөн ашуун илимий жана жамаааттык макалалар, бир канча китептер жарык көргөн.

Кыргызстандын Билим берүүсүнүн мыктысы (отличниги) наамын алган.

Менин жеке баамымда Бектемир үй-бүлөлүк, адамгерчилик иши эмес, илим-билимге кылган ак эмгеги менен кыргыз тарыхында өзүнүн өзгөчөлүү орду бар деп эсептеймин. Буга далил катары "Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш" деген докторлук диссертация үчүн жазылган эмгегинде Памир кыргыздарынын тарыхый тагдырына, социалдык-экономикалык, саясий абалына,

ошондой эле кыргыздардын турмуш тиричилиги, алардын этникалык курамына так, даана анализ бергени далил болот.

Маркум Жумабаев Бектемир жөнүндө эскерүүнү узун сабак кандай жазса да аздык кылат. Чоң-Алай бийик тоолуу райондордун бири, шарты катаал чек ара, табияты географиялык түзүлүшү боюнча дүйнөдөгү кайталангыс ажайып жер. Чыгыштан Кытай, түштүктөн Ооган, тоолуу Бадахшан, батыштан Тажикистан Республикасы менен чектешкен алмустактан баш Алай аталып, узундугу 200 км, туурасы 60 км кереметтүү куттуу жердин абасын искеп, суусун ичип чоңойгон. Чындык дегенде айлана чөйрөгө, тууган урук, дос-жарга карабастан өз пикирин ар дайым так айткан инсан болчу. Ал эми адамгерчиликтүүлүгү, кичипейилдиги, жөнөкөйлүгү бардык адамдарга бирдей мамиле кылганы өзүнүн ишине дайыма жоопкерчилик менен мамиле жасаганы жөнүндө кандай айтса да калыстык болот, аздык кылат.

Маркумду узатууда бирге иштеген коллективи, окуу жайдын ректору баш болуп кызмат кылып, терең кайгырышып, кайгыны үй-бүлөсү, тууган-уругу менен тең бөлүшүп маркумдун сөөгүн узатууда кызмат кылышканы буга далил.

Ал эми классташтары, достору жөнүндө кандай айтса да аздык кылат, Чоң-Алайга келгенде тосуп алып, кайра кеткенче чогуу жүрүшүп, кезек менен чай беришип, узатып коюшчу. Бектемирдин кулк мүнөзү анын жөнөкөйлүгү, кичипейилдүүлүгү жөнүндө канча айтса да аздык кылат, мындай инсан чанда дүйнөгө келет. Үй-бүлөсүндө өмүрлүк жубайы Эркингүл менен бактылуу өмүр сүрүшүп, мээримдүү жар, мээрман ата, кайраттуу бүлө башы болуп, кыздарын окутуп, тарбиялап өстүрүүгө жетишти. Жакшылар менен жанашкан, жамандардан адашкан инсан эле.

Бектемир өсүп келе жаткан муундар үчүн үлгү, даанышман акылчы, насаатчы, журт аксакалы, акыл калчап

калыс сүйлөгөн, багыт бере турган журт башындагы кадырман аксакал болууга мүмкүнчүлүгү толук бар болчу.

Шум ажал алып кетти, аттиң ай! Айла жок! Кош бол Бектемир! Жаткан жериң жайлуу болсун, топурагың торко болсун!

Элибиз андан айрылып,
Жүрөбүз дайым кайгырып.
Достору андан айрылып,
Жүрүшөт өксүп, кайгырып.
Үй-бүлө Бекемден айрылып,
Жүрүшөт күнү-түнү кайгырып.
Ошентип жүрүп жатабыз Бекем
Оо дүйнө сапар аттанып эми
Табылбай бизден кетсе да
Тарыхта калды катталып.

Чаргынов Т. Т.,
доцент факультета Истории и регионоведения
КНУ имени Жусупа Баласагына, к. и.н.

ЗАЖИГАЛ ОГОНЬ В СЕРДЦАХ ЛЮДЕЙ

В мире есть еще род людей, кто знанием богат,
Их знания звездой путеводной горят.
Любезен, учтив, будь с такими людьми,
Хоть малое знание от них перейми.
Жусуп Баласагын.

Для человека разумного, имманентно характерна познавательная деятельность. И именно через познание объективного мира индивид превращается в личность, который своим интеллектуальным объективным трудом вносит уточнение и порядок в хаос повседневной жизнедеятельности общества. Что в свою очередь дает нам

возможность осушать его присутствие среди нас, живых. По моему мнению, это и есть «вечная жизнь».

Но, при этом необходимы следующие качества: интеллект, мобильность и честность. Если отсутствует последнее качество из трех, то этого человека надо бояться, так как он отталкивает от себя других индивидов общества. В этом отношении Жумабаев Бектемир Миталипович был «Человеком», обладающим всеми тремя качествами, что и определило его статус среди нас.

Бектемир Миталипович был не только ученым, который занимался историей Центральной Азии с геополитической точкой зрения, но и человеком с большой буквы. Он мог зажечь огонь в сердцах молодых устремленных людей, тот огонь, который находился в зачаточном состоянии. Был толерантным, инициативным, смелым в решениях человеком, прежде всего отличным менеджером, который смог сплотить коллектив и работать как единый организм. Что в свою очередь дает много позитивных результатов, как в росте и становлении личностей, так и коллектива.

Одним из ярких свидетельств в пользу сказанного являются результаты, достигнутые факультетом Истории и регионоведения КНУ имени Жусупа Баласагына за время его руководства.

Шейшеканов Т. Б.,

Жусуп Баласагын атындагы КУУнун
кафедра башчысы, профессор, т. и. к.

БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВ – ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮР ӨТӨГӨН

КУУнун Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин курамындагы Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасынын чыгаан, белдүү мүчөсү, факультеттин деканы, тарых илимдеринин доктору, профессор, «Кыргыз Тарых Коому» эл аралык коомдук бирикмесинин вице–президенти

Жумабаев Бектемир Миталиповичтин бул жарык дүйнө менен коштошуп, биздин арабыздан эрте кеткендигине жакында бир жыл толуп отурат. Тилекке каршы Бектемир Миталиповичтин өмүрү кыска болсо да ал өрнөктүү өмүр өтөгөн инсан, педагог окумуштуу жана жетекчи катары биздин түбөлүк эсибизде калат.

Мен, бул чакан эскерүүмдө Бектемир Миталиповичтин кафедра мүчөсү катары акыркы 3-4 жыл ичиндеги кафедранын илимий ишинин алга жылышына кошкон зор салымын таразага салып дагы бир жолу анын кыргыз тарых илиминин өнүгүшүнө кошкон салымын баса белгилеп кетейин деген ойдомун.

2010-ж. Бектемир Миталипович «Памир маселесинин алкагында империалисттик мамлекеттердин ортосундагы геосаясий күрөш» проблемасына арналган докторлук диссертациясын зор ийгилик менен коргоп, Улуттук аттестациялоо комиссиясы тарабынан ал иши бекитилип, профессор наамын алгандан кийин, биздин кафедрада дагы бир толук кандуу тарых илимдеринин доктору, профессор пайда болгон. Ошентип кафедранын кадрдык курамы, сапаты дагы жогорулаган.

Ошол окуя ишке ашканда биздин кафедра мүчөлөрү жалпы текши кубанып, профессор Бектемир Миталиповичти чын дилибизден куттуктап, ага чын ден-соолук, узун өмүр, үй-бүлөөлүк бакыбаттуулук, илимдеги дагы жаңы ачылыштарды, жетишкендиктерди каалаганбыз.

Түйшүктүү административдик кызмат ордун - факультеттин деканынын ордун ээлегендигине карабай, Бектемир Миталипович илимий иштерге баш оту менен киришип, көптөгөн республикалык, эл аралык, жогорку окуу жайлар аралык илимий практикалык конференцияларга, симпозиумдарга, конгресстерге катышып, ал иш чараларды уюштурууга, өткөрүүгө түздөн түз өз салымын кошуп келген.

Мен, бул эскерүү макаламда 2010-2014-жж. аралыгындагы Бектемир Миталиповичтин кафедра жыйынына берген илимий иштери боюнча отчетун

колдонуп, анын төмөндөгү жетишкендиктерин белгилемекчимин:

• 2010-ж. 25-апрелинде Москва калаасында Россия мамлекеттик университети тарабынан өткөрүлгөн эл аралык конференцияда Бектемир Миталипович «Вклад трудящихся Кыргызстана в Великую победу» аттуу илимий баяндама жасаган;

• 2010-ж. 23-апрелинде Астана калаасында өткөрүлгөн Түркологдордун Евразия конгресинде «Западная историография «Большой игры» аттуу илимий баяндама жасап, ошол эле жылдын апрель айынын аягында КМШ өлкөлөрүнүн түркологдорунун эл аралык форумуна катышып: «Голод в Кыргызстане 30-х годов XX в. Демографические проблемы» аттуу баяндама менен чыгып сүйлөгөн.

• 2011-ж. 17-февралында өткөрүлгөн « Евразия Россия – Кыргызстан: на пути к интеграции» аттуу журналынын бет ачаарында баяндама жасаса, ошол эле жылдын 17-мартында өткөрүлгөн илимий практикалык конференцияда «Модернизация традиционного общество - проблемы и перспективы» аттуу баяндама менен чыгып сүйлөгөн;

• 2011-ж. өткөрүлгөн 1916-ж. улуттук боштондук көтөрүлүшүнө арналган илимий практикалык конференцияда « 1916-ж. улуу «Үркүн» кыргыз элинин тарыхый тагдырында» деген аталыштагы илимий баяндамада, көтөрүлүштөгү белгисиз инсандардын тагдырын козгогон илимий баяндама жасаган;

• 2012-ж. 15-16 ноябрында өткөрүлгөн эл аралык «Кыргызский каганат в контексте тюркской цивилизации: проблемы кыргызоведения» посвященной к 1170-летию образования «Великого кыргызского каганата» аттуу илимий жыйында «Кыргыз – кытай дипломатиялык алакалардын башаты» аттуу кызыктуу илимий баяндама менен чыгып сүйлөгөн;

• 2013-ж. апрель айында Тараз калаасында өткөрүлгөн эл аралык илимий конференцияда баяндама жасаган;

• 2013-ж. 2-5 майында Түркиянын Бурса калаасында өткөрүлгөн эл аралык I илимий симпозиумдун ишине катышып «Кыргызстан - Туркия: сотрудничество с древности до наших дней» аттуу илимий баяндама жасаган;

• 17-19- октябрында Түркмөнстандын Дашоогуз калаасында Махмуд палванга арналган эл аралык конференцияда кыргыз тарыхчыларынын атынан чыгып илимий баяндама жасаган;

2010-2014 -жж. аралыгында Бектемир Миталипович жалпы көлөмү 45 басма табактан турган илимий публикациясын жарыка чыгарган. Алардын катарында:

• 2011-ж. кыргыз кино искусствосунун өнүгүш тарыхына арналган «Лютый – одна из лучших кинолент режиссера Толомуша Океева», аттуу илимий макаласын жарыялаган;

• ЖОЖдын студенттерине арналган « Дүйнөлүк жана чөлкөмдүк эл аралык уюмдар» аттуу окуу куралы. Кафедра башчысы т. и. к. доцент Ж. Омурова менен биргеликте, көлөмү 14,5 б.т;

• «Чоң Алайдан чоң ааламга» аттуу илимий – популярдык эмгек. П. Казыбаев жана Акматбек менен биргеликте, көлөмү 15 б.т;

• «Русские экспедиции: Памир - Алай во второй половине XIX в.» аттуу монографиясы жарык көргөн, көлөмү 12 б.т;

• «Роль исторической науки в формировании личности в современных условиях», «Взаимоотношения Кыргызстана и России: истоки, преемственность, перспективы», « Басмачылык кыймыл жана анын постсоветтик доордогу изилдөөнүн тарыхнамалык жана методологиялык маселелерине карата» ж.б.

Жогорудагы эскерүүдө белгиленгендей тарых илимдеринин доктору, профессор Бектемир Миталипович Жумабаев, кыска өмүр сүргөндүгүнө карабай кыргыз тарых илиминин өнүгүүсүнө опол-тоодой өз салымын кошуп, бул жарык дүйнө менен мезгилсиз коштошуп кете берди.

Аттиң, эгерде Бектемир Миталипович бүгүн биздин арабызда болгондо кафедранын, факультеттин сыймыгы болуп жүрмөк. Кыргыз тарых илиминин мындан аркы өнүгүшүнө зор салым кошмок, жаш тарыхчыларды өзүнүн өрнөктүү өмүр жолу менен тарбияламак, аларды өстүрмөк.

Бирок, шум ажал аны биздин катардан эрте алып кетти. Маркумдун жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун.

Бектемир Миталиповичти эскерип жатып, Сиздердин көңүлүңүздөрдү дагы бир маселеге бургум келди. Ал маселе 2011-ж. 15-июнунда өткөрүлгөн факультеттин деканын шайлоо өнөктүгү.

Факультеттин жалпы жамааты Бектемир Миталиповичтин кыргыз тарыхы илиминдеги ээлеген ордун, коллективдеги окутуучулардын, студент-магистрант, аспиранттардын кадырлоосуна ээ болгондугун эске алып, анын кандидатурасын бир добуштан альтернативасыз шайлоого алып чыккан.

Шайлоо болгон күнү мени эсептөө комисиясынын төрагалыгына бекитишти. Комиссия мүчөлөрү 5 адамдан турган. Алардын катарында: профессорлор Арзыматова А. А., Галиева З. И., Момбекова Ж. К., жана окутуучу Чодолдоева Г. Ж. болушкан.

Шайлоого тизмедеги 92 адамдын 84 катышкан. Шайлоонун жыйынтыгында Бектемир Миталиповичтин кандидатурасын колдоп 83 адам добуш берген. 1 гана добуш каршы болгон. Бул эң жогорку көрсөткүч болуп эсептелет. Бектемир Миталиповичтин жамаат алдындагы ак эмгеги, адамдарга жасаган адилет мамилеси, кенендиги, аброюнун жогорулугу түздөн-түз жогорудагы көрсөткүчкө өбөлгө түзгөн. Факультеттин жалпы жамааты шайлоодон кийин ага ак жол каалаганбыз.

Тилекке каршы, Бектемир Миталиповичтин өмүрү кыска экен. Бирок, анын кыска өмүрү, нускалуу басып өткөн жолу жаштарга өрнөк болот деген ойдобуз!

БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВДИН МУРАСЫНАН

(Айрым илимий-жамаагаттык макалалары, маектери)

ЧОҢ-АЛАЙДЫН КЫСКАЧА ТАРЫХЫ

Азыркы убакта «ичкиликтер» деп аталган Памир калкынын урууларынын топтору тарыхый булактарда XV кылымдан XVI кылымга чейин гана эскерилип кеткен. Ичкилик уруу бирикмеси жөнүндө маалымат Сайф ад-Дин Аксикентинин Мажму-ат-таварихте («Тарыхтар жыйнагы») бостон, төлөс, тейит, жоо кесек, дөөлөс, кыдырша, канды уруулары Салавас бий булгачынын балдары болуп эскерилет [1]. Булгачы уруусунун бийи Салавас бий кыргыз элинин түзүлүү мезгилинде енисейлик кыргыз урууларынан турган топту бириктирип, «ичкилик» уруу союзун түзгөн болуу керек. Рашид-ад-дин «булгачин, кэрэмучин, тулес (төлөс) уруулары Огуз хандын сол канат бөлүгүнө киргизет» [2], ошондой эле бул уруулар кыргыздар менен канатташ жашагандыгы жөнүндө маалымат кездешет, «Булгачи, кэрэмучи уруулары экөө тең кыргыздардын чет жагында Баргужим Токум деген жерде жашайт», [3] -деп жазат. Анткени булгачылар IX кылымдарда эле Енисей кыргыздары менен коңшу жашап, «кыргыз улуу дөөлөтү» мезгилинде алардын курамына кирсе керек.

Булгачылар жөнүндө XV кылымдагы чыгыш авторлору Шараф-ад-дин Али Йездинин «Зафар-намесинде» жана Абд ар-Раззак Самаркандинин «Матла' ас-са' дайн ва Мажма' ал-Бахрайн» чыгармаларында жолугат. Мында Тимурдун Моголистанды каратып алуудагы жортуулдары жөнүндө баянда, тактап айтканда «Зафар-намеде» «Булгачи жана салучи илин издешип, алар бул дубандын бардык аймактарын

текшерип жүрүп отурушту», [4] - деп эскерет. Ал эми Абд ар-Раззак Самаркандинин эмгегинде «Тимур Калан-и Тавчийди жол көрсөткүчтүккө алып, борбордук аскер менен Сычкан-Дабан аркылуу жөнөп булгачи илин чаап алды» [5] -деп жазат.

Ал эми кэрэмучиндер жөнүндө бүгүнкү күндө кыргыз урууларынын арасында кездешпегендиктен өтө эле аз жазылган. Ошентсе да XVIII кылымдагы кытай жазма булактарында, тагыраак айтканда «Сиюй чжи» (Батыш аймактар баянында) кыргыздын бир руусу катары кездешет. «Түштүк-батыштагы тоолуу өрөөндөрдө, Бостонтерег, Уцюй, Карапаш деген жана башка жерлерде биздин букарабыз болгон кыпчактардын акимине караштуу уруулар (кара жайдак, жаман тейит, кызыл аяк, тору айгыр, найман, сарт кыпчак, кызыл кыпчак, нойгут, кара тейит, сары тейит, чал тейит, көкө найман, **кэрэмучин**-(алдын биз сыздык - Б.Ж), соэр найман, кызыл найман) көчүп жайланышат» [6].

Булгачи жана кэрэмучи уруулары жөнүндө алгач жазган К.И. Петровдун оюна да кошулбай коюуга болбойт. «XII кылымдын аягында Енисейге чектеш райондордо кыргыздар менен (ойрот жана наймандардын ортосунда) бирге эле эл катары түзүлө элек этникалык жактан жакын түрк уруулары жашаган. Алардын арасында булгачылар (бостон, канды, кесек жана жоокесектерден турган) жана кэрэмучиндер (балким, тейит, ават, оргулардан турган) төөлөс, сибирги, баргу ж.б. жашаган», [7] - деген оюн айткан.


Балким булгачиндер менен кэрэмучиндер кыргыздын бир руусу болуу менен, алар түштүк Сибирде токойдо жашашкандыктан, коңшу элдер аларды И.Н. Березин белгилегендей булгачиндер «соболевщик», кэрэмучиндер «белковщик» деп аталгандыр [8]. Кандай болбосун ичкилик кыргыздардын енисейлик кыргыздар менен болгон этникалык тыгыз байланышы бар экендигине ынануу менен алардын кээ



Бектемир Жумабаев
(1960-2014)
Сүрөттө калган элестер












Uluslararası Avrasya kongresi
«TÜRK UYGARLIĞI: ASIRLAR BAĞLANTISI»











































келген көчмөн кыргыздар менен толгондугунан ушундай маалыматты берсе керек. Ал эми биздин оюбузча бул чөлкөмдүн калкы аталган мезгилдерде 2500- 3000ди ашпаса керек.

Памир өрөөнүндө жашаган төрт ичкилик уруусу (кыпчак, найман, тейит жана кесек) чындыгында кыргыз элинин түзүлүшүнө чоң таасирин тийгизген уруулар. Бул уруулар Памирде кайсы мезгилде биротоло отурукташып калды? Бул суроого ар бир уруунун кыскача тарыхына саресеп салып көрсөк гана жооп берсек керек.

XIX кылымда Памирге барган орус саякатчылары да Батыш Европанын окумуштуулары да ал жерде жашаган кыргыздарды төрт негизги урууга бөлөт. Алар тейиттер, кесектер, наймандар жана кыпчактар. XIX кылымдын 90-жылдарында Памирге келген англис саякатчысы Лорд Дунмордун жазганы кызыгууну туудурат:

«Борбордук Азиянын бул бөлүгүндө (Памирди айтып жатат-Б.Ж.) жашаган кыргыздар төрт негизги бөлүккө бөлүнөт: а) найман, б) Кыпчак, в) Тай-ит, г) Кисак (кесек-Б.Ж.). Найман өзүнчө төрт урукка бөлүнөт, 1) Кон (Көн), 2) Бустургас (Босторгой), 3) Мирза (Мырза), 4) Кияк (Кий). Кыпчак уруусу үч урууга 1) Сарт, 2) Кыргыз кыпчак, 3) Калта- Байтал. Тай-иттер эки урукка: 1) Кара- Тай-ит жана 1) Сарт-Тай-ит. Кисактар үч кичине урукка 1) Бостан 2) Кидиршах (Кыдырша), 3) Кхандех [12]. Лорд Дунмор кыпчактардагы Кара-Байтал деген уруусун Калта-Байтал деп алмаштырып же туура эмес жазса керек, бул уруу негизинен Кытайда жашаган. Ал эми кесектердеги кайсы урууну «кхандех» деп жазганы белгисиз.

Афган Памиринин кыргыздарынын тарыхын жана фольклорун изилдеген француз окумуштуусу Реми Дор да ал жердеги кыргыздардын өздөрүнүн айтымы боюнча төмөндөгүдөй бөлөт:

«- Тейит: сары тейит, кара тейит, кочкор, шахим, текрең, навруз, алапа, кутан, чегитир.

- Кесек: жыгдым, кызыл аяк, кыдырша, куралай, мамачар, кесек, бостончок, мөшкө, пур баш, кош кулак.

- Найман: мурза, жору, көн, жоон пут, көк эчки, куран.

- Кыпчак: чала, колчок, мудурук, сарт» [13].

Айтор. Памирде, дегеле Памирге чектешкен аймактарда Алайда, Каратегинде, Сарыколдо кыргыздардын ошол төрт уруусу жамаатташ жашап келишкен.

Кыпчактар. Кыпчактар кыргыз элинин гана эмес, бүт түрк тилинде сүйлөгөн Борбордук Азиянын бир топ, казак, өзбек, кара-калпак, Түндүк Кавказдын ногой ж.б. элдеринин калыптануу процессинде чоң роль ойногон жана түзүлүшүнө негиз болгон этноним. Кыпчактар тарыхый булактарда ар кандай ат менен кездешет. Орто кылымдагы араб-перс тарыхый булактарында Ибн Хордадбектин «хыфчах», Гардизиде «кыфчак», формаларында жолуктурууга болот. Византия, латын, орус, венгерлерде «кумандар», «половецтер» деген ат менен жолугат.

Кыпчактар жөнүндө алгачкы жолу жазма булактарда VII кылымдын орто ченинде Селенгадагы Мойун-Чурдун намына жазылган таш эстеликтерде жолугарын С.Г. Кляшторный белгилеген [14]. А.Н. Бернштам байыркы кытай жазма булактарында кезиккен «цзюеще» урууларын кыпчактар менен байланыштырат [15], бирок С.Г. Кляшторный фонетикалык жактан «цзюещени» кыпчак деген ат менен дал келбей тургандыгын белгилеген [16].

Кыпчак деген аттын чыгышын Абул Гази ичи чирик, бош даракты байыркы түрк тилинде "кыпчак" деген, деп жазат [17]. Рашид-ад дин, байыркы Огуз Хандын 24 уруусунун бири «кыпчак уруусу калач, агач огуз менен биригип, анын урууларын менен аралашкан» [18],-деп келип, аны Огуз хан тууралуу легенда менен байланыштырат. Легенда боюнча Огуз хандын ийгиликсиз жортуулунан кайтып келе жаткан

мезгилде бир уруудан жаш бала төрөлөт, анын атын Кыпчак деп коёт Ал ит-барак уруусу болгон. «мифтеги ит-барак уруусу түндүгүнөн Саян-Алтай тоолору менен бириккен, Енисей өрөөнүндө жашаган», андан ары С. Акинжанов «ит-барактарды кыргыздар деп түшүнүшүбүз мүмкүн, анткени дал ушулар IX кылымдын орто ченинде уйгурларга талкалоочу чоң соккуну уруп, Орхондун борборундагы алардын мамлекетин талкалаган, жана бул окуя Огуз ханмын деп өзүн атаган «уйгур кагандыгынын» үстүнөн ит-барактардын жеңиши жөнүндө легендарлуу чагылдырылган» [19].

Ал эми «барак» деген түшүнүктүн өзү ит маанисин туюнтат да, ал «түктүү ит» же « жүндүү ит» деген түшүнүктү берген [20]. Байыркы көпчүлүк түрк урууларынын тотеми ит болгондугун билебиз. Бүгүнкү күндө да түрк урууларынын курамында; кыргыздарда барак [21], түркмөндөрдө ак-барак [22], барак [23] уруктары гекленг жана ушак урууларында кездешет. Ошондой эле С. Атаниязов «бул этнонимдин келип чыгышы байыркы түшүнүккө ээ жана байыркы түрк сөзүнөн «ит» деген маанини берет» [24], - деп жазат. Демек бул кыпчактар кыргыздардын байыркы бир уруусу экендигин далилдейт.

С. Ахинжанов Кыпчактардын түпкү ата журту кыргыздар сыяктуу эле «Саян-Алтай тоолорунун түштүк этектериндеги тоолор жана талаалар» [25] болгондугун жазат. Ал эми К. Шаниязов болсо кыпчактар алгачкы ата журтунан VI-VII кылымдарда; бир бөлүгү Орхон тарапка, экинчи бир чоң бөлүгү Иртыштын сол жээгине ооп келишкен дейт [26] 840-жылы кыргыздар тарабынан уйгур кагандыгынынын талкаланышы, сан жагынан уруу федерацияларынын өсүшүнө түрткү берген окуя болгон.

Дал ушул мезгилден баштап кимак-кыпчактар Иртышта, огуз уруулары Сыр-Дарыяда пайда болгон [27]. XV кылымдарда Дешт-Кыпчак талаасында көчмөн өзбектердин

мамлекети түзүлүп, бул мамлекеттин курамында түрк-монгол урууларынан турган күчтүү мамлекет пайда болот. Көчмөн өзбектердин мамлекети кулагандан кийин, кыпчактардын кепчүлүк бөлүгү Орто Азияга карай кетишип, кийинчерээк кыргыз, казак, өзбек элдеринин түзүлүшүнө негиз болгон.

Ал эми кыргыздардын ичинде кыпчак уруулары качан кошулган? К. Шаниязовдун жазганы боюнча «түштүк кыргыздарга кыпчактар VI-VII кылымдарда Алтайдан, Монголия жана Туванын аймактарынан көчүп келип жана Чыгыш Түрк каганатынын курамына, кийинчерээк, VIII кылымдарда уйгурлардын, андан кийин X кылымда кыргыздарга кирген байыркы кыпчактардын бөлүгү болуу керек» [28].

Бул ойду С. М. Абрамзон да бекемдеп, «Кыпчак деген кыргыз уруусу жөнүндө да ушунун өзүн айтсак болот, бул уруунун Орто Азияга азыркы Казахстандын Байтак талааларынан келген башка кыпчак топтору менен байланыштыруу кыйын. Чындыгында Түштүк Кыргызстан менен Синьцзяндын кыпчактары бул жерге кыпчактардын адепки жашап турган территориясынан кыйыр жолдор менен эмес, түз эле түштүккө, Жунгария аркылуу көчүп-конуп жүрүп келген уруулар бирлигинин бирөө болсо керек деп божомолдоого болот, мүмкүн алар түштүк тарапка кара-кытайлардын жүрүшү менен кошо сүрүлүп келсе керек» [29].

Чындыгында эле Чыгыш Түркстан жана Памирдеги кыпчак урууларынын ичинде кыпчак компоненти негиз болгон башка казак, өзбек, кара-калпак, ногой ж.б. элдердин ичиндеги жок уруулар кездешкендиги буга күбө. Мисалы кара-байтал деген уруусу, «Кара-Байтал кыпчактардын байыркы уруусу, бул уруунун кайсы мезгилде Кашкар тарапка келгендигин тактоо кыйын», [30] - дейт К. Шаниязов.

«Памир кыргыздарынын жана алардын конуш жайыттары жөнүндө маалыматтарды жазуу ашыкча эмес, - деп жазып Н. Аристов: - кара-байтал уруусунун байыркы уруу

экендигине жана анын тектүүлүгүнө кыргыздар урмат сый менен мамиле кылат» [31]. Ошондой эле түштүк кыргыздардын арасында жок тогуз кыпчак, тобур кыпчак, кара кыпчак урууларынын кездешүүсү «алардын Синьцзяндын территориясында узак мезгилдер бою жашап тургандыгын жана алардын этникалык чөйрө менен тыгыз байланышта болгондугун далилдейт» [32]

XIX кылымдагы Памирдеги кыпчак жана найман урууларынын жайгашкан жерлери жөнүндө архивдик документтерде да маалыматтар бар. Ал эми наймандар менен кыпчактар жайында Орто-Бел жана жогорку Тагармага көчүшсө, кышында жогорку жана төмөнкү Гези жана Мук-Суу капчыгайында кыштаган [33].

Памирдеги кыпчактардын уруулук курамы төмөнкүчө:

Хан кыпчак
Тору кыпчак
Келте тон (калта тон)
Куу топ
Чыла
Тору айгыр
Тобур
Кызыл шоодургуч
Баштык
Шереке
Жээрде
Курду
Колчок

Наймандар. Түрк-монгол этникалык биримдигинин тарыхында талаш-тартыш маселелердин бири наймандардын келип чыгышы жана найман проблемасы болуп саналат. Бул маселе боюнча эки көз караш өкүм сүрүүдө. Көпчүлүк окумуштуулар кээ бир кытай-монгол тарыхый булактарына

таянуу менен наймандарды монгол тектүү эл дешсе, көпчүлүгү түрк элдеринин катарына кошот.

Наймандар VI-VII кылымдардан эле белгилүү болуп, «сегиз өгүз» же сегиз уруудан турган союзду түзүшкөн. 840-жылдан кийин же кыргыздардын «улуу дөөлөтү» орногондон кийин, Борбордук Азияда көчмөндөрдүн конфедерациясы түптөлө баштайт, ал жалпы «цзибу» - көчмөндөр деген ат менен белгилүү. Түндүк цзибулар - керейиттер, батыш цзибуларга –наймандар кирген.

Наймандардын да, керейиттердин да өз алдынча мамлекети болуп, алардын мамлекеттик саясий түзүлүшү да бири-бирине окшош эле. Мамлекеттин башында хан турган. Ал эми аскер түзүлүшү жалпы эле көчмөндөрдүн аскердик-башкаруу принциптерине окшош болгон - он башы, жүз башы, түмөн сыяктуу.

Алгач найман мамлекетинин башында легендарлуу Наркаш таян жана Эниан хан турган. Мамлекеттин өз алдынча жазуусу болуп, ал уйгур алфавитинин негизинде жүргүзүлгөн. Ошол жазууну кийинчерээк Чынгыз хан монголдорго киргизип, монголдордун адабий тилине таасир тийгизгендиги жөнүндө бүгүнкү күнгө чейин талаш-тартышты жаратып келүүдө.

XI кылымдын аягында Түндүк Кытайда күчтүү кидан же Си Ляо империясы түзүлөт. Кара-кытайлар 984-жылы цзибуларга кол салып, алардын ханы Далай ханды өлтүрүшөт. X кылымдарда цзибулар менен кидандардын ортосунда карама-каршылык күчөп олтуруп, 1069-жылы көчмөндөр Ляо империясынын аскерлерин талкалайт, бирок көчмөндөрдүн мамлекети улам начарлай берип, 1092-жылы керейит, наймандардын ханы Маргуз II колго түшүрүлүп өлтүрүлөт да, Ляо империясынын курамына киргизилет.

1125-жылы Кидан империясы бузулгандан кийин наймандар өз алдынча мамлекет курууга жетишип, анын башында Инанчы-билге-Буку-хан турган. Академик

С. Л. Тихвинский жазгандай, «Ар кандай монгол-татар урууларынын- монголдордун, кэрэиттердин, ойроттордун, наймандардын, татарлардын жана башкалардын XII кылымдын аралыгындагы күч кубаттуулугунун өсүшү, алардын ичинен эң ирилери болгон наймандар менен кэрэиттерде алгачкы феодалдык мамлекеттик түзүлүшкө алып келген», [34] -деп белгилеген.

XII кылымдын орто ченинде наймандар керейиттер мамлекетинин батыш жагында, батыш Монголиянын жана батыш Казахстандын түз мейкиндигин ээлеген. Ушул мезгилден баштап керейиттер менен биримдик, тынчтык мезгил өкүм сүргөн эмес. Инанчы хан бир топ жолу керейит хан тактысына өзүнүн адамын отургузууга аракет жасаган.

Наймандардын мамлекетинин ээликтери алардын жайгашкандыгы жөнүндө Рашид-ад-диндин «Летопистер жыйнагында» -мындай жазат «Бул найман уруусу көчмөн уруу, айрымдары өтө тоолуу аймактарда, ал эми кээ бир уруулары түндүк жерлерди мекендешет. Алар отурукташкан жерлер Чоң (Екэ) Алтай, Угедей хан тургузган керемет сарай турган Каракорум түздүгү. Элуй Сирас, жана Көк Иртыш тоолору» [35]. Ал эми наймандардын социалдык – экономикалык абалы жөнүндө Абул Гази төмөнкүдөй маалымат берет: «Бул байыркы эл. Мал чарбачылыгы кенен. Алардын өз алдынча мамлекети болгон. Алар жашаган жерлер Монголиянын ары жагында Каракорум деген жерде, дыйканчылык менен кесиптенишпейт» [36].

Наймандар жөнүндө француз окумуштуусу К.Д'. Оссон да жазган «Көп сандаган наймандар Иртыш дарыясы агып өткөн аймактарда жана Алтай тоолору кесип өткөн жерлерди мекендешкен, батыштан аларды түрк-уйгурлардан кең талаа, түндүктөн түрк-кыргыздардын жана кемчжуттардын мекенинен кичи Алтай жана чыгыштан Онондун башатынан жана Керуленге чейин созулган кереиттердин мекенинен Каракорум тоолору бөлүп турган» [37].

XII кылымдын аягы - XIII кылымдын башталышында найман мамлекети начарлай баштайт. Инанчы хандын эки уулу Таян хан жана Буйрук хан болгон, булардын ортосунда ич ара келишпестик, бири-биринин ортосундагы талаш-тартыш мамлекетинин өсүп-өнүгүшүнө да тескери таасирин тийгизген. Акыр аягында эки хандыкка бөлүп кетишкен.

Рашид-ад-дин, «Таян хан менен Буйрук хан бир тууган эле, ал эми экөөнүн ортосундагы ынтымак, биримдиктин жок болгондугунан Алла-Таала алардын тагдырын өзгөрттү», [38] деп жазат. Бул мезгилде Темучин (Чынгыз хан), монгол урууларын бириктирип Борбордук Азиянын мейкиндигинде күч-кубатка жетишип турса да, бирок наймандардын биригип кетүүсүнөн чочулаган. Темучин а дегенде 1204-жылы меркиттерге кол салып, аларды талкалагандан кийин наймандарды көздөй аттанат.

Тарыхый булактарда белгилегендей найман хандарынын ортосундагы биримдиктин жоктугу, монгол аскерлеринин аларды бир-бирден талкалоосуна шарт түзүп берген Таян ханды талкалагандан кийин наймандардын көпчүлүк бөлүгү батышты карай сүрүлгөн. Биз жогоруда белгилегендей наймандарда жазуу болгондугу, алардын мамлекеттик кызматка койгондо хандын мөөрү менен бекитилгендигин, жапон окумуштуусу С. Мураяма кытай тарыхый булагы Юань-Шиден төмөндөгүдөй маалыматты которгон: «Тата-Тунга жаратылышынан акылдуу Адам эле. Ал тилге жөндөмдүү болгон. Ал мекениндеги жазма ишин баштаган. Найман ханы Таян аны өтө сыйлап, өзүнө кеңешчи кылып алган. Казнага түшчү акчаны жана данды тейлеген алтын мөөрдү ага ыйгарган. Чынгыз хан батышты көздөй жылып, найман мамлекетин талкалаган мезгилде, Тата-Тунга мөөрдү алып качып кеткен. Көп узабай ал колго түшүрүлүп, Чынгыз ханга алып келгенде, ал андан мындайча сурайт: «Таяндын эли да, жери да менин колума өттү, сен мөөр менен кайда бармаксың?». Ал мындайча жооп берет: «Бул менин

парызым. Мен мөөрдү өзүмдүн өмүрүмдү кыйсам да сактап калуум керек. Өзүмдүн карт кожоюнумду издеп таап, ага кайтарып берем - бул менин жалгыз каалоом». Хан ага «сен ишенимдүү адамсың. Эмне үчүн мөөр керек» дегенде. «Акчаны жана дандын казнага түшкөнүн, кызматкерлерди кызматка койгондо ушул мөөр аркылуу бекитилет» дейт [39].

Ошондон кийин Чынгыз хан ага өзүнө кызмат кылуусун өтүнүп, мамлекетте жазуу ишин баштоону жана балдарына билим берүүсүн буйруйт. Ушундан кийин монголдордо мамлекетти башкарууда мөөр колдонулуп, монгол адабий тилинин өнүгүшүнө негиз салынган. Таян хан талкалангандан кийин, анын уулу Кучлук хан наймандардын бир бөлүгү менен Орто Азияны көздөй жылган. Кучлук хан кара кытайлардын гуханына келип баш калкалоого туура келген.

Бир аз убакыттан кийин Кучлук Хорезм шах султаны Мухаммед менен бирге союз түзүп ага каршы жүрүшкө чыккан. М.Дулати мындай жазат: «Кучлук чагылгандай Гурхандын аскерине тийип, аны өзүнө каратып алды жана анын ээликтерин басып алып, кызын аялдыкка алды» [40].

Кучлук кара кытай мамлекетин ээлеп алуу менен аны 1211-жылдан 1218-жылга чейин башкарган. Ушул жылы Чынгыз хан Кытайга боло турган жортуулунан баш тартып, таланттуу кол башчысы Жэбэ Нойонду ага каршы аттандырат. Жэбэ аскери менен Кучлуктун колун кууп, Сарыколго (Памир) чейин жетип, ошол жерде талкалайт. «Наймандардын бир бөлүгү Кушлук менен Памирге кетип, Памирдин кыргыз калкын түзөт» [41] Кыргыз элинин курамына кирген наймандардын бөлүгү дал ушул жерден Чыгыш Түркстан, Памирден тарагандыгы чындыкка жакын.

Чынгыз хандын империясынын түзүлүшү менен Алтай жана Тарбагатай наймандары Угедей улусуна киришкен. Наймандар мурдагы ордунан же Алтай тоосунун батыш жана түштүк кыркаларынан Зайсан жана Иртышты көздөй көчүшкөн.

Памир-Алай, Чыгыш Түркстандагы наймандардын ичиндеги уруулларда казак, өзбек наймандарындагы уруулар кездешпейт. Жогоруда биз кыпчак уруларын жазганда белгилеп кеткен элек, XV кылымда наймандардын көпчүлүк бөлүгү көчмөн өзбектердин курамына кирип, XVI кылымдарда Орто Азияга наймандардын бир бөлүгү шейбанилер менен келген. Андан кийин казак, өзбек, каракалпак, ногойлордун чоң уруу бирикмесин түзүшкөн жана бир-бирине жакындыгы бар. Анын себеби казактардагы, баганалы-найман, балталы, эргенек-найман [42] ж.б. ногойлордун [43] курамында бар экендиги күбө. Багана же баканлы уруулары түркмөндөрдүн [44], жана каракалпактардын [45] арасында да кездешет. Ал эми Памир кыргыздарынын арасында бул уруулар жок.

Чыгыш Түркстан, Памир наймандарын Н. Аристов 4 бөлүккө - көн, босторгой, мырза, кийик - бөлөт, «биринчи эки уруу орус, экинчи экөө кытай букаралыгына кирип, kiaz жана chalung (Ташкоргондун чыгыш жагы) жана Cnakaraghal, Manja, Ditagn жана Bulun kul мекендешет», [46] - деп жазган.

Көпчүлүк Памирге келген саякатчылар жана кийинки окумуштуулар жазгандай, наймандар менен кыпчактар ичкилик кыргыздардын ички дуалдык-жуптук бөлүнүшүндө сол канатка кирет да, дайыма бир-бири менен жакын, коңшу жашашкан. Памирдеги наймандардын генеалогиясы төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт:

Бөө найман
Боз торгой найман
Беш найман
Көкчө найман
Көкө найман
Көк кутан найман
Көк эчки найман
Көн найман
Кийик найман

Гүрдү найман
Гуран найман
Гожо найман
Жору найман
Боз кайышкак найман
Жоон сан найман
Жээрде найман
Чандеки найман

Кесектер. Кесектер кыргыз элинин байыркы урууларынын бири. Бул уруу жөнүндө алгачкы маалымат Мажму-ат-таварихте кездешет. Кесектер байыртадан эле Памир-Алайдын жана Чыгыш Түркстанды мекендешет. Бүгүнкү күндө кесектер Баткен областынын Лейлек, Баткен, Кадамжай райондорунда, Ош областынын Чоң-Алай районунда, Тажикстандын Каратегин, Памир аймактарында, Өзбекстанда жана Кытайда жашашат.

Кесектер байыркы Енисей кыргыздарынын бир руусу экендигин «ушул руунун курамындагы сибирчи (сибирчилер, кызыл аяк, сары үсүн (сары усун), кара үсүн (кара усун), бөксө ж.б. уруктар биздин оюбузду бекемдейт», [47] - дейт О. Каратаев. Кесек этниминин параллелдери бүгүнкү күндө башкырлардын курамында- «кезек табындар», тожулук туваларда- «кезек куулар», «кезек-маады», лакайларда - «кесек каллар», казактарда - «кара-кесек» түрүндө кездешет. Тожулук туваларда кезек-куулар руусу Ий жана Тора-хем дарыяларынын өзөндөрүндө жашашып, мал чарбачылыгы менен кесиптенишет. Ал эми кезек- маады руусу негизинен Бий-Хем дарыясынын бойлорунда жайгашып, негизги кесиби - бугучулук. [48]

Башкырлардагы кесе-табын руусунун түпкү тегин өздөрүнүн санжырасы боюнча Сибирь, Алтай менен байланыштырат, «Сибирдеги Ябыккарагай деген жерде жашап, алардын бийи Байгачур деген адам болгон».[49]

М. Тынышпаев казактардын кара-кесек уруусу менен кыргыздардын кесек уруусун байыркы чумугундар менен байланыштырып карайт да, 742-744- жылдарда уйгур жана карлуктардан жеңилгенден кийин батышка карай сүрүлгөн деп божомолдойт. [50]

Н. Ситняковский Фергана өрөөнүндө жашаган кесек уруусунун толук курамын берет да, ал он төрт уруудан тургандыгын көрсөтөт: Кесек, Бай- кесек, Кара-кесек, Кыдырша, Канглы, Чоң-кыргыз, Бөрү-баш, Авай, Ахтачы, Кара-садык, Чучук, Алашан, Жоо-кесек, Бостон [51]. Бул жерде белгилей кетүү керек, бостон жана кыдырша уруусун көпчүлүк санжырачылар өзүнчө уруу катары караса да каратегиндик (Жерге-Талдык) жана памирлик (Сарыколдук) кыргыздардын арасында ал урууларды кесек уруусунун курамына киргизишет. Н. А. Аристов Ичкилик урууларынын ички уруулук курамын терең изилдебей эле «Ичкиликтердин курамында найман жана кесек урууларынын болушу алардын аралашма экендигин көрсөтөт, наймандардын орто жүзгө кириши, кара-кесек уругунун ошол эле жүздүн аргын уруусунун курамында же кичи жүздүн алимулы уруусунда болушу. Мүмкүн кесектер наймандар сыяктуу эле шейбаниддик өзбектер менен келсе керек» - [52] деп жыйынтык чыгарат.

Белгилей кетүүчү нерсе памирлик кыргыздардын курамында «аргын» деген уруунун кездешүүсү жана кызыктардын орто жүзүндөгү аргын уруусунун курамында «кара-кесек» уруусунун болуусу бул кокустук эмес. Өзбекстандагы жана Тажикстандагы лакайларды изилдеген Б. Х. Кармышева «лакайлардын Орто жүздүн негизин түзгөн байыркы түрк уруусу аргындар менен байланышынан» [53] лакайлардын казактар менен болгон этногенетикалык жакындыгын белгилейт. Хакастардын курамындагы «аргын» сөөгү [54] кесектер менен аргындардын Енисей кыргыздары менен түз байланышын аныктары шексиз. Монгол

династиясынын чыгыш тарыхын чагылдырган кытай булагы «Юань-шинин» негизинде Н. А. Аристов аргындарды XI-XII кылымдарда наймандардын батышында, кыпчактардын чыгыш жагында же Иртыштан батышыраак жакты мекендешкен деп [55] белгилесе, О. Каратаев аргындарды кыргыздардын курамына VII-XII кылымдан кеч эмес кирген деп жыйынтыктайт. [56]

Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсүн жана калк катары калыптануусун изилдеген Э. Маанаев менен О. Каратаев кыргыз элинин калыптануусун үч этапка бөлүп, биринчи жана байыркы катмарын б.з.ч III –б.з X к.к. таандык кылып, кесек уруусун ушул мезгилдерде кирген этнокомпонент катары карайт [57].

Кесектер кыргыз элинин эң байыркы урууларынын бири болуу менен жана кыргыз элинин түзүлүшүнө ичкиликтер тобу менен киргендиги анык. Бул уруунун Алтай, Сибирь этнонимдери менен тыгыз байланыш болгону менен Фергана, Памир-Алай аймактарына Енисейдеги «улуу кыргыз» дөөлөтүнөн мурда эле же түрк каганаты мезгилинде келсе керек.

Дегинкиси Р.Г Кузеев белгилегендей, кесектер «башкырлардагы кесе, түркмен-солардагы кесе же кичи, лакайлардагы кичи-мерген, кыргыздардагы кесек, тувалыктардагы кезек этнонимдеринин окшоштуктары пайда болушундагы жалпылыгын же бул уруулук түзүлүштүн кандайдыр байыркы этаптарын этникалык тарыхындагы жалпылыгын билдиреби?». [58]

Памирдеги кесек уруусунун Каратегиндеги жана Фергана өрөөнүндөгү уруулаштары менен уруктук параллелдер болгону менен, өз алдынча айырмачылыктарга да ээ. XIX кылымда Памирдеги.кесек уруусунун жайлоосу Кызыл-Рабат, кыштоосу Ак-Суу боюндагы Кош-Арык деген жерлер болгон [59] жана уруулук түзүлүшү төмөнкүчө:

Жоо кесек

Кара кесек
Бай кесек
Аргын
Айдаке
Бостон
Дүңкө
Ийрекчи
Гыдырша
Жутаңкы
Болжочу
Кызыл аяк
Кара саадак
Мөшкө
Шамирек
Ыңырчык
Дөөлөс
Таз
Чоок
Кызыке

Тейиттер. Бул этникалык топ ичкилик урууларындагы гана эмес кыргыз уруусундагы эң байыркы. уруулардын катарына кирери шексиз. Тейиттерди келип чыгышы жөнүндө маселе бүгүнкү күнгө чейин талаш бойдон калууда. Ошенсе да тейиттер жөнүндө эң алгачкы жазуу даректерде XVI к. Сайф-ад-Дин Аксикентинин «Мажму ат-Таварихте» кездешет [60].

Биздин оюбузча тейиттер жөнүндө тагыраак айтканда тейит уруусунун бир уругу катары бүгүнкү күндө белгилүү болгон «чогрек» уруусу жөнүндө эң алгач XV кылымдын аягында Улуу Могол мамлекетинин негиздөөчүсү Захреддин Мухаммед Бабурдун «Бабур намэ» аттуу эмгегинде төмөнкүчө жазып кеткен. «Андижан областынын көчмөн урууларынын ичинде чограк деген уруу бар. Бул чоң уруу алар беш-алты миң түтүндөн (үй бүлөдөн) турат. Алар

Кашгар менен Фергананын ортосундагы тоолорду мекендешет, алардын көптөгөн жылкылары жана койлору бар. Ал тоолорло өгүздөрдүн ордуна кутастарды (котос – памир-алайлыктар топозду ушинтип аташат-Б. Ж.) өстүрүшөт. Котостор да аларда абдан көп» [61].

Бул маалымат жалгыз чогрек уруусу же тейиттер жөнүндө гана билдирүү болбостон, жалпы кыргыздар жөнүндө маалымат болсо керек, анткени ушул аймактарда, Кашгар менен Фергананын ортосунда же болбосо Памир-Алай тоолорунда кыргыздар мекендеп, ошолор гана топоз өстүрүшкөн. Чындыгында эле Бабурдун мезгилинде XV кылымдын аягында кыргыз этносу бир этникалык биримдикке «кыргыз» деген уруу бирикмесине бириге элек мезгил болсо керек. Чогректер жөнүндө түркмөн окумуштуусу С. Атаниязов «Чагректер XIII кылымдын башында Хорезмшахтын кошуунунун курамында болуп, монголдордун чабуулу мезгилинде Афганистан жана Пакистан тарапка качышкан» [62] деген оюн билдирген. Афганистандын түндүгү болгон азыркы Чоң Памирге ошондо эле келсе керек.

Тейит уруусу жөнүндө XIX кылымда келген орус жана Батыш Европанын окумуштууларынын жана саякатчыларынын эмгектеринен да кездештиребиз. Памир-Алайда жашаган тейит уруусу жөнүндө И. Минаевдин, Н. Аристовдун, Л. Костенконун, А. Снесаревдин, швед саякатчысы Свен Гединдин [63] эмгектеринде кездешсе, Каратегин жана азыркы Лейлек, Баткен аймагында жашаган тейиттер жөнүндө В.Ю. Ошанин, А. А. Кушакевич жана Н. В. Ситняковскийлер [64] жазышкан.

Ал эми тейиттердин келип чыгышы тууралуу эң алгач Г. Е. Грум-Гржимайло В. В. Бартольдун «Кыргыздар» аттуу эмгенине жазган рецензиясында «азыркы Ичкилик бөлүгүнө кирген көп сандаган таит уруусу VIII кылымда Түркстанга отурукташкан арабдардын таит уруусунун бөлүгү деп атоого

болот» [65] -деп айтат. С. М. Абрамзон Кытайдагы кыргыздар жөнүндө «эң байыркы жергиликтүү уруулардын катарына, сыягы, тейит уруусуна таандык кылса болот. Бул уруу жөнүндө булактарда айтылбайт, бирок (Кыргыз ССРинин Ош облусунун аймагынан) Синьцяндын байыркы калкынын атын алып жүргөн «уйгур» деген урук тобун таап отурабыз»[66] - деп жазат. Ошону менен бирге эле тейит уруусу менен уйгурлардын урааны бир экендигин белгилейт [67].

Тейиттердин келип чыгышы боюнча кызык ойду А. Мокеев жазып чыкты ал, Рашид-ад-Диндин «Джами-ат-таварихиндеги» тикин деген уруу менен тейиттердин этникалык жакындыгы бар экендигин жана Алтайда наймандар менен жамаатташ коңшу жашагандыгын, бүгүнкү күндө дагы наймандар менен коңшу жашап келе жатат дейт. Ошондой эле ал байыркы түрк титулу болгон көптүк түрүндөгү тегин менен лингвистикалык жактан окшоштугу бар, Рашид-ад-Диндеги текин – тегин – тегит – тейит формада өзгөрүлгөндүгүн жазып, XII к. башы – XIII кылымда наймандар менен кошо Чынгыз хандын кысымы менен Алтайдан жана Иртыш боюнан сүрүлгөндүгүн баса белгилейт. [68]

Бирок Рашид-ад-Диндин алгачкы котормочусу болгон орустун көрүнүктүү чыгыш таануучусу И. Н. Березиндин басылмасында текин терминин «бикин» формасында окуган. Ал эми тейиттер көбүнчө наймандар менен эмес кесектер менен жамаатташ жашашкандыгын белгилөө зарыл. Жергиликтүү элдердин санжырасында, ошондой эле ичкиликтерди алгач изилдеген Н. Ф. Ситняковский да кесек менен тейитти оң канатка, ал эми найман менен кыпчакты сол канатка киргизишет[69].

Француз окумуштуусу Реми Дор негизинен негизинен XVIII кылымга чейин Памирде эл отурукташкан эмес,- деген В. В. Бартольддун оюна кошулуу менен тейиттер Алай аймагында жайгашып ал жактан XIX кылымдын башында

Памирге акырындык менен көчүп-конуп келишкен деген ойду айтат. [70] Дагы бир француз окумуштуусу Гийом Капю да «алардын ичиндеги чоң уруу-кыязы тейиттер. Памирде биз кышкысын кезиктирген элдин көбү Алай кыргыздарына жакын тууган тейит урууларынан болуп чыкты» [71].

Англис саякатчысы Л. Дунмордун Памирдеги жашаган кыргыздар анын ичинде тейиттер жөнүндө «Тай-иттер эки урукка бөлүнөт: алар 1) кара тай-ит, 2) сарт тай-ит (ал сары тейитти ушундай атаган. - Б. Ж.), ошондой эле бул урууга таандык кызыл-баш деген урук бар, бирок аларды Афганистанда жашаган чыныгы кызыл-баш уруусу менен алмаштырууга болбойт» [72].

Тейиттер Памирдеги эң чоң уруу болуп эсептелип, Памир калкынын көпчүлүгүн түзөт. Алардын Каратегиндеги, Алайдагы, Лейлектеги жана Кытайдагы тейиттерге караганда уруулук курамынын көптүгү менен айырмаланат.

Мисалга Я. Р. Винниковдун таблицасы менен Э. Маанаевдин таблицасында бир топ айырмачылыктар бар. Я. Р. Винников майда кичи урууларын аралаштырып жиберсе, Э. Маанаевде [73] памирликтердеги, деги эле жалпы тейит уруусунун үч бөлүгүн так ажыратып берген.

Тейиттер өз алдынча үч чоң топко; чал тейит, кара тейит жана сары тейит болуп бөлүнүп, алардын ичинен сары тейит да үч урукка бөлүнүп алар кичине уруктардан турган:

Тейит

Чал тейит	**Кар тейит**	**Сары тейит**	
	Кутан	**Айдар**	**Мама**
Арык тейит	Жаман тейит	Бука	Алапа
Алак	Жакшы тейит	Бөрү	
Дүрбөөл	Чегитир		
Буйлаке	Чапан тейит	Кочкор	Норуз
Чогорок			
Какүлөң	Кески тейит	Отунчу	Шайим

Кызылбаш			
Куртка	Көпмө тейит	Жаманақ	Текрең
	Баркы		
Мешкуар	Тумак тейит		
Сейтмат	Чой		
Токуш			
Зарип	Чуулдай		
Согур			
Ай-Темир			

Чындыгында тейиттер Памирдин гана эмес Алайдын, Чыгыш Түркстандын байыркы урууларынан болуу менен бул аймактарда эң алгач жашаган кыргыз урууларынан болгон деген ойду айтууга негиз бар.

ШИЛТЕМЕЛЕР

1. Сайф Ад-Дин Ахсикенди. Собрание историй. Мажму аттаварих // Материалы по истории киргизов и Киргизии. - Вып. 1. - М.: Наука, 1973. – URL: http://www.vostlit.info/Texts/rus4/Ahsikendi/pred.phtml

2. Рашид-ад-дин. Сборник летописей. - Т., 1. Кн. 1. - С.77.

3. Рашид-ад-дин. Аталган эмгек.- С.122.

4. Шараф ад-дин Али Йезди. Зафар- наме. // ККТБ. - Бишкек, 2002. - 203 бет.

5. Абд ар-Раззак Самарканди. Матла ас-са дайн ва маджма ал – бахрайни. // ККТБ. - Бишкек, 2002. 227 бет.

6. Сиюй чжи (Батыш аймактар баяны). // ККТБ. - Б., 2003. - 235-бет.

7. Петров К. И. Этногенез киргизов и их движение на Тянь-Шань в XIII-XV вв. // Изв АН Кирг ССР. Серия общ. наук. Т.2, вып. 3. 1960. - С. 76.

8. Бертагаев Т. А. Об этнонимах Кермучин и Курамчин. // Этнонимы. - М., 1970. - С.127.

9. Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. - Б., 1995. - 176-бет.

10. Маанаев Э. Ж. Этническая история кыргызского народа. - Б., 2008. - С.142.

11. Гийом Капю. Памир кыргыздары. Француздан которгон Л.Строилов. // Ала-Тоо. 1992. № 6-7.

12. Lord Dunmore. The Pamirs; being a Narrative of a years expedition on horseback and on foot Through Kashmir, Western Tibet, Chinese Tartary and Russan Central Asia. London: Sohn Murray. 1893. g. 113.

13. Реми Дор. Ооган Памириндеги кыргыздар. - Б., 1993. 14-бет.

14. Кляшторный С. Г. Кипчаки в рунических памятниках. // Turkologica 1986. - Л., 1986. - С.160.

15. Бернштам А. Н. Сложение тюркоязычного населения Средней Азии и происхождение киргизского народа. // БернштамА. Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Т.1. - Б.,1997. - С.515.

16. Кляшторный С. Г. Кипчаки в рунических памятниках. // Turkalogica 1986. Л., 1986. - С. 160-162.

17. Абул Гази. Родословное древо тюрков. - Алма-Ата, 1999.

18. Рашид-ад-дин. Сборник летописей. Т.1. Кн. 1, - С.84

19. Ахинжанов С. М. Кипчаки в истории Средневекового Казахстана. - Алма-Ата, 1989. - С.56-57.

20. Юдахин К. Н. Киргизско-русский словарь. –М., 1965 (2-е изд., 1985).

21. Каратаев О. К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. - Б., 2003. 37-бет.

22. Атаниязов С. Словарь туркменских этнонимов. – Ашхабад,1988. - С15

23. Атаниязоа С. Аталган эмгек. - С.29

24. Атаниязов С. Ошол эле бет.

25. Ахинжанов С.Аталган эмгек. - С.57.

26. Шаниязов К. К этнической истории узбекского народа. - Т., 1974. - С.45.

27. Айрым этнонимдерди караңыз: Каратаев, Олжобай. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. - Бишкек: Кыргыз-Түрк "Манас" университети, 2003. - 265 бет. - ISBN 9967-21-621-2.

28. Шаниязов К.К этнической истории узбекского народа. - Т., 1974. - С. 118.

29. Абрамзон С. М. Кытай Эл Республикасынын Синьзян-уйгур автономдуу облусунун кыргыз калкы. // С. М. Абрамзон. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. - Б., 1999. 600-бет.

30. Шаниязов К. аталган эмгек. Ошол эле бет.

31. Аристов Н. Опыт выяснение этнического состава кыргыз-кайсаков большой орды и кара-киргизов на основаниях родословных сказаний и сведений о существующих родовых делениях и родовых тамгах, а также исторических данных и начинающихся антропологических исследований. // Труды истории и этническому составу тюркских племен. - Б., 2003. - С.51.

32. Абрамзон С. М. Кытай Эл Республикасындагы кыргыз калкынын тарыхынан. // С. М. Абрамзон. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана этнографиясы боюнча тандалма эмгектер. - Б., 2003. 594-бет.

33. ЦГА РУ.

34. Тихвинский С. П. Татаро-монгольское завоевание в Азии и Европе. // Татаро-монголы в Азии и Европе. - М., 1977. - С.3.

35. Рашид-ад-Дин. Сборник летописей. М.-Л., 1952. Т.1. Кн. 1-2. -С.137.

36. Абул Гази. Родословное древо тюрок. Пер и прим Г.С. Саблуковой. Казань, 1906. - С.42.

37. К. Д. ‘ Оссон. От Чингизхана до Тамерлана. - Алмата, 1996. - С32-33.

38. Рашид-ад-Дин. Сборник летописей. - М.-Л., 1952. Т.1. Кн. 1-2. - С.123.

39. Викторова Л. Л. К вопросу о найманской теории происхождения монгольского литературного языка и письменности (XII-XIII вв.) // Уч. записки ЛГУ. № 305 1961. - С.152.

40. Мухаммед Хайдар Дулати. Тарихи и Рашиди. - Алма-Ата, 1999. -С. 476.

41. Востров В. В., Муканов М.С. Родоплеменной состав и расселение казахов (конец XIX-начало XX в.) - Алма-Ата, 1968. - С.65.

42. Востров В. В., Муканов М.С. Родоплеменной состав. - С.66.

43. Кереитов Р. Х. Этническая история Ногайцев. - Ставраполь, 1999. -С.49.

44. Атаниязов С. Аталган эмгек. -С.29.

45. Жданко Т. А. Очерки исторической этнографии кара-калпаков. - М-Л., 1950. - С. 56.

46. Аристов Н. Опыт выяснение этнического состава кыргыз-кайсаков большой орды и кара-киргизов на основаниях родословных сказаний и сведений о существующих родовых

делениях и родовых тамгах, а также исторических данных и начинающихся антропологических исследований. // Труды истории и этническому составу тюркских племен. - Б., 2003. - С.51.

47. Каратаев О. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. - Б., 2003. 107-бет.

48. Вайнштейн С. Тувинцы-Тоджинцы. (Историко-этнографический очерк). - М.,1961. - С.40-41.

49. Кузеев Р. Г. Происхождение башкирского народа. - М., 1974. - С.274.

50. Тынышпаев М. Материалы к истории киргиз-казахского народа. - Ташкент, 1925. - С.24.

51. Ситняковский Н. Ф. Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих в восточной части Ферганской области. Изв. ТОРГО. Т.11, вып 1. – Ташкет, 1900. -С. 58-59.

52. Аристов Н. А. Опыт выяснение этнического состава. - С.49.

53. Кармышева Б. Х. Узбеки-локайцы Южного Тажикстана.// Труды ИИАЭ. Т.28, вып.1. - Сталинабад, 1954, - С.9.

54. Бутанаев В. Я. Этническая история хакасов XVII-XIX вв. - М., 1990.- С.81.

55. Аристов Н. А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения и их численности.// Труды истории и этническому составу тюркских племен. - Б., 2003.

56. Каратаев О. К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. -Б., 2003. 24-бет.

57. Маанаев Э. Ж., Каратаев О. К. Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү. - Б., 2003. 56-бет.

58. Кузеев Р. Г. Происхождение башкирского народа. - М., 1974. - С.274.

59. ЦГА РУ.

60. Сайф-да-Дин Аксикенти. Мажму ат-таварих. // ККТБ. - Б., 2002. 296-бет.

61. Захреддин Бабур. Бабур Намэ. - Ташкент, 1958. - С.44.

62. Атаниязов С. Шежере (Түркменниң несил дарагты). - Душанбе,1992.

63. Минаев И. Сведения о странах верховья Аму-Дарьи. - Спб., 1879; Аристов Н. Опыт выяснения этнтческого состава киргиз-казаков большой орды и кара-киргизов на основаниях родословных сказаний и сведений о существующих родовых делениях и о родовых тамгах, а также исторических данных и начинающихся

антропологических исследований. // Аристов Н. Труды по истории и этническому составу тюркских племен. - Б., 2003; Костенко Л. Ф. Военно-научная экспедиция на Алай и Памир. // Военный сборник. 1877. № 4; Снесарев А. Северо-Индийский театр (военно-географическое описание) Ч.1. -Ташкент, 1903; Гедин С. В серце Азии. Т. 1-2. - СПб., 1899.

64. Ошанин В. Ю. Кратегин и Дарваз. - Спб., 1881; Кушакевич А. А. Сведения о Ходжентском уезде. // Зап РГО. Т.1V. 1871; Ситняковский Н. В. Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих в восточной части Ферганской области. // Изв. ТОРГО. Т.1. - Ташкент, 1900.

65. Грум-Гржимайло Г. Е. Киргизы /рец-реферат на книгу: Бартольд В. В. Киргизы. Исторический очерк. - Ф., 1927.. // Изв. ГГО. Т. LXVI. 1934. вып.1. - С.181.

66. Абрамзон С. М. КНРдин Синьцян-Уйгур автономиялуу облусунун кыргыз калкы // Абрамзон С. М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. - Б., 1999. 600-бет.

67. Абрамзон С. М. Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый маданий байланыштары // Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. - Б.,1999. - 33-бет.

68. Мокеев А. М. К вопросу происхождение кыргызских племен басыз и тейит // Материалы научной конференции, посвещенной 70-летию профессора Э. Ж Маанаева. - Б., 2003. - С.73-75.

69. Караңыз: Ситняковский Н. В. Перечисление некторых родов киргиз, обитающих в восточной части Ферганской области. // Изв. ТОРГО. Т.1. - Ташкент, 1900.

70. Реми Дор. Ооган Памириндеги кыргыздар. -Б., 1993. 9-бет.

71. Гийом Капю. Памир кыргыздары. // Ала-Тоо. 1992. № 6-7.

72. Lord Dunmore. The Pamirs; being a Narrative of a years expedition on horseback and on foot Through Kashmir, Western Tibet, Chinese Tartary and Russan Central Asia. London: Sohn Murray. 1893/ g. 113.

73. Маанаев Э. Ж. Кыргызстандан тышкары жашаган кыргыздардын тарыхынын. - Ф., 1969. 25-бет. Караңыз: Сапарбаев А., Темиркулов К. Памир кыргыздары. - Ош, 2003. 9-бет.

БАТЫШТАН АЗИЯНЫН ЖҮРӨГҮНӨ ЧЕЙИН

(Свен Гедин жана Кыргыздар)

XIX кылымдын аягында - XX кылымдын башында Борбордук Азияны тарыхый-географиялык жактан изилдеген дүйнөлүк окумуштуулардын ичинен швед окумуштуусу Свен Гединдин ысымы өзгөчө орунда турат. Свен Гедин миндеген километр аралыкты, адам изи баспаган кумдуу чөлдөр, ак илбирс мекендеген аска-зоолор аркылуу Азия континентинин жүрөгү деп эсептелген Ички Азиянын түпкүрүнө чейин жетип, Борбордук Азиянын географиясынан өтө маанилүү проблемаларын, Таримдин, Памир-Алайдын, Чыгыш Түркстандын, Лобнордун географиясына байланышкан бир топ маселелерди изилдеген жана ушул жагдайдагы маселелердин чечилиши түздөн-түз Свен Гединдин ысымы менен байланышкан.

Свен Гедин дүйнөлүк география илиминин ошол кездеги корифейи Фердинант фон Рихтгофендин мектебинен тарбия алып, окумуштуу катары калыптанган жана улуу окумуштуунун жетекчилиги астында Борбордук Азияны изилдөөнү максат кылып койгон. Свен Гединдин алгач Борбордук Азияга 1890-1891-жылы швед королу Оскар II Персия шахына жөнөткөн элчилигинин курамында котормочу болуп келип, ал Ашхабад, Мерв, Бухара, Самарканд, Ташкент, Кашгарга чейин жетип, кайра кайтканда Ысык-Көл аркылуу мекенине кайткан.

Ал өзүнө дүйнөлүк атак-даңк алып келген алгачкы изилдөөсүн 1893-жылы 16-октябрда Швециядан чыгып Петербург-Оренбург аркылуу 1894-жылы 24-январда Ташкентке келип, Памирге болгон саякатына даярдана баштаган.

Ташкентте швед саякатчысын орус администрациясы, жеке Түркстан округунун аскер башчысы барон Веревский жылуу кабыл алган. Түркстанга орус администрациясынын

жардамы менен Орто Азиянын бардык жеринде өзгөчө тосуп алып, жардам көрсөтүп узатышкан.

18-мартта Свен Гедин Мургабдагы орус чек ара бекетине келген. Бул жерден Чыгыш Түркстанга аттанып, Тарим бассейнин изилдеген. Бул саякатында Лобнор көлүнө чейин жетип, ошол кездеги география илиминде талаш болгон, Рихтгофендин Лобнор көлүнүн жылып жүрүшү жөнүндө теориясын далилдеген.

Кашгардан Хотанга чейин 23 күн жүрүп, 5-январда 1886-жылы Янгишарга келген. Шаардын айланасын изилдөө менен Хотандын байыркы тарыхына кызыгып, байыркы будда храмдарынын, дворецтеринин байыркы калдыктарын тапкан. Бул саякатында ушул чөлкөмдүн байыркы гүлдөгөн цивилизациянын борбору болгондугу жөнүндө баалуу маалыматтарды калтырган.

Кийинчерээк Батыштын Стейн, Лекок, Мерцбехер сыяктуу окумуштуу-археологдоруна дүйнөлүк даңк алып келген Синьцяндын археологиялык ачышыштары дал ушул Свен Гединдин маалыматтары аркылуу ачышкан.

Бул саякатында Свен Гедин Ички Кытайдын миңдеген километр аралыгын басып өтүп изилдеп, Алашан жана Ордос, Баотоуга чейин жетип, 1897-жылы 2-мартта Пекинге түшкөн.

Бул саякатынын баалуу натыйжасы 2 томдон турган 1898-жылы Лондондо жарык көргөн «Азия аркылуу» деген китеби болду.

Бул эмгек Батышта Азиянын географиясын изилдөөдөгү илимдеги эң чоң жетишкендик катары бааланган. Китепте Азиянын географиялык абалы жөнүндө гана эмес, Азиянын калкынын социалдык экономикалык абалы, турмушу жөнүндө, анын ичинде кыргыздар жөнүндө маалымат да кеңири берилген.

Свен Гедин Борбордук Азияга болгон экинчи саякатына 30-июль 1899-жылы Оштон чыгып Кашкарды көздөй жөнөгөн. Бул саякатында Свен Гедин Лоб бассейнинин

айланасындагы чөлдүү талаалардын географиялык абалын изилдөө менен б.з. 260-330-жылдары гүлдөгөн шаар болгон Лулань шаарынын калдыгын тапкан. Экинчи жолу 1901-жылдын март айларында бул жерге болгон экспедициясында көптөгөн байыркы кол жазмаларды таап, кийинчерээк аны проф. А.Конрад окуп, тактап, 1920-жылы Стокгольм шаарынан «Луландагы Свен Гединдин кичи табылгалары жана кытай кол жазмалары» деген эмгеги жарык көргөн.

Свен Гедин география илимине дүйнөлүк ачылыштарды алып келген үчүнчү (1905-1907) экспедициясы болгон. Бул саякаты Свен Гедин 1895-1902 жылдары баштаган, борбордук Тибетти изилдөөнүн уландысы болгон. Экспедициянын эң чоң жетишкендиги жана натыйжасы болуп, улуу Инд жана Брахмапутри дарыяларынын башатынын ачылышы, ошондой эле белгисиз болгон Улуу Тоо кыркасынын ачышы болду. Саякатчы бул тоо кырканы Трансгималай деп атаган (кийин географиялык картада Свен Гедин тоо кыркасы деп аталган). Гединдин Тибетти изилдөөсү Азиянын континентинин физикалык география илиминдеги «ак тактарды» толуктаган десек жаңылышпайбыз.

Тибет экспедициянын жыйынтыгы болуп 1917 - жылдагы Стокгольм шаарында жарык көргөн 9 томдон турган «Түштүк Тибет. 1906-1908-жылдардагы менин изилдөөмө сальштырмалуу өткөн мезгилдин ачылыштары» деген фундаменталдуу эмгеги болгон. Бул эмгек чындыгында эле илимий чөйрөдө Азия континентинин географиялык изилдөө тарыхындагы эң чоң жетишкендик болгон.

Свен Гедин Батыштын коомчулугун Борбордук Азияга болгон кызыгуусун, өзүнүн эмгектери аркылуу кеңейтип, Азиянын географиясынын жана тарыхынын пропагандалоочусу болгон. Анын саякатынын жыйынтыгы боюнча бүгүнкү күндө 50 томго чогултулуп, дүйнөлүк 30дан ашык тилдерине которулган. Революцияга чейин Санкт-

Петербургда анын 2 томдон турган китеби орус тилине которулуп басылган.

1889-жылы «Азиянын жүрөгүндө. Памир – Тибет - Чыгыш Түркстан» деген эмгеги 1-том, 1904-жылы «Азия боюнча саякат. Тарим - Лобнор - Тибет» 2-том болуп жарык көргөн.

Ушул эмгектери үчүн Свен Гедин Россия География коомунун күмүш жана чоң алтын медалдары, швед королунун алтын медалы менен сыйланган.

Саякатчы Борбордук Азияны комплекстүү көп тармактуу изилдөөнү максат кылган, бул ою 1927-жылы Кытай-Швед илимий экспедициясын уюштуруу менен ишке ашкан. Экспедициянын курамы 27 ар тармактан изилдеген швед, немец, кытай окумуштууларынан турган. Экспедициянын негизги максаты Борбордук Азияны геологиялык, археологиялык этнографиялык жактан изилдөө болгон. Бул экспедиция беш жыл бою Ички Азияда ар тармактуу илимий изилдөө жүргүзгөн.

Свен Гединдин кыргызтаануу илиминде эң эле баалуулугу анын 1894-1897-жылдардагы Памир-Алайга жана Чыгыш Түркстанга болгон саякаты жана жогоруда белгиленген, англис тилинде чыккан «Азия аркылуу» жана орус тилинде жарык коргон «Азиянын жүрөгүндө» аттуу эмгектери болуп эсептелет. Бул үч жыл, жети айга созулган экспедициясында Памир-Алайдын жана Чыгыш Түркстандын кыргыздарынын жана башка элдеринин арасында болуп, алардын жашоо образын, этнографиясын изилдөөдө чоң илимий табылга жараткан.

25-январдаТашкенттен Коконду көздөй чыгып, Маргалан, Үч-Коргон аркылуу Исфайрам дарыясын бойлоп, Теңизбай ашуусун ашып Алай өрөөнүнө түшкөн.

Этникалык жактан Алайдын калкы төмөндөгүчө жайгашкан: Дароот-Коргондо, Туз-Дарада жана Алтын-Дарада - тейит уруусу, Кашка-Сууда тейит жана чал тейит,

Көк-Сууда - найман, Каратегинде - кыпчак жана кара-тейит уруулары жашайт.

«Алай өрөөнүндө жер үйлөрдөн турган 15 кичинекей кыштакчалар жайланышкан, бардыгы болуп 270 жер үй бар» - деп жазат саякатчы. «Бул жердин тургундары жыл бою ошол жер үйлөрдө турушат же болбосо жайында бийик жайлоолорго көчүп кетишет. Ошол 270 жер үй төмөнкү кыштактарда жайланышкан: Дароот-Коргондо-20, Көк-Сууда - 120, Кызыл-Үңкүрдө - 50, Алтын-Дарада - 5, Туз-Дарада - 45, Кашка-Сууда - 2, Жиптыкта - 20».

Саякатчынын эмгектеринде Алай өрөөнүнүн калкынын жайгашышы, саны, уруулук бөлүнүшү ж.б. ушуга окшогон тарыхый этнографиялык маанiси бар материалдарды табууга болот. Алайга келгенде ал алгач кыргыздар менен алардын турмушу менен жакыныраак таанышат. «Мени алаксытуу үчүн мага концерт бериштi» - дейт Свен Гедин. «Мен жашаган боз үйдүн алдына келип, кыргыздардын бири үч кылдуу инструментте комузда (кобыз - деп жазган Свен Гедин) ойноп кирди, кылдарын бармактары менен терип чертет. Музыкасы бир калыпта, кайгылуу болгон менен сезимге жык толгон, чыныгы азиялык мүнөздө, ошондой болсо да, мен аны оттун алоолонгон үнү, шамалга ызылдаган добушунун коштоосунда чын дилден уктум. Ушул узак жылдардын ичинде бул жөнөкөй үч кылдуу инструментти угуп, узун караңгы түндөрдү өткөрүүгө туура келди. Бул музыкага ушунчалык көнүп кеттим, ал жергиликтүү туземдиктерге канчалык ырахат тартууласа, мага да ошончолук ырахат алып келди. Бул музыканы сүйгөнүмдүн себеби бул үн аркылуу мекен жөнүндө ушунчалык таттуу кыялданасың. Көп жолу узун түндөр бул дирилдеген кылдардын коштоосундагы ыр-күүлөр, мени алдейлете терметти».

Мындан сырткары Свен Гединдин эмгектеринен Алай өрөөнүнүн администрациялык түзүлүшү, калктын саны

жөнүндө кызыктуу маалымат табууга болот. Алай өрөөнүнүн батыш тарабы Маргалан, ал эми чыгыш бөлүгү Ош уездине карагандыгы жөнүндө жазылган. Ошол мезгилде Алай өрөөнүндө калктын аз жайгашкандыгын белгилейт. Ошондой болсо да жогоруда белгилегендей алайлык кыргыздардын 270 түтүнүнө 20580 кой-эчки, 1703 топоз, 383 төө жана 280 ат туура келерин жазган.

Бул маалымат кыргыз чарбачылыгында топоздун башка ири мүйүздүү малдарга караганда басымдуулук кылгандыгын көрсөтөт, анткени топоз тоолуу шартта эт, сүт менен гана камсыз кылбастан, жүк ташуучу унаа катары да колдонулган.

Белгилеп кетүүчү нерсе, Свен Гедин Алай өрөөнүнүн соода-экономикалык ролу жөнүндө да туура белгилеген, анткени «Улуу Жибек жолунун» бир бутагы дал ушул өрөөн аркылуу өткөндүгүн жазат.

1894-жылдын март айларында Свен Гедин Алай өрөөнүнөн Кызыл-Арт ашуусу аркылуу Кара-Көлдүн Памир чек ара бекетине жетип, анын начальниги капитан Зайцев менен жолугат (Зайцев кийин Ош уездинин начальниги да болгон - Б. Ж.).

Памирлик кыргыздар Россиянын курамына киргенде, падыша өкмөтү 2 волостукка, 7 аминдикке болгон:

Памир волостугу 5 аминдиктен турган: 1) Кара-Кол (131 тургун жашаган), 2) Мургаб (253), 3) Раң-Көл (103), 4) Ак-Таш (239) жана 5) Аличур (256).

Кударан волостугу 2 аминдикке бөлүнгөн: 1) Серез (95), 2) Кударан (155).

Памирде дээрлик кыргыздар жайгашкан, - деп белгилеген, Свен Гедин 1893-жылкы калктын санынын статистикалык маалыматын берген: 1232 адам жашап, анын ичинде 320 эркек, 369 аял, 342 эркек бала жана 201 кыз болгон. Ал эми бул сан 1892-жылга салыштырганда жалпы 197 адамга өскөндүгүн белгилейт.

Памирде кыргыздардын арасында жашагандыгын ал мындайча жазган: «Акырындык менен кыргыздарга да көнүп кеттим. Аларга мен өзүмдүн досумдай мамиле жасап, алардын боз үйлөрүндө жашап, жеген тамактарын жеп, алар минген топозун минип, көчсө кошо көчүп жүрдүм, аягында чындыгында эле кыргыз болуп калдым. Ошондуктан алар мени, «сиз энди кыргыз болдунуз» - деп тамашалашчу» (Свен Гедин ушинтип жазган).

Саякатчы Памирдеги кыргыздардын улак тартышка күбө болуп, аны төмөнкүдөй сүрөттөп жазган. «Биз оюн белгиленген жерге келгенде, атчандардын тобу уламдан-улам көбөйө берди. Мени эң сыйлуу төргө өткөрүштү, бул жерде 111 жаштагы сулуу абышка Хоат-Бек (мүмкүн Кубатбек - Б. Ж.), картайы калган беш баласынын жана бир топ атчандардын тегерегинде туруптур. Жылдардын өтүшү, абышканын белин бир аз ийсе да, ат үстүндө бекем, жигиттей отурат. Ал үстүнө кызгылт көгүш чапан кийип, күрөң сактыян (жука булгаары) өтүк жана башына күрөң чалма оролгон. Кыргыздардын бардыгы ага ардак сый менен мамиле кылышат, бектер аттарынан секирип түшүп, урмат кылып жүгүнө салам берип жатышты, ал саламдарына жооп кылып башын ийкеди. Абышка бир мезгилде жалпы Сарыколдук кыргыздардын чоң беги болгон. Ал өзүнүн жеке ой түпкүрүнө кирип унчукпай калбаса, сөзмөр, кызык аңгемелерди айтканга уста. Анын 7 уул, 5 кыз, 43 небере, 16 чебереси бар. Бардыгы бир айылда жашап, боз үйлөрүн жайында Кара-Көлдүн боюна тигишип, кышында Басык-Көлгө түшүп келишет. Абышканын эң улуу уулу Ашурбек абдан тамашакөй адам, ал өзүнүн атасы жөнүндө айтып отуруп, анын 4 кыргыз аялы болгондугун, анын ичинен экөөсү 90 жаштан өтүп алиге чейин тирүү экендигин, ал эми ар мезгилде Кашгардан сатып алып келген жүзгө жакын сарт аялдары тажаткан мезгилде кайра кетирип жибергендигин айтып берди.

Биздин астыбызга бир койду жетелеп келишти. Кыргыз жигит курч бычагы менен койду муздап жиберди да, анан кан токтогонго чейин койдун башын кармап турду. Бул койдун эти ошол мелдеште уткан адамга сыйлык катары берилмек. Анан заматта эле атчан адамдардын бири жетип келди да, койдун бүкүлү этин эңип алып, четке узап кетти. Бир нече минут өткөн соң атчандардын чоң карааны кутургандай дем менен бизге келип жетти. Бул өрөөндө мал-кел көп жайылгандан бир тал да чөп калган эмес. Эми сексен аттын такасы бул жерди тепселеп турду. Кулак тунжураткан дүбүрткө жигиттердин ачуу кыйкырыктары, үзөнгүлөрдүн кагылыштары аралашып турду. Алдыда турган атчан өлгөн койду куду менин атымдын астына таштады. Менин көз астыман жапайы гундардын жана ватагдардын каракчыларынын ордосу басып өткөндөй болду. Анан, алар талааны бир кыдырып келишип, кайра биз турган жерге келишти. Кимдин астына келип кой таштаса ал бул урматка сый көрсөтүп, дасторкон жайып же алтын теңге чачуу кыргыз элинин салты. Мен да ошенттим. Эми эле четке чыга берсек атчандардын жапайы тобу кайра пайда болду. Алар али муздай элек койдун денесине үзүлүп түшүштү. Бир кап алтынды талашкандай каршылашуу башталды. Мен чоң тополондун арасында эч нерсени айырмалай албай калдым. Аттар мүдүрүлүп жыгылып жатышты. Ээрдин кашын бекем кармаган эр азаматтар жерге чейин ийилип койду илип кеткенге далалат кылып жатышты. Айрымдары жерге кулап түшсө айрымдары ат жабдыкка илинишип турушту. Баары койдун денесин алып кетүүгө жан талашат. Улам жаңы атчандардын тобу келип кошулуп, алар баарын тепсеп кетүүгө ниеттенип жатышты. Жылкынын кишинеги, адамдардын кыйкырыктары угулуп турду. Чан асманга көтөрүлүп чыкты. Мындайда кээде бири-бирине жолтоо болууга да уруксат берилген. Мисалы, атаандаштын атын тизгинден тартуу, же камчы менен тумшукка уруу, же ээрден

өз атаандашын түртүп салуу. Элдин жалпы бушайманы эки адам топоз минип келгенде андан да күчөдү. Тополондун ичине киргенде топоздор мүйүздөрү менен аттарды сүзүп кирди. Аттар да аларды тепкилеп баштады. Буга топоздордун андан да кыжыры келди окшойт. Эми нак букалардын оюну башталды. Акыры бир атчан жигит койду илип кетти да аны ээрдин кашына бекем кысып талааны бир айланып чыкты. Анын артынан шамалдай болуп калгандары чаап жөнөштү. Бир заматта көздөн далда болушту. Кайра эле бир-эки минут ичинде ондой атчан кайра пайда болуп түз эле бизге атырылып жөнөштү. Бизди тепсеп кете тургансып жакын келишти да, терс бурулуп кетишти. Биздин бутубуздун астына дагы койду таштап кетишти. Ошентип бул койдун денеси үчүн күрөшүү бир нече жолу кайталанды.

Ошол кезде мен Хоат-Бек аксакалды байкадым. Ал оюнга катышпай турду. Мен Хоат-Бек аксакалга бул оюн үчүн мен карылык кылам десем, аксакал ордунан каткыра күлүп мага карап, жүз жыл мурун, ушу мендей кураста улак чаап жүргөндүгүн айтты. Эсептесем ал менин жашыман төрттү жашаган чал экен. Анан көк бөрү оюну Тогдасын-Бекти катуу дүүлүктүрүп акыры ал чыдабай өзү тартышка аралашып кетти. Бир жолу ийгиликке да жетишти. Бирок бети башы көгөрүп, канжалай биздин катарыбызга кошулду. Анан кайра тынчтанып жөн эле көрүүчү болуп калды. Оюндун жүрүшүндө көптөр көйнөктөрүн чечип ыргытышты. Айрымдары эч жараат албай эле четке чыга беришти. Дагы бирлери сайдагы сууга кан болгон беттерин жууп жүрүштү. Аттары аксап жүргөндөр да болду. Чынында өтө көп деле жабыр тарткандар болгон жок. Бул кыргыз элинин ар бир жарааны жаш кезинен атка шамдагай өсүп, ээрге бекем отургандыгынан экени билинип турду. Оюндан кийин меймандарды боз үйгө сый тамакка чакырышты. Ал жерде атайын ырчылар, комузчулар болуп, өз ыр-күүлөрүн элге тартуулашты.

Свен Гединден ошондой эле кыргыздардын үй-бүлөсүнүн турмушу, балдардын төрөлүшү, үйлөнүү жөнүндөгү маалыматтарды да табууга болот.

Саякатчынын байкоосунда үй-бүлөдө патриархалдык тартип катуу сакталган. Памирдик кыргыздарда баш кошуу көбүн эсе салт боюнча ата-энелердин эркы менен жасалган. Келин тандоодо атасы өз баласынын оюн да угат, бирок акыркы чечимди өзү кабыл алат. Бирок байдын баласы экинчи жолу үйлөнгөндө да эч ким менен кеңешпей өзү каалаган кызга үйлөнө берет. Эгерде жигиттин ата-энеси жок болсо, келинди өзү тандап үйлөнөт, келиндин ата-энесине ал сөзсүз калың төлөөгө милдеттүү. Бай үй-бүлөлөр келин үчүн 2-3 жамбы (1 жамбы орус акчасы менен 80-90 сомду түзгөн), кедей үй-бүлөлөр бир эки ат жана топоз менен калың төлөшөт.

Баш кошууда социалдык айырма бай жана кедей үй-бүлөдөн кескин көрүнөт. Бай үй-бүлө, өзүнүн тегине, байлыгына жараша кудалашууга аракеттенет, ошондуктан, кудалар өздөрүнө теңебегенде баш кошууну бузууга тырышышат.

Той качан гана калың толук төлөнүп бүткөндө башталат. Баш кошкондорго арналып боз үй тигилип, коноктор чакырыла баштайт. Келин өзгөчө мурунтан даярдалган кооз кийимдерди киет. Коноктор келгенден кийин кой союлуп, дасторкон жайылып түркүм дүйүм даам татымдар коюлат. Атайын молдо келип никесин кыят, нике кыйганда молдо өзүнчө курандын бир бөлүгүн окуп, жигит менен келинге ата-энелерге, бири-бирине кандай мамиле кылуу керек экендигин, шарияттын жолдорун түшүндүрөт. Демейде тойду кыз алып жаткан айылда, кыздын үйүндө өткөрүшөт. Кыз алууда дагы бир топ каада-салттар бар, ушул салттар бүткөн соң кыз келин болуп баруучу үй-бүлөгө көчүрүлөт да, жаш жубайлар өзүнчө тигилген боз үйгө киргизилет.

Кыргыздарда бала төрөлгөндө туугандарынын бардыгы куттуктап келишип, кой союлуп, кичинекей той уюштурулат да, үчүнчү күнү молдо келип, азан чакырып балага ат коёт. Молдо китептен балага ат издейт, анда кайсы күнү төрөлсө ошого жараша ат тандап алынат. Баланын аты, ага атасынын аты кошулуп уулу деген сөз кошулат, мисалы: Кенже Сатыбалды уулу.

Свен Гедин Памирдеги кыргыздардын турмушунан, салт-санаасынан ушундай кичинекей үзүндүлөрдү келтирип жазган. Бирок ошол кыска маалыматтар өткөн кылымдагы Памир-Алай кыргыздарынын каада-салтын, үрп-адатын, жашоо шартын бүгүнкү тарых, этнография илиминин деңгээлинде изилдөөгө көп жардам берүүдө.

Свен Гедин да Борбордук Азияга келген көпчүлүк саякатчылар сыяктуу эле, коомдогу кыргыз аялдарынын орду жана ролу жөнүндө да жазып кеткен.

Эң оор жумуштардын бардыгын кыргыздардын аялдары аткарат. Алар боз үйдү тигип, чечип килем, таар токушат, жип ийрип, аркан жасашат, топоз жана эчки саашат, балдарды да тарбиялашат, дегинкиси бардык тиричилик ушул карапайым аялдардын мойнунда. Бирок башка Азиянын аялдарына караганда эркин. Эркектер болсо эч нерсе деле жасашпайт, топоздорду, башка малдарын алыскы жайлоолорго айдашат. Өздөрү ат менен коңшу айылдарга барып мал сатышат же товарга алмаштыруу менен алек болушат.

Свен Гединде мындан сырткары кыргыздардын үй-тиричилиги, тамак-ашы, өлүк көмүүсү жөнүндө кыскача маалыматтар да бар.

Свен Гединдин колу менен тартылган кыргыздар жөнүндө этюддары, фото сүрөттөрү да этнографиялык чоң маалымат боло алат.

Швед окумуштуусуна дүйнөлүк даңк алып келген узак жылдар бою жүргүзүлгөн Борбордук Азиялык саякатын

кыргыз жигиттери коштоп жүргөндүгүн өзү ыраазычылыгы менен белгилейт. Ош шаарына келип өзүнүн экспедициясын коштоп жүргөнгө жигит тандап, бул жөнүндө ал төмөнкүдөй эскерет: «Эки атчан кыргыз жигитинин бири кубаттуу тулку бою келишкен адам, бул оштук Исламбай эле, ал биздин узун сапарыбыздын бардык мезгилинде менин жакын кызматкерим болгон. Мен азыр ал жөнүндө эң сонун пикиримди айткым келет, ага чындыгында эле мен абдан карызмын. Ал аба ырайынын бардык шарттарында, ар кандай коркунучтарда менин жанымда болду. Ал мени алгачкы жолу көрүп, кайда барабыз дебестен, өз үйүн, үй-бүлөсүн Ошко таштап, Азиянын түпкүрүндө күткөн белгисиз тагдырды мени менен тең бөлүштү. Гобинин ызгаар чөлдөрүндө, тандай кургап, өлүм үстүндө менин жазган кагаздарымды, карталарды сактап калды. Ал эч ким ашпаган ак мөңгүлүү бийик бел болсун, ташкындаган суу болсун кербендин башында болуп, биринчилерден болуп жол баштаган, тунгустар бизге кол салганда да өзүнүн ордунда болуп, жолдошторун сактаган.

Ал мага ченелгис кызмат көрсөткөн, эгер ал болбосо, менин саякатым мындай ийгиликтүү болбос эле..

Исламбай Свен Гединдин аракети менен анын экспедициясынын эң көрүнүктүү коштоочусу катары швед королу Оскар алтын медалы менен сыйлаган.

Бирок бул адамдын салымы биздин тарыхыбызда толук изилденбегендиги өкүнүчтүү.

* * *

ОРУС САЯКАТЧЫЛАРЫ КЫРГЫЗ ЭТНОГРАФИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ

Алай жергеси тээ байыртан тогуз жолдун тоому болуп, бир тараптан Фергана менен Анжиянды, экинчи тарабынан Чыгыш Түркстан менен Кытайды байланыштырып турган. Ошондуктан бул өрөөндө сансыз кербендер менен жер кыдырып, илим изилдеген окумуштуу-саякатчылардын издери калды.

Алай өрөөнү жөнүндөгү алгачкы маалыматтарды байыркы араб, фарсы, түрк жазма эстеликтеринен жана ушул аймакты изилдешкен саякатчылардын эмгектеринен жолуктурууга болот.

Тарыхта «Улуу жибек жолу» деп аталган жолдун эки багыты Алай өрөөнү аркылуу өткөн: биринчиси «Фергана жолу» деп аталып – Ош, Гүлчө, Сопу-Коргон аркылуу кетип, Терек ашуусун ашып, аркы учу Кашкар тарапка созулган, бул жол Фергана өрөөнүн Чыгыш Түркстан менен байланыштырган эң кыска жол катары белгилүү болгон.

Так ушул жол менен 1774-1782-жылдарда орус армиясынын офицери Ефремов басып өткөн. Ал Бухара ханынын туткуну болуп, кийин качып чыгып Кашкарга өткөн, – акыры Англия аркылуу Россияга Чыгыш Түркстан тууралуу баалуу материалдар менен кайткан. Ал өзүнүн «Тогуз жылдык саякат» деген эмгегинде Алай өрөөнү жана жергиликтүү кыргыздар жөнүндө мындай деп жазган: «Кыргыздар Ош менен Кашкардын ортосундагы тоолуу аймакты мекендешет. Алар кыргыз-кайсакактардан (казактардан) өзгөчөлөнгөн эл. Тоолору өтө бийик, токою сейрек учурайт, бирок түрдүү өсүмдүктөргө бай; кыш мезгилинде кар оор түшөт, жайкысын жер өтө бийик болгондуктан абасы жашоо үчүн кыйын».

Айтылуу «Жибек жолунун» экинчи багыты белгилүү грек географы Птоломейдин картасы боюнча Каратегин – Чоң-

Алай аркылуу өткөн. Элибиз ошол кезде «кан жолу» деп атаган «Жибек жолунун» Алайды аралап өтүшү жергиликтүү элдин коңшулаш элдер менен болгон карым-катнашынын өрчүшүнө, ошонун натыйжасында соода-сатыктын өнүгүшүнө, жалпы эле маданиятынын, турмуш деңгээлинин өсүшүнө чоң таасир эткен.

Ошентсе да Алай өрөөнүнө жана жалпы эле кыргыз элине болгон кызыгуу, жергиликтүү калктын маданиятын, үрп-адаттарын изилдөө XIX кылымдын экинчи жарымында гана, тактап айтканда, кыргыздар өз ыктыяры менен Россияга кошулгандан кийин башталды. Орус мамлекетине өз макулдугу менен биригүү болгон.

Орустун ошол кездеги алдыңкы окумуштуулары-саякатчылары Орто Азия элдеринин тарыхын, үрп-адаттарын, маданиятын, фольклордук жана башка искусствосунун үлгүлөрүн изилдешип, элдердин ортосундагы өз ара байланышты чыңдоого, бирин-бири түшүнүүгө кеңири көмөк болууга аракеттерди жасашкан. Орус саякатчылары жана окумуштуулары Орто Азия элдеринин тарыхына жана маданиятына урматтоо менен мамиле жасашып, өз эмгектеринде улуттук өзгөчөлүктөрдү, сейрек үрп-адаттарды төкпөй-чачпай жазып калууга далалат кылышат.

Кыргызстандын Алай өрөөнүнө алгачкылардан болуп келгендердин бири окумуштуу-географ Алексей Павлович Федченко. Ал 1844-жылы Иркутск шаарында төрөлүп, кийин он алтыга толгондо ошол кездеги Россиянын илимий борбору болгон Москва университетинин физика-математика факультетине окууга кирген. Ал студент кезинде эле тырышчаактыгы, илимге болгон жөндөмү менен башкалардан айырмаланып, окутуучуларынын көңүлүн өзүнө бурган. Кийин университетти өзү мурдатан кызыгып жүргөн табият таануу илиминин кандидаты деген окумуштуулук даража менен аяктайт.

Ошол кездеги илимде изилденбеген «ак такыр аянтча» катары эсептелген Түркстан аймагына өтө кызыгып, ал 1868-жылы Орто Азияга келген. Ал эми 1871-жылы Федченко Кокон хандыгынын ханы Кудаяр хандын кабыл алуусунда болуп, анын атайы буйругу менен Орто Азиянын башка чет жаккы аймактарында саякат жасоого, илимий изилдөө жүргүзүүгө мүмкүндүк берген буйрукту алат. Буйрук төмөнкүчө жазылган болчу:

«Маргалан, Андижан, Шаархан, Араван, Булак-Башы округдарынын, Ош, Үч-Коргон, Чилмион, Сох, Исфара, Чаркух жана Варух шаарларынын башчыларына, амирлерине, саркерлерине жана башка башкаруучу адамдарына бул улуу буйрук белгилүү болсун:

Алты орус адам, алардын ичинде бир аял, жети кызматчысы менен бирге тоолуу аймактарды көргөнү баратышат. Ошондуктан, ар бир округда, ар бир жерде алардын мейман катары кабыл алынышын талап кылам. Көчмөн элдер менен сарттардын бири да аларга колун тийгизбесин. Айтылган орустар өзүнүн саякатын көңүлдүү жана тынч өткөргүдөй болсун.

Буйрук кыңк этпестен аткарылуусу керек.

Сейид Мухаммед Кудаяр-хан».

Федченко жетектеген саякатчылардын экспедициясы ушул буйруктун негизинде Кокон шаарынан чыгып, атайын узатуучулар менен Маргалан, Үч-Коргон шаарларынын башчыларында мейманда болушат, жергиликтүү калктын каада-салттары, үрп-адаттары менен таанышып, аларды кагаз бетине түшүрүп, кийин улам жер которуштуруп, изилдөө ишин улантып жүрүп олтурат.

Кыргыздар буудай, арпа, сулуу айдашат; аларда дыйканчылык тажик жана өзбек элдериндей өнүккөн эмес. Бак-дарак да сейрек учурайт.

Ошол эле 1871-жылы Федченко жетектеген экспедиция Исфайрам дарыясын жээктеп жүрүп олтуруп, Алай тоо

кыркаларына көтөрүлөт. Өмүрүндө биринчи жолу ушундай кооздукту, жаратылыш өзү жараткан тоо сулуулугун көргөн окумуштуу ал тоо чокуларын «Алай тоо кыркалары» деп атап, ошол ат менен география илимине да өз салымын кошкон. Ал өзү «Алай тоо кыркалары» деп атаган тоолордун бийиктиги 6000-6500 метрге чейин жетет, ал бийиктиги боюнча Хан-Тенгри чокусунан чоң деп туура жыйынтык чыгарган. Бул ошол кездеги география илиминдеги эң көрүнүктүү ачылыш болуу менен бирге эле, ошол кезге чейинки илимде Түштүк Тянь-Шань жана Памирдин географиясына болгон көз карашты өзгөрткөн. Мындан сырткары окумуштуу биология жана башка так илимдерди өнүктүрүүдө баалуу болгон бай коллекцияны жыйнап, көптөгөн өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын түрлөрүн ачкан. Ошентсе да ал өзүнүн негизги иши деп жергиликтүү элдин маданиятын, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн иликтөөнү эсептеген.

Федченконун экспедициясы Алай өрөөнүндөгү элдүү пункттардын бири – Дароот-Коргонго келип токтогон. «Экспедиция өрөөнгө жетер менен жергиликтүү элди бийлеген Ысмайыл токсаба бизди меймандостук менен кабыл алды, ал орто жаштарга барып калган, эткээл кыргыз экен», - деп жазган Федченко. Ысмайыл токсаба Кокон хандыгынын өкүлү. Анын 50–60ка жакын атчан, куралданган жигиттери бар. Бирок бул аймакта Кокон хандыгынын бийлиги анчейин күчтүү эмес. Анткени бул өрөөндү Кокон хандыгында чечүүчү ролду ойноп, ич-ара бийлик талашуунун жыйынтыгында өлтүрүлгөн Алимбек датканын жесири Курманжан датка бийлейт. Ал жергиликтүү кыргыздарда гана эмес, Кокон ханынын ордосунда да өзгөчө кадыр-баркка ээ болгон.

Бул Федченконун экспедициясынын жүргүзүп жаткан изилдөөлөрүнүн жаңы башталган учуру эле. Алгач экспедиция бир топ кыйынчылыктарга дуушар болгон,

анткени биринчи жолу окумуштуулардын көңүлүн буруп, изилдөөнүн элегине түшүп жаткан аймактын картасы да жок болчу. Мындан сырткары ошол кездеги илимде өрөөн тууралуу маалыматтар такыр жокко эсе эле. Бирок Федченко өзүнүн «Түркстанга саякат» аттуу китебинде жергиликтүү элдин, алардын бийлери Ысмайыл токсаба жана Нурмухамбет аттуу бай тарабынан экспедицияга берилген жардамды ыраазычылык менен белгилеп өтөт. Федченко негизги изилдөөлөрүн ушул аймакта жүргүзүп, баалуу маалыматтар менен кайтат. Саякатчылар кайтып кетип баратышканда Федченко Ысмайыл байдын өзүнүн кол саатына кызыгып калгандыгын байкап, саатын ага белек кылып, эстелик катары тартуулайт. Ысмайыл бай ал белекке жооп иретинде Федченкого бир топозду берет. Саякатчылар экспедициясынын адамдары ал топозду Ташкент шаарына чейин алып келишет. Бирок топоз күндүн ысыгына, жашоо шартынын тез өзгөргөнүнө, жолдун кыйынчылыктарына чыдабай Ташкент шаарында өлүп калганын окумуштуу-саякатчы өз китебинде өкүнүү менен эскерет, анткени, «бул эки өркөчтүү топоз» Россия эли, илим үчүн өтө кызыктуу, баалуу табылга болмок деп ойлогон.

Федченконун аталган эмгеги энциклопедиялык мүнөзгө ээ: биз андан табият таануу илимине, тарыхка байланыштуу гана материалдарды эмес ошол жергиликтүү кыргыз элинин турмуш-жайын, коңшулаш элдер менен болгон мамилесин, чарбалык, экономикалык жана башка маселелерин чагылдырган фактыларды көрө алабыз. Федченко кыргыздар негизинен көчмөнчүлүк абалда жашашканын, ошого карабастан кээде дыйканчылык да кылышканын байкаган. Ал ошол кезде Алайда жашашкан тейит, кыпчак, кыдырша урууларынын өзгөчөлүктөрүн, үрп-адаттарын да кызыгуу менен изилдеп жазган.

«Кыргыздар негизинен мал чарбачылыгы менен тиричилик кылышат, – деп жазат Федченко. – Мындан бөлөк

элде кол өнөрчүлүк да өрчүгөн. Бирок кол өнөрчүлөрдүн жасашкан эмеректери да күнүмдүк турмушта гана пайдаланылат. Маселен, аялдар тигишкен элдик оюм-чийими бар кийимдер кийилип, же үй ичинде төшөнчү катары кызмат кылат. А эркектер ат жабдыктарын – ээр токум, үй-турмушунда керектүү аспаптарды жасашат» (Федченко А. П. Путешествие в Туркестан. – М., 1950. – С. 371.).

Федченко ошону менен бирге эле кыргыздарда дыйканчылык аз өнүккөнүнө карабастан айрымдары арпа-буудай себишип, сугарышып түшүм алышканын да учураткан.

Федченко аталган китебинде «кыргыздардын өтө чоң этнографиялык өзгөчөлүгү» деп, кыргыздардын көчмөн эл экендигин мүнөздөп, көчтүн бардык тарабына (мезгил, жайыт тандоо ж.б.), маани берип, башка элдер үчүн кызыктуу кылып баяндаган.

Биз айтып жаткан саякатчылар экспедициясынын изилдөөсүнүн дагы бир кызык жагы – Алексей Павлович Федченконун өмүрлүк жары, сүрөтчү Ольга Александровна Федченко окумуштуу-саякатчыларды дайыма коштоп жүрүп, тоо көрүнүштөрүн, элдин турмушун чагылдырган алгачкы пейзаждарды, элестерди кагазга түшүргөн. Кийин ал сүрөттөр да көпкө чейин көргөзмө залдарында көз жоосун алып, европалык жана орус сүрөт сүйүүчүлөрүнүн сын көз карашынан өтүп, ошол кезде Европага белгисиз, алыскы кыргыз элинин турмушунан кабардар болууга жардам берген.

Федченко дүйнөдөн кайткандан кийин анын ишин замандаштары, орустун алдыңкы окумуштуу-саякатчылары Л.Ф. Костенконун жана В.Ф.Ошаниндин илимий экспедициялары улантышкан.

Василий Федорович Ошанин Рязань губерниясында туулуп өскөн. Москва университетинде окуп жүргөндө А.П. Федченко менен тыгыз байланышта болуп, чогуу кыялданып, алыскы табышмактуу Орто Азия элдеринин этнографиясын,

тарыхын изилдөөнү максат кылган. Биринчи жолу Ошанин 1872-жылы Ташкент шаарына келген.

1876-жылы окумуштуу-саякатчы Ошанин жетектеген экспедиция да Федченконун экспедициясынын изи менен жүрүп олтуруп Кокон хандыгынын тушундагы кыргыздардын турмушун изилдөөнү улантышкан. Ошанин 1878-жылы экинчи жолу «Табият таануу боюнча жана этнография коомунун Түркстан бөлүмүнүн экспедициясы» деген ат менен Памир-Алай тоо кыркаларында, өрөөндүү аймактарында жашашкан кыргыздардын арасына саякат жасагаи. Бул экспедиция география, табият таануу, этнография илимдерине Федченконун экспедициясынын кошкон табылгаларын жаңы, бай материалдар менен толуктаган.

Мындан дагы бир бөлүп керсөтө кетчү жер – алар бул убакка чейин эч саякатчы баспаган жерлерди изилдешип, өздөрү биринчи жолу ачкан Памирдеги эң бийик мөңгүлүү тоо чокусун «Федченконун чокусу» деп аташкан. Кийин ошол ат менен ал тоо чокусу географиялык картадан да орун алган.

В.Ф. Ошаниндин жазган изилдөөлөрү жалпысынан А.П. Федченконун этнографиялык макалалары менен окшош. «Алай өрөөнүндө жана анын батыш тарабы Каратегинде кара-кыргыздардын кыпчак, кара-тейит уруулары отурукташкан. Турмуш ынгайы боюнча бул уруулар көчмөнчүлүк, мал чарбачылыгы менен жан багышат. Мен бул жерден төөнүн кырылып жок болуп калган эң акыркы эки өркөчтүү дромадер тукумун көрдүм. Кыргыздар негизинен кой чарбасын өнүктүрүшкөнүнө карабастан мал-чарбачылыгында топозду да көп пайдаланышат». Эгерде эки өркөчтүү төө көчүү мезгилинде унаа катары гана пайдаланса, топоз – бир эле учурда сүтүн да, күчүн да берерин Ошанин ошол эле китебинде белгилеген.

Ошанин кыргыздарда тиричилик шартынын таталдыгына, тоолуу өрөөндүн аба-ырайынын катаалдыгына карабастан бул аймакта элдин фольклордук өнөрү, элдик ырлар, обондор кеңири таркагандыгын, кол өнөрчүлүктүн түрдүү салттары бай өнүккөндүгүн белгилейт. «Ошол себептүү элдин кайгы-муңу, күнүмдүк тарткан кыйынчылыктары да байкалбай өтөт» деп жазат Ошанин өзүнүн китебинде.

Мындан сырткары Ошанин да Федченко сыяктуу эле элдик музыканы, фольклордук чыгармачылыкты өз кулагы менен угуп, элдик музыкалык аспаптарды (чоорду, кыякты, комузду, темир комузду) көрүп, алардан алган таасирлерин өзүнүн «Каратегин жана Дарваз» деген ат менен алгачкы жолу 1880-жылы жарык көргөн китебинде жазып калтырган. Ошаниндин экспедициясынын изилдөөлөрү бааланып, Россия география коомунун алтын медалы менен сыйланган.

Өткөн кылымдагы кыргыз элинин турмуш-тиричилик ынгайын, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн, маданиятын изилдөөдө Россиялык география коомунун мүчөсү, орус армиясынын генерал-лейтенанты Лев Феофанович Костенконун да кошкон салымы зор.

Эгерде андан мурдагы орус окумуштуу-саякатчылары Федченко, Ошанин, Мушкетов ж.б. кыргыз элинин уруу өзгөчөлүктөрү, турмуш-тиричилик гиричилик жагдайындагы жана мал чарбасындагы социалдык-саясий маанилүү коомдук окуяларга басымдуу кызыгышса, Костенко бүтүндөй жалпы элдин этнографиялык айырмачылыктарын, кол өнөрчүлүгүнүн жетишкен үлгүлөрүн, фольклорун өзүнүн эмгектеринде өтө кызыгуу, терең урмат менен жазып калтырган. Айрыкча анын кыргыз көчүн, элдик кийимдерди, кээ бир үрп-адаттарды, каада-салттарды мүнөздөп жазганы азыр биз үчүн чоң байлык деп айтсак аша чапкандык болбос.

«Кыргыз көчү адатта таң атары менен башталат», – деп жазат ал өзүнүн «Орто Азия жана анын Россияга кошулушу»

деген ат менен 1870-жылы жарыяланган китебинде. Буга чейин көч кербени даярдалып, боз үйлөр, үй-эмеректери жыйылып даяр турат. Көч маалында кыргыздар майрам учурундагыдай эң, сонун жасалгалуу, жакшы кийимдерин кийинишип, эн, баалуу, көз жоосун алган кооз мүлктөрүн төөлөргө артышат. Ошентип кербен майрам сыяктуу шаңдуу кыймылга кирет. Көч баштаган байдын аялы ат минип алып көч кербенинин алдында бастырат. А бай өзү көч кербенинин жай кыймылына алымсынбай, башка тете жол менен чаап кетет, же жолдо мергенчилик кылып көңүл ачат.

Ал тургай Костенко көптөгөн диний жана элдин башка майрамдарына, көз жумган адамды койгон учурунда өзү да катышып калган. Костенко кыргыздар мусулман майрамдарына, диний ырым-жырымдарга башка элдик майрамдарга, каада-салттарга салыштырмалуу аз көңүл бурушканын айрыкча белгилеп жазган. Негизинен, кыргыздын элдик майрамдары көңүл ачуучу оюн-зооктор, элдик оюндар менен коштоло турганын, кыргыздар элдик, үй-бүлөнүн бир кубанычтуу окуясына байланышкан майрамдарды жана да баш кошуу үлпөтү болгон тойду өтө көңүл буруу менен жакшы өткөрүшөрүн байкагандыгын жазган. Ошол оюндардын баарынан Костенкого өтө жакканы кыз куумай болуптур.

Ал кыргыздар башка орто азиялык элдердин өзгөчөлөнүп, диний ырым-жырымдарга баш ийишпестен, эркектер менен аялдар аралаш ойной беришe турганын тандануу жана өзгөчө баалоо менен «патриархалдык турмуштагы элдин жетишкен маданияты» деп жазып кеткен. Колуна камчы алып, ат минип качкан кызды топ атчан жигиттер чаап, кууп жөнөшөт. Кызды кууп жетип, кармаган жигит аны өбүүгө жана дагы башка маданияттуу тамашаны жасоого мүмкүндүк алат. А башкалар өбүүгө умтулушса кыз камчы менен чабат – эл ушунун баарын коштоп, чоң кубануу менен карап турат деп жазат Костенко «Орус саякатчылары

кыргыздар жөнүндө» деген жыйнакта жарыяланган макаласында.

Л.Ф.Костенко 1876-жылы Памир Алай тоолоруна уюштурулган экспедицияга катышкан. Дароот-Коргондо ал эки-үч күнчө боз үйдө жашап туруп калат да өзүнүн күндөлүгүндө «боз үй элдин өрчүп-өнүгүүсүндө жасаган эң чоң кадамы – деп жазат, – анткени боз үйдө кенен жана ыңгайлуу, жылуу. Анда от да жагууга болот – жөнөкөй чатырчада ал жөнүндө ойлоно да албайсың».

Костенко ошондой эле кыргыздардын үй-бүлөсүндөгү тарбиялык, баш кошуу, эрди-катындардын ортосундагы мамилелердин өзгөчөлүктөрүнө да кеңири токтолгон. Кыргыздар – айрыкча өтө байлары – балдары жаш кезинде эле кудалашып коюшат. Балдарынын өз ара макулдугун, алардын жаш айырмачылыктарына да көңүл бөлүшпөйт. Кудалардын тек жааты тең келсе эле болгону. Бирок элде диндик көз караштар аз өрчүгөн. Мурдатан «бел кудалаш» болуп сүйлөшпөгөн учурларда күйөө баланын атасы кыздын атасынын алдына өз белек-бечкегин алып барып, куда түшүү анын сөз айтуусу менен башталат.

Кыз тарап күйөө баланын тууган-туушкандарына жооп иретинде ошондой эле белектерди тартуулашат. Балдары төрөлгөн кезден бери «бел куда» болбогон учурларда кыз атасы өзү жалгыз гана кызынын тагдырын чечип койбостон, сөз айттырып келген кудаларды өз туугандары менен тосуп алып, жалпы кеңешмеде гана макулдугун берет. Ошол эле жайында калыңдын баасы ченелип, той өткөрүүнүн ыңгайы макулдашылат.

Окумуштуу-саякатчылардын эмгектеринин баалуулугу бүгүнкү күндө убакыт өткөн сайын артылып жатат. Анткени Костенко жазгандай, өткөн кылымда элибизде сабаттуу, кат тааныган адамдар саналуу гана болушкан. Анын үстүнө кыргыз эли үчүн көндүм, күнүмдүк турмуш-тиричилик

катары эсептелип, баркы билинбеген көп каада-салт этнографиялык үлгүлөр жазылып калган.

«Элдин түшүнүгү жана нравалык ишенимдери кара-кыргыздарда орой түкшүмөлдөөлөрдөн турат. Сабаттуу адамдар жокко тете. Көп бай-манаптар өзүнүн колун коюшканды да билишпейт. Кара-кыргыздар мусулмандар деп эсептелгенине карабастан, көпчүлүгү мусулман пайгамбарынын аты-жөнүн да билишпейт. Шаманчылыктык таасын белгилери элде сакталып калган. Маселен жума күнү – бейшембиден жумага караган түнү, – аялдар жана айрым эркектер отко сыйынышат. Тогуз шам чыракты катар жагып алышып, арасында сабаттуулары болушса куран окушат».

Мындан сырткары Костенко кыргыздардын тарыхында элдик фольклордук чыгармачылыктын чоң маанилүү салымы бар экендигин, элдик ырларда башка элдерге окшобогон маданият, эркиндикти сүйүүчүлүк жана да чет жердик душмандарга каршы турган эр жүрөктүүлүктү, баатырдыкты сыпаттоо бар экендигин баяндап өтөт.

Албетте, бул жерде Костенконун Кыргызстанга кандай шарттарда жана кайсыл максаттар менен келгенин да айтпай кетсек болбос. Ошол мезгилде Россия менен Англиянын ортосундагы Орто Азия үчүн болгон атаандаштык күчөп турган кез эле. Ошондуктан Россия география коомунун мүчөсү, орус армиясынын генерал-лейтенанты Костенконун Кокон хандыгына кирген кыргыздарга жасаган саякаты негизинен эки максатка багытталган: биринчиден ал эл массасынын Россиянын падышалык өкмөтүнө болгон мамилесин, маанайын аныктоо болсо, экинчиден, өзү окумуштуу катары элдин тарыхын, маданиятын, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөнү бирдей калыпта алып жүрүп олтурган.

Азыр Костенконун бир нече жолу кайрадан басылып чыккан эмгектери XIX кылымдагы кыргыздардын этнографиялык, маданий жана турмуш-жайынын элестерин

камтыган бай тарыхый эстеликтерге айланды. Орустун билимдүү, ак сөөк адамынын башка элдин өкүлү катары көз караштан жазгандары (изилдөөлөрү, күндөлүк жазмалары) кайсыл бир денгээлде субъективдүү десек да болот. Бирок ошого карабастан ал элдик оюндарга, каада-салттарды айкындаган жөрөлгөлөргө өзү катышып, өз көзү менен көргөндөн кийин гана жазган. Костенкого кыргыз элинин мейманлостук үрп-адаттары өтө жаккан. Ошондон улам ал өзүнүн жогоруда аталган китептеринде кайсыл жерге барбасын, бардык аймактарда жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү шаан-шөкөт менен, элдик оюндарды куруп, экспедицияны өзгөчө урмат-сый менен тосуп алышканын белгилеген.

Костенко элдин кийимдеринин өзгечөлүктөрүн да жазып калган. «Кыргыздар – деп жазат ал жогоруда аталган китебинде – бир нече этеги узун чапанды биринин үстүнөн экинчисин кийип жүрө беришет. Ал чапандар жибектен, же башка кездемелерден жасалышы мүмкүн. Кышкысын койдун терисинен жасалган тонду кийишет». Асыресе, ак сөөк, ошол кездеги Россиянын дворяндык табынын өкүлү болгонуна карабастан Костенко бай жана кедейлердин ортосундагы айырмачылыктарды да жаап-жашырбай жазган. Маселен, анын байкоосунда бай кыргыздар гана чапандын алдынан жалаң этине көйнөк кийишпесе, кедей кыргыздар чапанды көйнөк катары кийип жүрө беришет. Такыр кырдырылган баштарына малакай кийишип же калпак, кышкысын тебетей менен жүрүшөт. Аялдар ак кебезден жасалган элечек кийишип, чачтарын майдалап өрүшүп, аларды алтын теңгелер, жез баргекчелер менен кооздошот. Алардын кийими эркектердикине караганда назик, жука келет.

Костенконун байкоосу боюнча кыргыздарда башка мусулман элдериндей эле көп аял алуу уруксат этилгенине карабастан эки-үч аял алган адам да сейрек учураган. Ал эми көпчүлүк кембагалдар өмүр бою бир гана аял менен

катары эсептелип, баркы билинбеген көп каада-салт этнографиялык үлгүлөр жазылып калган.

«Элдин түшүнүгү жана нравалык ишенимдери кара-кыргыздарда орой түкшүмөлдөөлөрдөн турат. Сабаттуу адамдар жокко тете. Көп бай-манаптар өзүнүн колун коюшканды да билишпейт. Кара-кыргыздар мусулмандар деп эсептелгенине карабастан, көпчүлүгү мусулман пайгамбарынын аты-жөнүн да билишпейт. Шаманчылыктык таасын белгилери элде сакталып калган. Маселен жума күнү – бейшембиден жумага караган түнү, – аялдар жана айрым эркектер отко сыйынышат. Тогуз шам чыракты катар жагып алышып, арасында сабаттуулары болушса куран окушат».

Мындан сырткары Костенко кыргыздардын тарыхында элдик фольклордук чыгармачылыктын чоң маанилүү салымы бар экендигин, элдик ырларда башка элдерге окшобогон маданият, эркиндикти сүйүүчүлүк жана да чет жердик душмандарга каршы турган эр жүрөктүүлүктү, баатырдыкты сыпаттоо бар экендигин баяндап өтөт.

Албетте, бул жерде Костенконун Кыргызстанга кандай шарттарда жана кайсыл максаттар менен келгенин да айтпай кетсек болбос. Ошол мезгилде Россия менен Англиянын ортосундагы Орто Азия үчүн болгон атаандаштык күчөп турган кез эле. Ошондуктан Россия география коомунун мүчөсү, орус армиясынын генерал-лейтенанты Костенконун Кокон хандыгына кирген кыргыздарга жасаган саякаты негизинен эки максатка багытталган: биринчиден ал эл массасынын Россиянын падышалык өкмөтүнө болгон мамилесин, маанайын аныктоо болсо, экинчиден, өзү окумуштуу катары элдин тарыхын, маданиятын, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөнү бирдей калыпта алып жүрүп олтурган.

Азыр Костенконун бир нече жолу кайрадан басылып чыккан эмгектери XIX кылымдагы кыргыздардын этнографиялык, маданий жана турмуш-жайынын элестерин

камтыган бай тарыхый эстеликтерге айланды. Орустун билимдүү, ак сөөк адамынын башка элдин өкүлү катары көз караштан жазгандары (изилдөөлөрү, күндөлүк жазмалары) кайсыл бир денгээлде субъективдүү десек да болот. Бирок ошого карабастан ал элдик оюндарга, каада-салттарды айкындаган жөрөлгөлөргө өзү катышып, өз көзү менен көргөндөн кийин гана жазган. Костенкого кыргыз элинин меймандостук үрп-адаттары өтө жаккан. Ошондон улам ал өзүнүн жогоруда аталган китептеринде кайсыл жерге барбасын, бардык аймактарда жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү шаан-шөкөт менен, элдик оюндарды куруп, экспедицияны өзгөчө урмат-сый менен тосуп алышканын белгилеген.

Костенко элдин кийимдеринин өзгечөлүктөрүн да жазып калган. «Кыргыздар – деп жазат ал жогоруда аталган китебинде – бир нече этеги узун чапанды биринин үстүнөн экинчисин кийип жүрө беришет. Ал чапандар жибектен, же башка кездемелерден жасалышы мүмкүн. Кышкысын койдун терисинен жасалган тонду кийишет». Асыресе, ак сөөк, ошол кездеги Россиянын дворяндык табынын өкүлү болгонуна карабастан Костенко бай жана кедейлердин ортосундагы айырмачылыктарды да жаап-жашырбай жазган. Маселен, анын байкоосунда бай кыргыздар гана чапандын алдынан жалаң этине көйнөк кийишпесе, кедей кыргыздар чапанды көйнөк катары кийип жүрө беришет. Такыр кырдырылган баштарына малакай кийишип же калпак, кышкысын тебетей менен жүрүшөт. Аялдар ак кебезден жасалган элечек кийишип, чачтарын майдалап өрүшүп, аларды алтын теңгелер, жез баргекчелер менен кооздошот. Алардын кийими эркектердикине караганда назик, жука келет.

Костенконун байкоосу боюнча кыргыздарда башка мусулман элдериндей эле көп аял алуу уруксат этилгенине карабастан эки-үч аял алган адам да сейрек учураган. Ал эми көпчүлүк кембагалдар өмүр бою бир гана аял менен

жашашат. Эң чоң аялды (үйдө бир нече аял бар кезде) кыргыздар байбиче деп коюшат да, үй турмушундагы суроолор баары ал аркылуу чечилип, жашы андан кичүү аялдар баары ага баш ийишээрин Костенко бир чети таңдануу, экинчиден, өтө барктоо менен жазган.

XIX кылымда кыргыз жери, эли алгачкы жолу окумуштуулардын, саякатчылардын көңүлүн өзүнө буруп, ар кайсыл убактарда Кыргызстандын түркүн аймактарына П.П. Семенов-Тянь-Шанский, Ч.Ч. Валиханов, Н.М. Пржевальский баштаган атактуу саякатчылардан тартып Н.А. Северцов, А.П. Федченко, И.В. Мушкетов, Л.Ф. Костенко, Г, Е. Грум-Грижимайло, В.Ф. Ошанин сыяктуу окумуштуу-саякатчылар изилдөө жүргүзүшкөн. Бирок алардын эмгектери, ар кайсыл китептерге жыйнактарга жарыяланган макалалары чачкын. Айрыкча акыркы жоон топ саякатчылардын көп баалуу илимий - изилденген иштери алиге чейин өз окурманына жете элек. Аларга терең көңүл буруу менен баалай билип, чогултуп, жалпы элдин байлыгына айландырып, окуп-үйрөнүү, изилдөө келечектин жана элибиздин азыркы учурдагы тарыхчыларынын, этнография жана искусство таануу илимдеринин ишмерлеринин ыйык милдети.

* * *

БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВ: "УЛУТТАР АРАЛЫК САЯСАТТЫ ӨТӨ КЫЛДАТ ЖҮРГҮЗҮҮ КЕРЕК"

01/06/2010. "Шоокум" журналы.

– *Агай, адегенде улут жана уруу түшүнүктөрүнө аныктама бере кетсеңиз. Алар качан пайда болгон?*

– Эл пайда болгондо эле пайда болгон. Алгачкы общиналык коомдо адамдар топ-топ болуп жашашкан. Адамдардын биримдик жашоосунан пайда болуп, кеңейип,

кийин уруу түшүнүгү пайда болгон. Бул түшүнүк – эң алгачкы коомдук түзүлүштүн түшүнүгү. Акырындап ал уруулар союз түзүп, кийин улут түшүнүгү келип чыккан. Улут – бул капиталисттик коомду басып өткөн калктар. Себеби, улут пайда болуш үчүн, анын дини, тили, ээлеген аймагы болуш керек. Бул негизги компоненттери бар болгондон кийин улут пайда болот. Кыргыз улутунун пайда болушу тарыхчылар жана саясат таануучулар арасында чоң талаш-тартышты жаратат. Кыргыздар улут катары калыптанып бүтө элек, себеби, капиталисттик доорду өтпөй эле феодалдык коомдон социализмге өтүп кеткен деп түшүндүрүшөт. Чындыгында, уруулук түзүлүш улуттун негизги калдыгы. Мисалы, түндүк менен түштүк биригүүсү үчүн кыргыздын 40 уруусу биригүүсү керек дегендер бар. Оң, сол, ичкилик деген үч канатты бириктирген курултай өткөрүү керек дешүүдө. Бул, бир чети, жакшы нерсе, деградациялык мамилени жоёт. Экинчи чети, мунун жаман жагы да бар. Биз кайрадан эле улуттук биримдикке умтулбай, уруулук биримдикке умтулуудабыз. Бул уруулук принциптерибиздин күчтүү экенин көргөзүп турат. Мисалы, айыл жергесине барсаң, дароо: "Уулум, кайсы уруудансың?" – деп сурайт. Бул түшүнүк каныбызга сиңип калган. Экинчи жагы, улуттар биримдиги башка мүшкүл түшкөндө байкалат. Уруулук түшүнүктөн бир топ алыска кеткенибизди далилдейт. Мисалы, жунгарлар басууга аракет кылганда, кыргыздар казактарга кошулуп жооп кайтарышкан. Канткен менен, уруулук түшүнүгү каныбызда кала берген. Болуп жаткан окуялар көргөзүп тургандай, нигилисттик аракеттердин натыйжасында майда чыр-чатактар чыгууда. Ааламдашуу доорунда жашап жаткандыктан, уруулук түшүнүктөн алыс болушубуз керек.

Жакында эле Казакстанда болуп өткөн конференцияга катышып келдим. Казакстан элдеринин ассамблеясы уюштуруптур. Бул конференцияга Казакстанда жашаган

бардык улуттар катышты. Мени таң калтырган нерсе: ар бир улуттун өкүлү өз докладын окуурдан мурда, казакча мен "Казакстандын оратору" болгонума сыймыктанам деп баштап жатты. Бизде бир да өзбек сүйлөбөйт да "мен Кыргызстандын өзбегимин" деп. Дагы бир жакшы жери: Казакстан элдеринин ассамблеясынын депутаттык 8 квотасы бар экен. Жыл сайын ал квотага ар улуттун өкүлдөрү коюлуп турат экен. Ассамблеянын статусу чоң экен. Алардын ассамблеясын өлкө башчысы президент Нурсултан Назарбаев өзү жетектейт экен. Ошондон улам биздин ассамблея формалдуу гана экен деп ойлонуп калдым. Ар бир улут өз кызыкчылыгы үчүн гана аракеттенип, жалпы Кыргызстандын эли үчүн иштегенин көрбөдүк. Мындан тажрыйба алсак жакшы болмок. Кыргызстан элдеринин ассамблеясы турмуштук өңүттө калууда. Мисалы, тажик улуту диаспора катары анча-мынча иш кылат. Ушул кезге чейин алардын республикалык масштабда элди биримдикке чакырган ишин көрө алган жокмун. Ассамблея жаңы түзүлгөндө президент А. Акаев өзү башында болгон. Бүгүнкү күндө бул Ассамблея четте калгансыйт. Бизде болуп жаткан улуттар аралык чыр-чатактар Ассамблеянын ролу жоктугун айкындоодо.

– Кыргыздар улут катары качан калыптанган? Кыргыз баласынын башка улуттар менен болгон карым-катнашы кандай болгон?

– Жогоруда белгилегендей, кыргыздардын улут катары калыптанышы бир канча талаш-тартыштарды жаратат. Капитализм доорун сүрбөй эле социализмге өткөн деген пикирлердин чындыгы бар. Биз капитализмди кыска мөөнөттө басып өтүп, социализмге өткөнбүз. Кыргыз улут катары калыптанган, себеби, биздин өз тилибиз, маданиятыбыз, аймагыбыз бар. Жеке көз карашымда, кыргыз улут катары XX кылымдын орто ченинен тартып эле калыптана баштаган. Азыркы мезгилде кыргыз улутунун

жоголушу жөнүндө айтылууда. Чынында, тилибиз жоголуп кетүү коркунучунда турат. Тилдин жок болуусу улуттун жок болуусун шарттайт.

Кыргыз кыргыз болуп жаралгандан бери ар кандай элдер менен карым-катнашта болгон. Кыргыздар VI-VIII кылымдарда Түрк каганаты менен, андан соң Уйгур каганаты менен алака түзүп, алар менен бирде согушуп, бирде жарашып, кийин кара кытайлардын курамына кирип кеткен. Орто кылымдарда кыргыздардын Караниддерге кошулушу өз таасирин тийгизген. XVI-XVII кылымдарда азыркы жашап жаткан коңшулаш элдер менен мамиле түзүп, казактар жана өзбектер менен жуурулушуп кеткен. Андан соң XVIII-XIX кылымдын орто ченинде орустар келгенде алар менен мамиле түзгөнбүз.

1924-жылкы аймактык бөлүштүрүү көп каталыктар менен коштолгон. Ошол кезде казактардын, өзбектердин, тажиктердин автономиясы түзүлүп, бүгүнкү күндөгү аймагын бөлүштүрүү ошондо эле башталган. Себеби, ошол жерде Түркстан Республикасы болгон. Кийин улуттук комиссия түзүлүп, аймактык бөлүштүрүүгө келгенде каталыктар кеткен. Буга биздин аймакта анклавдардын болушу, коңшу өлкөлөрдүн аймагында кыргыздардын жашап жатышы кашкайган далил.

Жанагыдай жаңжалдардын чыгышынын дагы бир себеби: биз өтө демократташып кеттик. Ошондон улам улутчулдук сезим күчөп, автономия талап кылууга чейин барууда. А биз болсо тажик мектебин, өзбек университетин ачып берип койдук.

– Кыргызстандагы этникалык чыр-чатактарга токтоло кетсеңиз?

– Биздин көпчүлүк талаш-тартыштарыбыз аймактык бөлүштүрүүдөн, чек аралык маселелерден келип чыгат. Мындай көрүнүш 1990-жылы Ошто болгон, 20 жылдан кийин

кайра кайталанды. Негизи улуттар аралык саясатты өтө кылдат жүргүзүү керек. Болбосо, ушундай чыр-чатактар чыга берет. Кыргызстандын элинин 60 пайызын кыргыздар түзөт, калгандары – башка улуттун өкүлдөрү. "Биз бир элбиз" деген түшүнүктү алардын дилине сиңиришибиз керек. Мисалы, Казакстанда канчалаган чечендер жашайт, бирок, алардын ансезиминде "мен казакстандык чеченмин" деген түшүнүк орноп калган. Титулдук элдин айланасына топтолуу керек.

Биздин Конституцияда эки нерсе жазылган. Мамлекеттик тил – кыргыз тили, расмий тил – орус тили деп. Биз болсо өзбектер үчүн да өзүнчө тираж чыгарабыз. Мыйзам боюнча биз эки эле тилде беришибиз керек. Эртең башка улуттар да талап кыла башташат. Мисалы, орустар Прибалтика өлкөлөрүнөн көчүп кетпей, ошол жерде эле жашап, алардын тилинде сүйлөп жатышат.

– *Улуттар аралык жаңжалды болтурбаш үчүн кандай иш-аракеттерди жасаш керек?*

– Биринчи кезекте, Кыргызстан калкынын ассамблеясынын статусун жогорулатуу керек. Андан кийин депутаттык мандатка квота берели. Антпесе, өзбектер көптүк кылып өз кишисин шайлап алышат. Ал эми саны аз улуттар чыга албай калышат. Сөз жүзүндө айтылган нерсени ишке ашыруу бир кыйла машакатты жаратышы мүмкүн. Андыктан, биз башка өлкөлөрдүн тажрыйбасына көз чаптырышыбыз керек.

Маектешкен Элеонора Абдылдаева
Bektemir-Jumabaev_06.3.2010_Aray-ko'z-charai_mayek

* * *

МИСМИЛДИРИК: КАНАБАЙРАМДЫН КАРТТАНГАН ЖАРАСЫ

1916-жылы кыргыз элинин башына түшкөн оор мүшкүл, тукум курут боло жаздаган калктын трагедиясы тарыхчы, журналист Арслан Койчиевдин «Мисмилдирик. Беделдеги каргыш» романында баяндалган.

Студиянын коноктору философ, профессор Жамгырбек Бөкөшев менен тарыхчы, профессор Бектемир Жумабаев. 2010-жылдын 6-марты.

1916-жылдагы падышалык орус аскеринин колуна түшүп андан аман чыккан кыргыз интеллигенти 1930-жылдардын соңундагы большевиктик кыргынга кабылат. «Азаттыктын» бүгүнкү «бетме-бет» талкуусу улутту тукум курут кылууга багытталган канабайрамдын көркөм адабияттагы чагылдырылышына арналды. Студияга философ, профессор Жамгырбек Бөкөшев менен тарыхчы, профессор Бектемир Жумабаев чакырылган.

Ажардын арманы

- Улуттун турмушундагы оор окуя эч качан эстен кетпейт. Муундар алмашса да унутулбай кала берет. Кеп 1916-жылкы мүшкүл жөнүндө болуп жатат. Бул тема эгемендиктин алгачкы жылдары арбын козголду эле. Кийин басандап калды. Журналист Арслан Койчиевдин "Мисмилдирик. Беделдеги каргыш" романы чыкты. Жаңы чыгарманын жетишкендиги менен мүчүлүштүктөрү мага тең салмактуудай сезилди. Жамгырбек мырза, мына ошол Үркүн темасынын эгемендик заманда кенен көркөм чагылдырылышы кандайынан келгенде да колдоого алына турган нерсе. Чыгарманын өзү жөнүндө сиздин пикириңиз кандай?

Жамгырбек Бөкөшев: - Бул чыгарма менимче кеңири сөз кыла турган, чоң талкууга арзый турган чыгарма. 1916-жылкы үркүн элдин эсинен кеткис, көңүлүндө бекем

сакталып калган мүшкүлдөрдүн бири. Эгер ошол окуя ошол калыбында уланса кыргыз эли чын эле тукум курут болуп кетиши мүмкүн эле. Арслан Койчиев ошол тукум курут болуп кетүүнү "Мисмилдирик" деп чыгармага айлантып, окурмандарга сунуп жатат. Ал белгилүү тарыхчы, адис катары билгендерин көркөм сөзгө шыгы бар экен, мына эми көркөм баян катары окурмандарга тартуулап жатат. Бул автордун алгачкы чыгармасы болгондон кийин анын оошкыйышы, чийки жерлери болушу мүмкүн. Жалпысынан 16-жылдагы мүшкүлгө арналган чыгармалар бир топ эле. Аларды өз-өзүнчө этапка бөлүп карасак да болот. К.Баялиновдун айтылуу "Ажарынан" баштап көп эле чыгармалар жарык көрбөдүбү. Мына эгемендик тушунда да чыгып жатат. Адабиятчы Станалиева муну изилдеп өзүнчө китеп кылып чыгарды. А. Койчиевдин чыгармасы жаңы муун авторлордун катарына кирет. Бул "Сынган кылычтан" келаткан салтты улаган тарыхый чыгарма. Үркүндүн мүшкүлдөрүн окуган адамдын зээнин кейите турган, жүрөгүн болк эттире турган деңгээлге жеткире жазган жакшы чыгарма деп айта алам.

"Кандуу жылдардын" капшабы

- Бектемир мырза, мына ушул Үркүн темасы, кыргыздардын тукум курут болуп кетүү коркунучуна капталган оор кезең жөнүндө көп айтылып, көп иштер жасалгандай болду эле. Бирок кийинки кездери ага анчалык көңүл бурулбай калды. Мунун себеби эмнеге байланыштуу деп ойлойсуз?

Бектемир Жумабаев: - Улут тарыхындагы урунттуу, тагдырына туш келген кайгылуу окуя ушул 1916-жылдагы үркүн. Элдин көтөрүлүшүн Арслан Капай уулу тарыхый романында баяндап берген. Автор өзү жакшы тарыхчы. Ал тарыхчынын көзү менен көркөмдөп жазган. Мына эгемендик тушунда бул тема көп эле көтөрүлдү, изилдөөлөр жарыяланды. Бүгүн ал артта калып кетип жатат. Үркүн

маселеси түгөнбөйт. Ал азыраак унутта калды деп ойлойм. Бул тема анын үстүнө саясатташып кетти. Үркүндүн 90 жылдыгын өткөрөлү деп жатканда Орусиянын Тышкы иштер министрлигинен нота келиптир деп чыгышкан. Муну ошентип саясатчылар гана атайылап унуткартып жатат. Муну эл, көркөм сөз ээлери унутпайт. Элдин жүрөгүндө калган кандуу окуя унутулбайт. Азыр анча эскерилбей жатышы саясатка байланыштуубу деп ойлойм.

- "Мисмилдирик. Беделдеги каргыш" романында 16-жылкы кыргын менен 30-жылдардын аягындагы сталиндик репресссияны, кыргыздын улут каймактарынын атылып кетиши катар коюлуп сүрөттөлөт. Ушул эки мүшкүлдүн катар көрсөтүлүшүнүн көркөмдүк негизи барбы?

Жамгырбек Бөкөшев: - Бул жерде тарыхый жактан алганда, эл тагдырына байланыштырып караганда чынында эле байланыш бар. 1937-жылкы окуялар да жөн жеринен чыга калган эмес да. Романдагы башка каарман 1937-жылкы апааттан жок болуп, түрмөдө олтуруп бала кезинде башынан кечирген мүшкүлдү эстеп атпайбы. Окуялар ошол баланын көзү менен баяндалат. Мен жана чыгармага жалпы баа берип кеттим. Эми анын анын айрым өзгөчөлүктөрүнө токтолсомбу деп турам. А. Койчиев биринчи чыгармасында эле баш көтөрбөй окуй турган сюжет кура алган. Көзгө урунган каармандардын кайталангыс турум-турпатын түзгөн деп бааласак болот.

Дагы бир өзгөчөлүгү - чыгарманын тили, автордун баяндамасы мактоого арзыйт. Автор колдон келишинче Үркүндөн жапа чеккендерди, кыргыздарды кыргандарды да болушунча калыс, объективдүү сүрөттөөгө аракет кылган. Орус аскерлеринин, офицерлеринин образын түзүүдө, окуяларды сүрөттөп жазууда колдон келишинче калыстыкты, тактыкты, объективдүүлүктү сактоого аракет кылган. Чыгарманын оош-кыйыштары да бар. Кээ бир образдары чала иштелип калган. Мисалы, Нарботонун образы жакшы

иштелген. Ал эми Карагыз, башка каармандардыкын андай деп айтыш кыйын. Автор чыгарманы дагы ийине жеткире иштесе кыйла дооматтардан арылмак. Бирок ушул турушунда жарыялаган экен. Менимче, жанагындай оош-кыйыштарына карабай бул чыгарма темасы, тарыхый окуяларды чагылдырышы боюнча өзүнүн орду бар.

- Бектемир мырза, мына ушул темага арналган А.Токомбаевдин "Кандуу жылдар" дастаны большевиктик идеологиянын кандай сынына кабылганын жакшы билесиз. Аны көргөндөн кийин бул темага даап, батынган киши аз болду. Анан эми эгемендик келгенден кийин кесиптешиңиздин тукум курут, канабайрам, мисмилдирик тууралу чыгармасы чыкты. Буга тарыхчынын кайрылышына эмне себеп болду? Теманын тарых илиминде жакшы изилденбей жатышы себеп болгон жокпу?

Бектемир Жумабаев: - Бул окуялар тарых илиминде жакшы жакшы чагылдырылган. Профессор Кушбек Үсөнбаевдин "1916-жылдагы көтөрүлүш" деген фундаменталдуу эмгегин айта кетейин. М. Махмутбекованын "Улуттук боштондук кыймылы" деген китеби чыкты. Андан кийин Т. Шейшекановдун "Көлдөгү көтөрүлүш" деген изилдөөсү жарыяланды. Изилдөөлөр көп эле.

Бирок бул жерде автор жалаң эле 1916-жылга гана кайрылып жаткан жери жок. Эки тарыхый окуя кош сызык берилип атпайбы. Анткени 1916-жылкы көтөрүлүштө да, 1937-жылкы репрессияда да кыргыздын каймагы кеткен, бейкүнөө адамдар жок кылынган. 1916-жылкы көтөрүлүштүн башында кыргыздын саясий элитасы Мөкүштөр, Канат хандар башында турган. А. Койчиевден мурда да 1916-жылдагы көтөрүлүш боюнча "Канат хан" деген роман жазылган. 1916-жыла арналган чыгармалар көп. Бирок аны 1937-жылкы кыргын менен бирге, кошо көрсөткөн чыгарма жок болчу.

Беделде калган арман

- Улуттун башына түшкөн оор тарыхый мүшкүлдүн көркөм чагылдырылышы тууралуу кеп болгондо ошол 1916-жыл, андан кийинки 1930-жылдардын аягы, бери келсек эгемендик тушунда элибиз башынан кечирген оорчулуктар, татаал тагдырлар адабиятта көрүнүшү керек го. Ушул темалар сиздин оюңузча кандай чагылдырылып жатат?

Жамгырбек Бөкөшев: - Бул жерде айтылган Бектемир мырзанын сөзүн улап, анан сиздин суроонузга өтсөмбү дейм. 1916-жылды тарыхчылардын изилдегени, илимий эмгектерди жазганы бир жөн. Ал эми сүрөткер катары ошол окуяларды көркөм образдар аркылуу жаратуу башка кеп. А. Койчиев тарыхчы катары тарыхый булактарды казып көрүп, анан ага ичи чыкпай, ошондон көркөм чыгармачылыкка ооп кеткен болуш керек. Ал мезгилди азыркы доорго чейин алып келип, анан ошол улут башчылары, алдыңкы сапта тургандардын кайгылуу тарыхын көркөм чыгармачылыкка алып чыгыш логикалык жактан да, тарыхый жактан да өзүн-өзү актай алат. Ал эми азыркы адабиятка келсек, тарыхый жактан баштан кечирип жаткан кезибизди поэзия бир аз чапчандык кылып убагында сүрөттөп берип жатат деп айта алам. Кара сөзчүлөрүбүз бул жагынан ыкшоолук кылып, кийинки доордун кеңири сүрөтүн өз деңгээлинде жеткире сүрөттөөгө шайы жетпей жатабы, деген ой менде пайда болууда.

- Бектемир мырза, сиздин 1916-жылдын тарыхый изилдениши тууралуу пикириңизге кошулса болот. Бирок 1930-жылдардын апааты ошондой деңгээлде изилденди деп айтыш кыйын. Анан адабият тарыхый окуялардын текши баарын сөзсүз чагылдырышы керекпи?

Бектемир Жумабаев: - Улуттун башына түшкөн кайгылуу окуялары тарыхый изилдөөдөн кийин кыска, тар чөйрөгө эле белгилүү болуп калат. Ал эми анын адабиятта чагылдырылышы, көркөм сөзгө көчүрүлүшү элге сиңимдүү болот. Көркөм сөздө окуя кызыктуу, окурманды өзүнө тартып

турчу касиетке ээ. Эгер ал көркөм чыгармада терен, мыкты чагылдырылса элге көп жетет, таанымал окуя болуп калат.

- Анда сөзүбүздү жыйынтыктасак. Сиздердин ишиңиздерге ийгилик! Талкууну Бекташ Шамшиев уюштурду.

"Азаттык" үналгысынын "Арай көз чарай" берүүсү. 06.03.2010.

Булак: URL: http://www.azattyk.kg/content/Kyrgyzstan_Culture_Arslan_Koichievs_New_Roman_Mismildirik/1976202.html

Асанов М. Б.,

Жусуп Баласагын атындагы КУУнун
Археология жана этнология кафедрасынын окутуучусу
(Бишкек ш., Кыргызстан).

ПРОФЕССОР БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВДИН (1960-2014) ЭМГЕКТЕРИНИН КЫСКАЧА ТИЗМЕСИ

Жарыкка чыккан китептеринен:

Жумабаев Б. М. Русские экспедиции на Памир и Алай во второй половине XIX – начале XX вв. - LAP Lambert Academic Publishing, 2012. - ISBN-10: 3659249408; ISBN-13: 978-3659249402. – 188 с.

Жумабаев Б. М. Южный Кыргызстан глазами российских путешественников (вторая половина XIX - нач. XX вв.) / Отв. ред. член-корр НАН КР, проф. К. У. Усенбаев; ред. В. Я. Галицкий. – Бишкек: Гос. дирекция «Ош-3000» при Правительстве КР, 1999. – 133 с. – (Посвящается 3000-летию города Ош). - ISBN 9967-20-078-2.

Жумабаев Б. Памир: Улуу державалардын ортосундагы геосаясий күрөш / Жооптуу ред. Э. Ж. Маанаев. – Бишкек: Учкун, 2009. – 192 бет. – ISBN 978-9967-02-583-7.

Жумабаев Б., Маанаев Э. Памир кыргыздары: Тарыхий-этнографиялык очерк. – Бишкек, 2009. – 186 бет.

Чоң Алайдан чоң ааламга: Тарых, фольклор, адабият, маданият боюнча илимий-популярдуу жыйнак / Түзүүчүлөр жана авторлор Бектемир Жумабаев, Памирбек Казыбаев, Акматбек Маматкаимов. – Бишкек: Маданият, 2012. – 240 б. - ISBN 978-9967-26-864-7.

Илимий жана илимий-популярдуу макалаларынан:

Жумабаев Б. М. Чоң Алайдын кыскача тарыхы // Чоң Алайдан чоң ааламга: Тарых, фольклор, адабият, маданият боюнча илимий-популярдуу жыйнак / Түзүүчүлөр жана авторлор Бектемир Жумабаев, Памирбек Казыбаев, Акматбек Маматкаимов. – Бишкек: Маданият, 2012. – 240 б. - ISBN 978-9967-26-864-7. – Б. 15-30.

Жумабаев Б. Батыштан Азиянын жүрөгүнө чейин // Кыргыздар / Түзгөн Кеңеш Жусупов. – Бишкек, 2003. – Т. 5. – 289-298-беттер.

Жумабаев Б. М. Батыштан Азиянын жүрөгүнө чейин: (Свен Гедин жана кыргыздар) // Чоң Алайдан чоң ааламга: Тарых, фольклор, адабият, маданият боюнча илимий-популярдуу жыйнак / Түзүүчүлөр жана авторлор Бектемир Жумабаев, Памирбек Казыбаев, Акматбек Маматкаимов. – Бишкек: Маданият, 2012. – 240 б. - ISBN 978-9967-26-864-7. – Б. 31-39.

Жумабаев Б. М. Орус саякатчылары кыргыз этнографиясы жөнүндө // Чоң Алайдан чоң ааламга: Тарых, фольклор, адабият, маданият боюнча илимий-популярдуу жыйнак / Түзүүчүлөр жана авторлор Бектемир Жумабаев, Памирбек Казыбаев, Акматбек Маматкаимов. – Бишкек: Маданият, 2012. – 240 б. - ISBN 978-9967-26-864-7. – Б. 40-49.

Жумабаев Б. М. Абдылдабек жана анын мезгили // Ала – Тоо. - 1990. - № 10.

Жумабаев Б. М. Элдик ооз эки чыгармалар Чыгыш Түркстан аймагында жашаган кыргыздардын тарыхы боюнча тарыхый булак // Источники: история и перспективы изучения. - Бишкек, 2003. - 53–59-бб.

Жумабаев Б. М. Традиционная скотоводства кыргызов Памиро - Алая (втор. пол. XIX в.) // Власть и общество. – Абакан, 2003. - С. 263 – 266.

Жумабаев Б. М. Историческая география Кыргызстана в истории Российской науки // Актуальные проблемы истории Саяно–Алтая и сопредельных территорий. – Абакан, 2004. - С. 180 - 184.

Жумабаев Б.М. - Кыргыз-кытай достук дипломатиялык мамилелеринин башаты (IX к.) // Улуу Кыргыз Кагандыгынын түзүлгөндүгүнүн 1170 жылдыгына арналган «Кыргыз кагандыгы түрк цивилизациясынын алкагында: Кыргызтаануу маселелери» аттуу эл аралык илимий конференциянын материалдары: (2012-жылдын 15-16-ноябры). 1-бөлүм. / Редколлегия: С. А. Раев (төрага), Б.М.Жумабаев, Т.К.Чоротегин, А.Р.Бикбулатова (катчы), ж.б. – Бишкек: Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, 2012. – ISBN 9967-21533X. - Б. 33-35.

Жумабаев Б.М., Дехконов Н. Полуоседлое население Таджикистана и Кыргызстана в побережной части реки Сырдарьи // Улуу Кыргыз Кагандыгынын түзүлгөндүгүнүн 1170 жылдыгына арналган «Кыргыз кагандыгы түрк цивилизациясынын алкагында: Кыргызтаануу маселелери» аттуу эл аралык илимий конференциянын материалдары: (2012-жылдын 15-16-ноябры). 2-бөлүм. / Редколлегия: С. А. Раев (төрага), Б.М.Жумабаев, Т.К.Чоротегин, А.Р.Бикбулатова (катчы), ж.б. – Бишкек: Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, 2013. – ISBN 9967-21533X. - С. 206-210.

Б. М. Жумабаев илимий жетекчилик кылган окумуштуулар:

Ахметова Ш. К., Жаныкулов Е. Ж., Майманов Г. К., Маматкаимов А. А., Махмутбекова М., ж.б.

Интернеттеги айрым шилтемелер:

http://www.facebook.com/Kyrgyz.Taryh.Koomu

http://www.kyrgyztuusu.kg/maaniluu-maek/4420-kyrgyz-k%D1%94%D1%94n%D1%94-taryhyn-jazaly.html

http://who.ca-news.org/people/1096

http://www.azattyk.org/archive/ky-news/20140116/828/828.html?id=25232007

http://www.azattyk.kg/content/kyrgyzstan_islam_tradition_discussion_opinions/24249068.html?page=7

http://www.university.kg/index.php?option=com_kunena&Itemid=292&func=view&catid=42&id=83&lang=kg

http://ktrk.kg/ky/content/bektemir-zhumabaev-akyrky-saparga-uzatyldy

http://ktrk.kg/ky/content/professor-bektemir-zhumabaev-mezgilsiz-duyno-saldy

http://maralfm.kg/kabarlar-news/kush-kabarlar/9412-zhumabaev-bektemir-mitalipovich-dujno-saldy.html

http://shookum.kg/bektemir-zhumabaev-uluttar-aralyk-sayasatty-t-kyldat-zh-rg-z-kerek/

http://www.centrasia.ru/person2.php?&st=1100508947

http://kg.akipress.org/news:590727

Шаннанова Э. Б.,
маркум Б. М. Жумабаевдин жесири

БЕКТЕМИРДИ КАДЫРЛАГАН ЭЛ-ЖУРТКА ЫРААЗЫБЫЗ

Мен Бектемир менен 1985-жылдын жаңы жылында таанышканмын. Экөөбүз 1986-жылдын март айында баш коштук. Анда Бектемир Кыргыз ССРинин Министрлер Кеңешинин алдындагы социология бөлүмүндө жөнөкөй кызматкер болуп иштечү. 1988-жылы өзү окуп бүткөн Кыргыз улуттук университетинин тарых факультетине кирип, окутуучу болуп иштеп калды.

Бектемир үй-бүлөдө ата катары да, жубай катары да, аябай жакшы инсан эле. 1987-жылдын 7-февралында тун кызыбыз Асел, 1988-жылдын 19-июлунда экинчи кызыбыз Айдай төрөлдү. Кыздарын өтө жакшы көрчү. Бектемир экөөбүз 2006-жылы 16-мартта уулдуу болдук. Атын Жэбе койгон. Азыр 2-класста окуп жатат.

Андан кийин 1996-жылы азыркы парламентке, Абдыганы Эркебаев акебиз спикер болуп турган убакта спикердин жардамчысы, бир жылдан кийин 1997-жылы Жогорку Кеңештин каттарды жана арыздарды кабыл алуу бөлүмүндө (отдел писем и жалобов) жетекчи болуп иштейт. Ал жерде Турдакун Усубалиев, Медеткан Шеримкулов, Апсамат Масалиев өндүү атактуу кишилер менен иштешип, мамилелеш болуп калат. Андан кийин 1998-жылдан тартып Эшенаалы Арабаев атындагы КМУнун алдында ачылган Чыгыш таануу институтунун деректири болуп көп жылдар бою иштеди.

1994-жылы кандидаттык диссертациясын коргоп, тарых илимидеринин кандидаты, андан соң доцент наамын алды. КР Билим берүү министрлигинен "эл агартуунун отличниги" наамын дагы алган. Андан кийин бир жыл докторантурада

жүрүп, 2010-жылы доктордук диссертациясын жактап, 2014-жылы профессор болгон.

2008-жылы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана Чөлкөм таануу факультетинин деканы болуп дайындалып, кийин бул кызматка шайланат. Өмүрүнүн акырына чейин өзү эмгектенип иштеген факультетин көп жетишкендиктерге жеткирди. Өзү менен бирге иштешкен агай-эжелер, жаш окутуучулар - баары Бектемирди сыйлап, урматтап, жакшы көрүшчү экен. Факультет университетте өткөн факультеттер аралык кандай гана конкурс болбосун, дайыма ийгиликтерге жетишип, "булбул факультет" деген лакап атакка дагы ээ болгон дешет.

Бектемир кандай кечеде отурса да, мейли, достору мененби, мейли, кесиптештери мененби, айтор, дагы бир өнөрүн көрсөтүп, жакшы ырдачу. Өзүнүн жактырып ырдаган классикалык ырлары бар болчу. Үйдө да достору келип калганда ырдап олтурушчу.

Бектемир экөөбүздүн 30 жылдык үй-бүлөлүк турмушубузда, Бектемирдин аябай жакшы киши болгондугунун аркасында биз көптөгөн досторду, тааныштарды, ага-ини, курбуларды таптык.

Ал досторунун көпчүлүгү азыр кыргыз элине таанымал окумуштуулар, профессорлор, депутаттар, министрлер, ректорлук кызматка чейин жетишип, ар кызматты аркалап келишүүдө. Устаттарынын арасында айтылуу тарыхчы Кушбек Үсөнбаев, академик Абдыганы Эркебаев, археолог Ысман Кожомбердиев, профессорлор Эгемберди Маанаев, Ташын Кененсариев, Токторбек Өмүрбеков, журналист Памирбек Казыбаев, ж.б. бар эле.

Үзөңгүлөш, дос, пикирдештеринин арасында - Султан Раев, Маматалиев Абдрахман (вице премьер министр) - аке досу жана жердеши, Абдрахманов Төлөбек – КМУнун ректору, Кыргызбай Осмонов - Кыргыз улуттук филармониясынын мурдагы жетекчиси, тарыхчы илимпоздор

Тынчтыкбек Чоротегин, Кыяс Молдокасымов, Олжобай Каратаев, Мурат Кожобеков, Шайыр Батырбаева... Айтор, санай берсем, айта берсем, Бектемир байлык, бийлик топтобостон, өзүнүн 54 жылдык өмүрүнүн акырына чейинки зор байлыгы – досторду, пикирдештерди топтогондугу болгон экен.

Мага да көп айтчу: "Досторумду жакшы сыйлагын, адамдын башына эмнелер гана келбейт, ошол учурда достор, бир туугандарың жардам берет" деп. Мен өзүм жогорку билимдүү болгонума карабай, үйдө отуруп, Бектемир ээрчитип, конок болуп келип калган урук-туугандарын, досторун үйдөн досторконумду жайып күтүп алып турчумун. Биздин үйгө мен айткан достордон сырткары Хакасиядагы кесиптеши В.Я.Бутанаев, Новосибирскиден – Ю.С.Худяков, Алматыдан, Астанадан көп келип кетишчү.

Кыргызстандын төрт бурчунан келген классташтары менен курсташтарынын баары биздин үйгө келип, бир күн болобу, эки күн болобу, мейман болуп кетишчү. Кокусунан келген кайгыдан, врачтардын кетирген кемчилигинин айынан мен жана анын жакындары Бектемирден айрылып калдык...

Мен Бектемир каза болгон күнү аябай катуу кайгырып, эмне кылаарымды билбей калганымда ошол учурда мага достору, жердештери, туугандары, санаалаштары чоң жардам беришти, көмөк көрсөтүштү. Менин Бектемирим айланасына ушунчалык көп жакшы адамдарды топтогон экен, алар кичинекей үйүмө келип, көчөбүзгө эл батпай кетти. Бүт Кыргызстан боюнча, Бишкек шаарында Бектемирди тааныгандардын баары узатып кетишти.

Мен биринчи кезекте биздин эң жакын досторубуз, 30 жылдан бери бир туугандай болуп калган беш досуна - Кушубеков Алымбек, жубайы Нүргүлгө, Кыяс Молдокасымов, жубайы Гүлнарага, Орунбаев Абалкан, жубайы Мээримге, Абдиев Жээнбек, жубайы Раяга, жана маркум Чыныбаев Билалдын жубайы Калия менен уулу

Чынасылга, - Сиздерге үй-бүлөмдүн атынан чоң ыраазычылыгымды билдиргим келет. Бүт баардык жагынан ойдогудай тейлеп жүрдүңүздөр!

Андан тышкары Тынчтык Чоротегинге, "Доор аяны" көрсөтүүсүнүн автору Султан Абдыракмановго, маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнө жардам бергендиги үчүн ыраазылык айтам. "Дасмия" ресторанындагы бүт нерсенин баардыгын өз мойнуна алган инилери Аккулу, Жаныбек Бокоев, Алайбек Шамшиевдерге, инилери Акматбек, Тилек, Сыймык, Туратка жана КУУнун тарых жана чөлкөм таануу факультетинин жалпы жамаатына өзгөчө ыраазымын.

Ошондой эле Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин мурдагы ректору Исамидинов Искендер Чоңмуруновичке үй-бүлөбүздүн, туугандарыбыздын атынан чоң ыракматыбызды айтабыз. Ал агайыбыз жана ректорат маркум Бектемир өзү иштеп эмгектенип келген университетте акыркы сапарга узатуу иш чарасын уюштуруп бергенине абыдан ыраазыбыз.

Бектемир Чоң-Алай районунун интеллектуалдык мээнети менен калың элге таанылган кулуну болгондуктан, ага "Чоң Алайдын атуулу" деген наам беришкен. Азыркы учурда жердештери Чоң-Алайдын Дароот-Коргон айылында бир көчөнүн атын беребиз деп жатышат. Андан тышкары Дароот-Коргондо тарыхый коргону бар чептин ичине атайын музей куруп, аны Бектемир Жумабаев атындагы музей деп атаганы жатышат. Мен Бектемирдин айылдаштарына, жердештерине, айыл аксакалдарына, мектеп жамаатына, Чоң Алайдын акимине, жергиликтүү депутаттарга терең ыраазычылык билдирем жана Бектемирдин ысымын түбөлүккө калтыруу жолдорун иштеп чыгуу жагынан алардын болочокку көмөгүнө да ишеним артам.

Бектемир! Мен, жубайың Эркингүл Бекмаматовна Шаннанова, буюрса, сен калтырган илимий иштериңди жарыкка чыгарып, баалуу китептериңди болочокку музейге

өткөрүп беремин. Артында калган уулуң Жэбеге жана болочокку неберелериңе, кудай буюрса, мыкты таалим-тарбия берип, келечекте "Бектемирдин татыктуу урпағы тура" дегендей кылып өстүрүп, окутуу үчүн бар күчүмдү жумшаймын.

Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун!

Бул чакан эскерүүмдү сүйүктүү жубайым, Бектемир Жумабаевдин элесине, алкышымды анын замандаштарына арнаймын.

Миталипова М. М.,

Маркум Б. Жумабаевдин эжеси

ЭЛЕСИҢЕР ДАЙЫМ ЭСТЕ

Бул жалган дүйнөдөн кимдер гана өтпөгөн кара жер жакшыны да жаманды да койбойт тура. Бирок аттиң бүткүс, түгөнгүс арман сенден күтүүсүз айрылдык, эрте кеттиң бир жолу ооруп жаздыкка башыңды койсоң мынчалык күйбөйт белек...

Бир туугандарым, боорлорум жөнүндө эскерүү жазуу жана айтуу өтө оор. Анткени алар асыл бир тууганыбыз, таянар тообуз, жөлөнөр түркүгүбүз, сыймыгыбыз элеңер.

2014-жылдын 16-январы каргашалуу, караңгы түн түшкөн күн болду. Уккан кулакка ишенбей, жан дүйнөбүз жанчылып боорубуз ачууга тилинип, бүт дүйнөдө кыямат кайым болгондой боздоп калдык. Өлүмдөн өткөн ачуу азап жок турбайбы. Ажалга айла жок экен. Алла жакшы көргөн пендесине чектеп өмүр берип, бул жалган дүйнөдөн чын дүйнөгө эрте алып кетет деген сөз чын окшойт.

Анткени сен күч кубатың, акыл-оюң, адамдык бийик асыл сапаттарың, илимге болгон шык дараметиң ашып, бышып турган чагыңда кайтпаска кетишиң бир

туугандарыңды эле эмес, сени таанып билген, урматтап сыйлаган адамдардын, жалпы эле кыргыз элинин оор жоготуусу болду.

Тагдырдын жазылышы ушуну менен эле токтоп калбады. Сени жоготуу, сенден айрылууга дуушар болгон бир боорун Акматали күйүттөн жүрөк оорунун айынан артындан 49 жаш курагында кете берди. Каргашалуу ажал ушундай үй бүлөсүнө, бир туугандарына, досторуна күйүмдүү, боорукер, жакшылыгын эч кимден аябаган мырза жигиттер, ата ордуна ата болгон эки бирдей бир тууган боорубуздан айрыды.

Кантели, тилегибиз кабыл болбоду. Силер барда дүнүйөбүз түгөл, эч нерседен кем болбогон, бактылуу күндөр экен. Азыр төрүбүз бош, үйүбүз ээн, алган жарыңар, аялуу акак уулуңар, чолпондой кыздарыңар, сай сөөгү сыздаган бир туугандарыңар калды.

Мына 2015-жыл да кирип келе жатат. Тун кызың Асел турмушка чыккан, неберелүү болдуң. Акан уулуң, Адилет, окуусун бүтүп, дипломго ээ болду. Ушундай күндөрдө бала бакыраңар, бир туугандарыңар менен бирге кубанычтын кучагында, балдар кыздардын жакшылыктарында төрдө калдайып отурсаңар болбойт беле.

Бирок мен үчүн Бекем дале тирүү илим улап, изилдеп бирде Азербайжанда, Арменияда, Казакстанда же Москвада жүргөндөй эле сезиле берет.

Бекен, сенин жашап өткөн өмүрүң бизге өрнөк. Бир туугандарыңды уул кыздарыңды, окуткан студенттериңди туура жолго үндөп, коомдо татыктуу орун алышына себепкер болгон соопкер адамсың. Сен артыңдан кыргыздын көптөгөн уул кыздарын ээрчитип илимдин кандиттары кылып даярдадың. Сенден алган билимдерин пайдаланып, сен сен аткара албай калган ой тилектериңди шакирттериң улантаар. Жер үстүндө кыргыз эли эсен турса сенин таржымалың тарых болуп, илимий иштериң, жазган эмгектериң, тарбиялаган

Окумуштуу деп турсун элиң эскерип,
Окушсун деп жазган китеп эстелик.
Өлгөн жоксуң Чоң-Алайдын атуулу!
Өчпөс элес турсун бизге дем берип.

Кошок ордуна!

Басканы сулуу маралдай эле,
Чалкыган деңиз аралдай эле,
Атыңы улап артында уулу,

Атадай тарых жазылган эле,
Атагы алыс билимдүү эле,
Ага-иниге күйүмдүү эле,
Жүрөгү күндү түнөтүп, аттиң,
Кары бир жашка жугумдуу эле...

МАЗМУНУ

АЛГЫ СӨЗ 3

ЧОРОТЕГИН Т. К.
БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВ (1960 – 2014): ШООЛАСЫН ЧАЧКАН ЗАМАНБАП ТАРЫХЧЫНЫ ЭСКЕРҮҮ 3

ЭРКЕБАЕВ А.
АЙКӨЛ ЖИГИТ ЭЛЕ... 17

АШИРАЛИЕВ А., МИЗАМОВ Ф., ... 19
АР ДАЙЫМ ЭЛЕСИ ЖҮРӨГҮБҮЗДӨ 19

ЭСКЕРҮҮЛӨР ЖАНА МАКАЛАЛАР 21

АБДИЕВ Ж.,
БЕКТЕМИР ЧЫНЫГЫ АСЫЛ ДОС ЭЛЕ..... 21

АБДЫРАКМАНОВ С.
АКЫРЕТИҢ АБАТ БОЛСУН, БЕКЕ 22

АЛЫМКОЖОЕВ Ө. Ж.
БЕКТЕМИР АГАЙ КЕМЕНГЕР ЖЕТЕКЧИ ЭЛЕ... 24

АЛЫМКУЛОВА С. К.
СВЕТЛОЙ ПАМЯТИ БЕКТЕМИРА МИТАЛИПОВИЧА 26

БЕДЕЛЬБАЕВ А., ... 29
ТАРЫХ ИЛИМИНЕ ЖАНА ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛООГО ЧОҢ САЛЫМ КОШКОН БЕКТЕМИРДИН КЫСКА ӨМҮРҮНӨ БИР СҮРТҮМ..... 29

БИКБУЛАТОВА А. Р.
БЕКТЕМИР АГАЙ ЖАНА ЖЕБЕ..... 32

БӨКӨШОВ Ж.
МЫЙЗАМ ЖАНА ТАРЫХ 35

БУТАНАЕВ В. Я. (АСТАЙБЕК)
БЕКТЕМИРДИН ЭЛЕСИ АР ДАЙЫМ ЖҮРӨГҮМДӨ САКТАЛАТ... ... 38

ДҮЙШЕЕВ Ж. А.
УСТАТ-ШАКИРТ: КУШБЕК ҮСӨНБАЕВ ЖАНА БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВ 40

ЖАКЫПБЕКОВ Ж.
АЛАЙДЫН “АК КӨЗ БҮРКҮТҮ” ЭЛЕ! 45

ЖАЛИЛОВА Г. А.
БЕКТЕМИР АГАЙДЫ ЭСКЕРҮҮ 49
ИСАБЕКОВА М. И
АНЫН ЖАРКЫН ЭЛЕСИ ЖАНА ЖАЗГАН ЭМГЕКТЕРИ
УНУТУЛБАЙТ 50
КАПАЛБАЕВ О. Э.
БЕКТЕМИР АГАЙ, ЧЫНЫГЫ МЫРЗА ЭЛЕ... 52
КАРАТАЕВ О.
БЕКЕМИН ЖАРКЫН ЭЛЕСИ ЖҮРӨГҮБҮЗДӨ ТҮБӨЛҮК
САКТАЛАТ 58
КЕНЕНСАРИЕВ Т.
ЧЫГААН ОКУМУШТУУ БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВ ЖАНА
ГЕОСАЯСАТТЫК "ЧОҢ ОЮН" МАСЕЛЕСИ 61
КОЖОБЕКОВ М. Ч.
БИЗДИН БЕКЕ 78
КУШУБЕКОВ А. Т.
ДОСУМ БЕКЕ 80
КЫЛЫЧЕВ А.
ТАРЫХЧЫ-ОКУМУШТУУ Б. ЖУМАБАЕВДИН ЖАРКЫН
ЭЛЕСИНЕ 81
МАМБЕТОВА К. М.
БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВДИН ЖАРК ЭТКЕН ЖАРКЫН ЭЛЕСИ
ЖӨНҮНДӨ 84
МАМБЕТТУРДУ МАМБЕТАКУН
БЕКЕМДИ ЭСКЕРЕМ 85
МОЛДОКАСЫМОВ К.С.
ДОСУБУЗ АР ДАЙЫМ БИЗДИН АРАБЫЗДА 86
МОМБЕКОВА Ж. К.
ЭСТЕН КЕТКИС ЭЛЕСТЕР 91
РАЕВ С.
"СЕН МЕНИ ЭСТЕДИҢБИ, МЕН ДА СЕНИ..." 93
СМАДИЯРОВ С.
УЛУУ – КИЧҮҮГӨ БИРДЕЙ ЭЛЕ 95
СЫРДЫБАЕВ Т. Т.
ПАМЯТИ БЕКТЕМИРА МИТАЛИПОВИЧА ЖУМАБАЕВА 96

ТАБАЛДЫЕВ К.
БЕКТЕМИР – КЫРГЫЗДЫН БЕРЕНИ ЭЛЕ! 98
ТӨРӨЕВ М. С.
ЖУМАБАЕВ БЕКТЕМИР МИТАЛИПОВИЧТИ ЭСКЕРҮҮ 100
ТУЙГУНОВ Н.
БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВ ЖӨНҮНДӨ ЭСКЕРҮҮ 102
ЧАРГЫНОВ Т. Т.
ЗАЖИГАЛ ОГОНЬ В СЕРДЦАХ ЛЮДЕЙ 105
ШЕЙШЕКАНОВ Т. Б.
БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВ – ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮР ӨТӨГӨН 106

БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВДИН МУРАСЫ

ЧОҢ-АЛАЙДЫН КЫСКАЧА ТАРЫХЫ 111
БАТЫШТАН АЗИЯНЫН ЖҮРӨГҮНӨ ЧЕЙИН 136
ОРУС САЯКАТЧЫЛАРЫ КЫРГЫЗ ЭТНОГРАФИЯСЫ
ЖӨНҮНДӨ 148
БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВ: "УЛУТТАР АРАЛЫК САЯСАТТЫ
ӨТӨ КЫЛДАТ ЖҮРГҮЗҮҮ КЕРЕК" 160
МИСМИЛДИРИК: КАНАБАЙРАМДЫН КАРТТАНГАН ЖАРАСЫ ... 165
АСАНОВ М. Б.
ПРОФЕССОР БЕКТЕМИР ЖУМАБАЕВДИН (1960-2014)
ЭМГЕКТЕРИНИН КЫСКАЧА ТИЗМЕСИ 170
ШАННАНОВА Э. Б.
БЕКТЕМИРДИ КАДЫРЛАГАН ЭЛ-ЖУРТКА ЫРААЗЫБЫЗ 174
МИТАЛИПОВА М. М.
ЭЛЕСИҢЕР ДАЙЫМ ЭСТЕ 178
ЖУМАБАЕВА Л. 180

Текке кетпес өмүр бар: Тарыхчы, профессор Бектемир Жумабаевдин (1960 - 2014) жаркын элесине: Макалалар жыйнагы / Редколлегия: Т. К. Чоротегин (төрага), А. Эркебаев, ж. б. - Бишкек: "Maxprint" басмасы, 2014. – 188 + viii б., сүрөт. - "Мурас" фонду. - ["Тарых жана мурас" түрмөгү].

ISBN 978-9967-12-455-4

Есть жизнь, прожитая не зря: Светлой памяти историка, профессора Бектемира Жумабаева (1960-2014): Сборник статей / Редколлегия: Т. К. Чоротегин (председатель), А. Эркебаев, и др. - Бишкек: Издательство "Maxprint", 2014. – 188 + viii с., илл. – Фонд "Мурас". – [Серия "История и наследие"].

ISBN 978-9967-12-455-4

Life Lived Not In Vain: In Memory of Professor Bektemir Jumabaev (1960-2014): Collection of Articles / Editorial Board: T. Chorotegin (Chairman), A. Erkebayev, etc. – Bishkek: Maxprint Printing House, 2014. - 188 + viii pages, ill. – The "Muras" Foundation. – [History and Heritage Series].

ISBN 978-9967-12-455-4

Жооптуу редактор: Т. К. Чоротегин
Редакторлор: К. С. Молдокасымов, В. Ибраева, А. Р. Бикбулатова, Ө. Алымкожоев, С. Капалбаева, А. Т. Кадырова
Мукабасын даярдаган: У. Б. Найманалиев

Форматы: 60x84/16. Офсет кагазы.
Көлөмү: 11,8 б.т. Нускасы: 200

«Maxprint» басмасында басылды.

Адрес: Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114,
720045, Кыргыз Республикасы
Тел.: (+996 312) 36-92-50, e-mail: maxprint@mail.ru